Сааданбекова Ч. И.

# СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЖАКТАН АЯЛ ФЕНОМЕНИНИН БОЛУМУШУНУН НЕГИЗДЕЛИШИ

БИШКЕК 2011

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

УДК 316.3/4
ББК 60.55
С 14

**Рецензенттер:**
О. А. Тогусаков, филос. илим. доктору, мүчө- корреспондент
Э.И. Исмаилова, филос. илим. доктору, профессор

**Сааданбекова Ч. И.**
**С 14** Социалдык-философиялык жактан аял феноменинин болумушунун негизделиши. – Б.: Ж. Баласагын атынд. КУУ, 2011. – 144 б.
Жооптуу катчы: А.А.Айтбаев, ф.и.д. профессор

**ISBN 978-9967-02-678-0**

Монография аял феноменин социалдык-философия тармагынан, аялдардын көйгөлөрүн изилдөөгө методологиялык принциптерди, салттык мамилелердин инструментарийлерин жана гендердик мамилелерди пайдалануунун негизинде анализдөөгө арналган. Бул эмгекте аял феноменин болумушунун жана коомдук өзгөрүлөр шарттарында аялдардын багыт алуусунун өзгөчөлүктөрү, ошондой эле реформаланган коомдо аялдардын өнүгүүсү үчүн коомдук саясаттын негизги усулдары жана багыттары иштелген.

Бул эмгек студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга жана жогорку окуу жайларынын окуутучуларына багытталган. Ошондой эле, аялдар маселесине жана коомдогу жыныстардын өз-ара мамилелерине кызыккандарга, республикабыздагы гендердик абал жөнүндөгү изилдөөлөрдүн багытын аныктоодо, социалдык философия темасындагы, маданият таануу, психология, этика сабактарын өтүүдө кызыктуу идеялардын жана материалдардын пайдалуу булагы боло алат.

С 0302030000-11
ISBN 978-9967-02-678-0

УДК 316.3/4
ББК 60.55
© Сааданбекова Ч.И., 2011

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

*Ушул китепти атам Идириске жана апам Бүбүкалыйчага арнайм*

# КИРИШ СӨЗ

Аялдар феноменин философиялык маселе катары изилдөөнүн орчундуулугу алардын калктын санын көбөйтүүдөгү функциясынын өзгөрүшү жана аялдын өз тагдыры жана эркин коомдогу өз затына туура келген чыныгы ордун түшүнгөндүгү менен шартталган. Ошондой эле, азыркы коомдо өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодогу аялдын таасирдүү жаңы орду, алардын билим деңгээлинин жогорулугу жана социалдык-саясый чөйрөдөгү иштерге жигердүү катыша баштагандыгы менен түшүндүрүлөт. Жалпысынан аялдар феномени, тактап айтканда, анын гуманисттик идеяларды ишке ашырууга умтулган коомдогу орду жана тагдыры жетиштүү түрдө терең изилдебеген. Кеңештер идеологиясынын таасири алдында жыныстардын теңдик идеясы мифке айланып калган.

Гендердик тең укуктуулукту көздөгөн аялдын өнүгүүсүн гуманисттик багытта өркүндөтүүгө коомдук муктаждык бар. Ушуга байланыштуу, мурун биротоло чечилип, чекит коюлган катары каралып келген аялдардын табийгаты жөнүндөгү көз караштарды, аялдын жашоодогу жаңы тажрыйбасынын негизинде кайрадан карап чыгып, жаңыча баа, жаңы маани берүүнү талап кылат. Коом, аял адамзаттын тукум улоодогу милдеттерине жана жашоону эмгек менен жаратуусуна керектүү шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү. Бул муктаждыктарды канааттандыруудан улам аялзатынын социалдык-саясый жигердүүлүгүн, коомдогу аброюн, жаш муундарды тарбиялоодогу милдеттерин маанисин түп-тамырынан бери өзгөртүү зарылдыгы келип чыгат. Жана дагы, жогорудагы көрсөтүлгөн шарттарды аткаруу - экономикалык, социалдык, саясый жана руханий байланыштардын деңгээли менен аныкталат, ошондуктан аялдар маселеси эң курч көйгөйлөрдүн катарына кирет. Аялдардын жашоо жана эмгек шарттары

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

олуттуу көңүл буруугa жана жакшыртууга муктаж; гумандуу, эркин, демократиялык коомго жогорку билимдүү, көз карандысыз, чыгармачыл жана жаратуучу аял керек.

Аялдарды өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары иш аткаруусу көрүнүш катары кабыл алып, алардын сапаты өзгөргөн экономикалык системадагы, коомдук-саясый жашоодогу, үй-бүлөөлүк турмуштагы ордун тактап, бул топтун тенденцияларын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн таап, ар тараптуу талдоо жүргүзмөйүн, коомдун өзүнүн маңыздык өзгөчөлүктөрүн так аныктоо толугу менен мүмкүн эмес.

Ушунун баары “аялдар” деп аталган маселенин мындан ары дагы тереңдетип жана кеңейтип изилдөө зарыл иш экендигин далилдеп турат. Аялдар көйгөйү цивилизациялар туңгуюкка такалып, пайда болгон көйгөйлөрдү орун алган түшүнүктөрдүн жана нормалардын алкагында чече албай калган учурларда орчундуу болуп чыга келет.

Аялдардын коомдогу ар кыл чөйрөдө алган ордуна болгон кызыкчылык кур жерден келип чыккан эмес, анткени аял менен коом бир бүтүн, анын бөлүгү. Өлкөдөгү болуп жаткан кескин өзгөрүштөр тигил же бул жагынан өзгөчө жана карама-каршылыктуу катары мүнөздөлгөн “аялдар маселесине” өз таасирин тийгизет. Анын маңызы биримдик жана карама-каршылыктардын күрөшүү мыйзамы, бир эле убакытта, аялдын жумушчу жана эне, жашоо берекесин жаратуучу жана балдардын тарбиячысы милдеттерин аткаруусу менен аныкталып, ал эми чечилиши социалдык шарттар менен шартталган. Аялдарга болгон мамиле - улуттун цивилизацияга жетишкендигинин көрсөткүчү, коомдогу маданият деңгээлинин барометри. Аялдар маселеси аркылуу эркин экономикалык мамилелердин тереңдиги, коомдун демократиялык деңгээли, калктын болуп жаткан өзгөрүүлөргө болгон ылайыкташуусу жөнүндөгү тыянактарды чыгарса болот. Аялзаты Батышта дисциплина аралык жана маданияттар аралык изилдөөлөрдүн эң башкы каарманы. Ошондуктан, чет-өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн чогулткан теоретикалык жыйынтыктарды көңүлгө албастан аялдар маселесин изилдөө мүмкүн эмес.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Экономикалык өндүрүш чөйрөсүндөгү маселелерди кароо кокусунан болгон иш эмес, анткени так ушул чөйрөдө жыныстардын социалдык абалындагы эң кескин өзгөрүүлөр орун алган, так ушул чөйрө, башка чөйрөлөр көргөзө албагандай, аялдардын абалынын өзгөрүү динамикасын так көргөзө алат. Бул чөйрөдөгү аялдар маселеси абдан курч жана маанилүү болуп калды: алардын тапканы (изилдөөлөрдүн корутундусуна ылайык 1/3 пайызга төмөн), башкаруучу орундардагы ээлегендердин саны салыштырмалуу түрдө аз. Үй турмушундагы, үй оокаттарын кылуу жана бала багуу иштериндеги теңсиздик жоюлган эмес. Алардын ийнине "эки эсе", кээ бир учурларда "үч эсе" (кошумча экономикалык иш-аракет кылган учурларда – жумушка чыгуу ж.б.) көп түйшүк артылган жана мындай оор түйшүк аялдарды коомдук өндүрүшкө кеңири тартууга мүмкүнчүлүк бербейт. Жаңы экономикалык шарттарда мурунку чечилбей келген көйгөйлөр жаңылары менен толукталууда. Булардын катарына ишсиздик жана жумушка орношууга байланыштуу кыйынчылыктар кирет. Аялдардын атаандаштык кылуу мүмкүнчүлүгү төмөн болгондугу жана алардын жумуш орду үчүн жогорку "социалдык" бааны төлөгөндүгү, алардын үй-бүлө алкагына сүрүлүп чыгышы, төлөнгөн жөлөк пулдардын жетишсиздигинен энелерди социалдык коргоонун төмөндөшү, мектепке чейинки жана орто мектептеги тарбия берүү системасынын коммерцияланышы, жашоо деңгээлинин жалпы төмөндөшү, ушунун баары жумуш маселесин аялдар үчүн өтөө оор кылат. Аялдын реформаланып жаткан чөйрөгө ылайыкташуусу эң негизги көйгөй болуп калууда: алардын жаңы социалдык өзүн-өзү таануудагы изденүүлөрү, калыптанып жаткан эркин экономикалык мейкиндиктеги социалдык иерархиядагы өз ордун табуу, мурунку түзүлүштүн, максаттардын, жашоо баалуулуктарынын, жүрүм-турумдун үлгүлөрүнүн жаңылануусу. Байыркы заманда Платон жана Аристотель аял менен эркектин "табийгаты", алардын психологиялык, логикалык, жан-дүйнө

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү, коомдогу аял менен эркектин ордунун бөлүнүшү жөнүндө суроолорду изилдешкен[1]. Демократиялык идеология менен "ой- жүгүртүүгө жөндөмдүү жана адеп жөнүндө түшүнүктөрү бар" жандык катары эсептелген аялдардын чыныгы турмуштагы укуктарынын ортосундагы карама-каршылыктарды Ж. Н. де Кондорсе 1787 - жылы белгилеген.

XIX кылымда аялдын коомдогу, үй-бүлө түзүүдөгү ордун, экономикалык жана бийлик мамилелерин маңызын тарыхчылар, этнографтар, социализмдин теоретиктери, социологдор тарабынан изилденген. Алардын арасында Ф. Энгельс, А. Бебель, Д. Милль[2]. XIX-XX кылымдардын чегинде жыныс, нике, үй-бүлөө, ургаачылыкты руханий баштап катары орус диний ойчулдары С. Соловьев, Н. Бердяев, В. Розанов тарабынан изилдөөгө алынган[3]. А. Шопенгауэр, Ф. Ницше, О.Вейнингер тарабынан айтылган шылдыңдуу сөздөр аялдар маселеси жөнүндөгү талкуулардын жандануусуна жана тереңдешине алып келген[4]. Психоанализдин өкүлдөрү: З. Фрейд, К. Юнг, К. Хорни, Э. Фромм тарабынан дагы талаштуу, бирок талкууларды жандандырган аялдар психологиясын, жыныстар күрөшүнүн, жыныстык өзүн-өзү таануунун, эркек жана аял, эркек жана аял инсанатынын генезиси жөнүндөгү ойлор айтылган[5].

С. Голод, А. Харчева, Т. Машика, И. Кона, Н. Римашевской, А. Посадскаянын эмгектери үй-бүлөө, анын туруктуулугу, динамикасы, аялдын үй-бүлөөдөгү милдеттери, алардын кесиптик жумушутары, саясый аң-сезими, никенин укуктук жана

[1] Аристотель. Политика. М.: Мысль, 1983.; Платон. Соч., Т.3. Ч. 1. – М., 1971.
[2] Энгельс Ф. Происхождение семьи, частной собственности и государства: В связи с исследованиями; Льюиса Г. Моргана. – М.: Политиздат, 1989.; Бебель А. Женщина и социализм. – М., Госполитиздат,1959 Милль Д. С. Порабощение женщины//Феминизм: проза, мемуары, письма. – М.:Прогресс,1992;.
[3] Соловьев В.С. Смысл любви. //Семья – М.1990. Т.2.; Бердяев Н. Судьба России. – М.,1918; Розанов В. Уединенное. – М.: Современник, 1991.;
[4] Шопенгауэр А. Мир как воля и представление. – М., 1992.; Ницше Ф. По ту сторону добра и зла. – Соч. В 2-х т., Т.2. – М.: Мысль,1990.; Вейнингер О. Пол и характер: принцип. исследование. М.: Изд. Центр – Терра,1992.
[5]Фрейд З. Введение в психоанализ. Лекции. – М.: Наука, 1989. ; Юнг К. Сознательное и бессознательное. – Спб., 1997.; Хорни К. Женская психология. – Б-ка психоаналит. Лит-ры.Т.1. – С.Пб.: Вост.-Евр. Ин-т психоанализа, 1993.; Фромм Э. Здоровое общество. /Мужчина и женщина. – М., 1998.;

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

моралдык тараптарына, ажырашуу, никедеги жана никеге чейинки мамилелерге арналган. Алар аялдын кулк-мүнөзүнүн жана алардын социалдык талаптарынын калыптанышын чагылдырган[6].

Батыш феминисттери жана феминист аялдар тарабынан аялдардын абалы, орду жана көйгөйү, аялдар жана эрекектердин маданияты, социалдык оюндардын эл алдына чыгып сүйлөгөндөгү сөзгө, тилге, адабиятка болгон таасири, экономикада, рекламада жана саясатта аялдар жөнүндөгү идеологиялык мифтер колдонулушу жөнүндө көптөгөн китептер, макалалар жазылган. Батышта эң таанымал болгондору - Б. Фриден, Д. Митчелл, Х. Хартман, С. Файерстоун,К. Миллет, Л. Иригери, К. Наранхо, Н. Ходороу ж. б.[7].

Орто Азия жана Кыргызстан окумуштууларынын эмгектеринде эмансипация процесси, экономикалык абал, үй-бүлөлүк жана турмуштук мамилелер изилдеген[8]. А. Апышева Кыргызстандагы аялдардын боштондукка чыгышын чагылдырган. Ж. Татыбекова 1937-1965 жж. аялдардын коомдук-саясый жигердүүлүгүнүн жана маданий өнүгүш процесстерин изилдеген.

[6] Голод С. И., Харчев А. Г. Профессиональная работа женщин и семья. – Л.: Наука, 1971. ; Машика Т. А. Занятость женщин и материнство. – М.: Мысль,1989.; Кон И. С. Психология половых различий. //Под редакцией Ю. Б. Гиппенрейтер, В. Я. Романова. – М.: Изд-во Моск. Ун-та, 1982.;Римашевская А. А. Равенство или справедливость. – М.: Финансы и статистика,1991.; Посадская А. И. Женская рабочая сила:природа и генезис. – В кн.: Женщины в обществе: реалии, проблемы, прогнозы. -.М.: Наука, 1991.
[7] Фриден Б. Загадка женственности. – М.: Прогресс, 1994.; Mitchell, Julliet. Psychoanalysis and Feminism. New York: Vintage.1975.; Capitalism and patriarchy (Ed. by H. Hartmann) Aalborg University. 1983. Firestones S. The Dialectics of Sex. The case for Feminist Revolution. – London. 1970. Millet. Kate.. Sexual politics. Garden City,1970. - New York: Doubleday.; Irigaray, Luce. This sex which is not one. Ithaca, New York: Cornell University Press.1985.; Наранхо К. Агония патриархата. – Воронеж.: Изд-во Модек,1995.; Chodorov N. The Reproduction of Mothering. Chicago. 1978.
[8] Апышева А. Дорога счастья женщин Киргизстана. – Фрунзе: Кыргызстан, 1969.; Татыбекова Ж. Исторический опыт раскрепощения женщин Востока и вовлечение их в строительство социализма (На примере Киргизской ССР).-Ташкент,1969. Бекходжаева С. Женский труд в промышленности Киргизии. – Фрунзе: Илим, 1965; Ачылова Р. Семья и общество. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986.; Джумагулов А. Семья и брак у киргизов Чуйской долины. – Автореф. Дис. ...канд. филос. наук. – Фрунзе, 1972. Абдылдаев С. Некоторые особенности консервации религиозных предрассудков среди женщин ( на материалах Кирг. ССР. – Автореф. Дис. … канд. Филос. наук – Фрунзе, 1972.; Каракеева С.. Современная городская семья. - Фрунзе: Илим, 1981; Гафарова М. Развитие общественного сознания женщин Советских республик Средней Азии //Освобожденная женщина Советского Востока. - Ашгабад. 1972; Пальванова Б. Эмансипация мусульманки. Опыт раскрепощения женщины Востока. – М.: Наука,1972.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

С. Бекходжаева аялдардын коомдук өндүрүш иштерине аралашуу маселесин талдоого алган. Р. Ачылова азыркы кыргыз үй-бүлөөсүн изилдеп чыккан. Ал үй-бүлөөлүк жана нике маселелерине салыштырмалуу талдоо жүргүзүп, аялдын үй-бүлөөдөгү ордун жана милдеттерин дагы камтый караган. А. Жумагулова никеге туруп үй-бүлөө курууда жаңы советтик каада-салттардын таралышын жана бекем орун алышын белгилеген. С. Абдылдаева аялдардын арасында эски диний көз караштарды жеңүүдө коллективдин ордун белгилеген.

Кыргыз аялынын коомдогу ордун түшүнүүдө С. Абрамзон, М. Артыкбаев, В. Бартольд, А. Брудный, С. Вайнштейн, Ч. Валиханов, А. Исмаилов, В. Радлов, А. Табышалиева, М. Эдилова, А. Элебаеванын эмгектери өзгөчө оорунду ээлешкен[9]. XX кылымдын 20-30 жылдары кыргыз аялдарына боштондук берүү маселеси С. Любимованын, К. Тиневанын эмгектеринде чагылдырылган[10]. Алар аялдар маселесин чечүүдөгү кээ бир жыйынтыктарды жалпылаштырып, орун алган жетишкендиктерди жана кемчиликтерди белгилеп кетишкен. Бул изилдөөлөр тажрыйбалык мүнөздө болгон. Аялдар кыймылы үчүн болгон күрөш XX кылымдын 30-50 жылдары орун алган идеологиянын таасири алдында болуп, талдоо таптык күрөштүн көз карашы аркылуу жүргүзүлгөн.

Бүгүнкү күндө аялдар маселеси боюнча талкуулардын жигердүү катышуучулары: Н. Абубакирова, О. Воронина, Т.

[9] Абрамзон С. М. Предметы культа казахов, киргизов и каракалпаков //Материальная культура и хозяйство народов Кавказа, Средней Азии и Казахстана: – Сб. МАЭ. – Д., 1978. Артыкбаев М. Т .Кыргызская женщина в политической жизни //Семья и женщина в меняющемся мире.- Б.1994.; Бартольд В. В. Первоначальный ислам и женщина //Соч., Т.VI. – М., 1966.; Брудный А. роль женщины в развитии общества икультуры в свете радикальной психологии //Семья и женщина в меняющемся мире.- Б.1994. ; Вайнштейн С. И. Мир кочевников Центральной Азии. – М., 1991.; Валиханов Ч.Ч. Очерки Джунгарии. –М., Зап. Русс. Геогр. Общ. – 1861. – Кн. 1; Исмаилов А., Исмаилова Э. Социалистический быт советского народа. М.: 1986.; Радлов В. Из Сибири. Страницы дневника. – М.,1989. Табышалиева А. Отражение во Времени. Б.: Турар,1998.; Эдилова М. М. Жакырчылык – социалдык корунуш(откоол мезгилдеги Кыргызстандын мисалында). Философ. Илим. Док. Окумуштуулук даражасын изденип алуучу диссер. – Б., 2001. Элебаева А.Б. Место и роль женщины в цивилизованном обществе //Материалы рабочей конференции: Женщина и общество. –Б. 1996.

[10] Любимова С.Т. Теория и практика работы партии среди женщин. –Ташкент, 1925.; Тинева К.Женщина в революционном движении Востока. – М. ,1929.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Клименкова, А. Темкина, Л. Шинелева, Г. Силласте, П. Пушкарева, С.Поленина, Э. Юлина[11].

А. Чучин-Русов, Н. Габриэлян “аялдар” менен “эркектерди” карама-каршы коюудагы, социалдык көз-караштан алып караганда “кемчиликтүү” аялдын элесин жаратуудагы маданияттын салымын аныкташкан[12]. Салттык болуп калган аялдардын эмгек маселеси, алардын саясый жана жарандык укуктарын камсыздоо, үй-бүлөө чөйрөсүндөгү мамилелерди демократиялаштыруу сыяктуу темалардан сырткары, азыркы цивилизациянын талаптарынын көз карашы алдында жыныстардын өз ара мамилелерин тарыхтын жана маданияттын алкагында изилдөөгө көбүрөөк көңүл бөлүнө баштады.

Автор тарабынан төмөндөгүдөй концепциялар жана көз караштар колдонулган:

- Антропологиялык. Адамдын жынысына байланыштуу биологиялык менен социалдыктын катнаштарын, өзгөчө жынысты социологиялык жактан айырмалап, аял менен эркектин жүрүм-туруму жана иш-аракеттери жөнүндөгү калып түшүнүктөрдү изилдейт(М. Мид)[13];
- Этикалык. Жыныстардын өз ара мамилелериндеги теңдикке жана адилеттүүлүккө, моралдагы эки үлгүлүү жыныстык көз караш, адамдын боорукердик баалуулуктары, этика, камкордук ж.б.у.с. маселелерге изилдөөгө багытталган (Д. Гримшоу, К. Гиллиган)[14];
- Эвдемониялык. Жеке турмушту жана коомдук жашоону, адамдын жашоосунун өздүк баалуулугун, адамдын өз алдынча

[11] Абубакирова Н. И. Что такое «гендер»?//ОНС, 1996, № 6.; Воронина О. Введение в гендерные исследования: Материалы первой российской летней школы по женским и гендерным исследованиям. – М.:МЦГИ,1997.; Клименкова Т.А. Философские проблемы неофрейдизма 70-х годов.//Вопросы философии, 1988, № 2.; Темкина А. Феминизм: Запад и Россия //Преображение,1995, №3.; Шинелева Л. Г. Женщина в обществе. – М., 1990.; Силласте Г. Эволюция социальных позиций женщин в меняющемся российском обществе//Соц. ис–я.,1995, № 4.; Пушкарева Н. Л. Женщины древней Руси. М.: Наука, 1989.; Поленина С. . Международная защита социальных прав женщин (Принцип универсальности и культурного рзнообразия) //ОНС,2000,№ 3. Юлина Н. С. Проблемы женщин: философские аспекты. //Вопросы философии, 1988, № 5.
[12] Чучин-Русов А. Е. Природа культуры. //ОНС, 1996, № 7.; Габриэлян Н. М. Пол. Культура. Религия //ОНС, 1996, № 6.
[13] Мид М. Культура и мир детства// Семья. - М., 1990. 10– б.
[14] Гримшоу Д. Идея женской этики//Феминизм: Восток. Запад. Россия. - М., 1993. Gilligan In a different voice: Psychological Theory and Women’s development. – Cambridge, 1982. P. 5.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

эркиндигин, жеке тандоонун эркиндигин гендердик талдоого алат (К. Гулд, Келли ж.б.);

- эпистемологиялык. Элестин жана сөздүн маанисин, адамды жыныстык "имидж" боюнча кемсинтүү, аялдын коомдогу ордуна болгон сөздүн катнашы, ж.б. изилдейт (Ф. Келлер ж.б.).

Аял феномени биздин кыргыз илиминде тарыхый-философиялык көз караштан изилденбегендигин белгилей кетүү керек. Авторлор аялдын социалдык элесин караганда, эреже катары, айрым философтордун кээ бир чыгармаларына шилтеме берүү менен гана чектелишет, философтордун бул маселеге болгон көз-караштарын кандайдыр бир деңгээлде системалаштырууга аракеттер иш жүзүндө болгон эмес.

Казахстандагы аялдардын абалы кийинки мезгилде бир нече авторлор тарабынан чагылдырылган - А.Д. Ажыбаева, М.М. Усенова, Н.А. Усачева, С. Шакирова, Н.Шеденова[15]. Ошондой эле белгилей кетүүчү нерсе, бул көбүнчө жарыя болгон эмгектерде жыныстык маселелерге байланыштуу коомдун түзүлүшүнүн өнүгүү динамикасынын жана социалдык процесстердин камтылбагандыгы. Изилдөөлөрдүн көпчүлүгү рефераттык мүнөздө жазылган. Жогоруда айтылган эмгектерди жана башка авторлорду изилдеп чыгып, биз аялдар феноменине өзүнчө атайын арналган изилдөө керек экендигине ынандык. Бул эмгек аялдын чыныгы турмушун изилдөөгө арналган. Изилдөөгө төмөндөгүлөр камтылган: аял феноменинин социалдык өзгөрүштөрдүн субъекти катары калыптанышынын негизги этаптарын талдоо. Феминизм идеясынын илимий жана моралдык-саясый маанилүүлүгүнө баа берүү. Аял феноменин изилдөөдөгү колдонулган категориялык аппаратты системалаштыруу. Аялдар эмансипациясын цивилизациянын, маданияттын өнүгүшү менен тыгыз байланышта өөрчүгөн өз алдынча феномен катары кароо. "Гендер" түшүнүгүн аныктоодогу негизги тенденцияларды белгилеп көргөзүү. Кыргыз коомундагы аялдардын жумуш менен камсыздоодогу

[15] Ажибаева А. Ж. Женщина и социальный прогресс. – Алма-Ата.: Казахстан,1989.; Усачева Н. А. Женщина: ее статус, судьба и образ в мировой культуре. – Алматы.: Гылым.,1994.;Усенова М. М. Семья и религия. – Алма-Ата, 1986.; Шакирова С. Насилие против женщин. Социологическое исследование. //Отчет о положении женщин. – 1997. – Алматы, 1997.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

биринчи кезектеги багыттарын аныктоо жана аларды өркүндөтүү.

Изилдөөнүн теоретикалык жана практикалык маанилүүлүгү, анын алкагында табылган жыйынтыктары жана корутундулары азыркы мезгилдеги коомдун социалдык түзүлүшүнүн өнүгүү тенденцияларын талдоодо, анын динамикасын алдын-ала айтууда, массалык маданиятты талдоодо колдонууга болгондугунда. Бул монография аялдар уюмдары үчүн дагы жалпы аялдардын саясый максаттарын жактоо, маданияттагы калып түшүнүктөрдү жокко чыгаруу аракеттеринде иш жүзүндө колдонуусуна кызыкчылык туудурушу толук мүмкүн.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# I БАП

# АЯЛДАР ФЕНОМЕНИНИН НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН ТАРЫХЫЙ -ФИЛОСОФИЯЛЫК, ИЛИМИЙ-УСУЛДУК ТАЛДООСУ

## 1.1. АЯЛЗАТ ФЕНОМЕНИ ФИЛОСОФИЯ ТАРЫХЫНДА

Уламыштар жаралган доордо аялзаты коомдо сыйлуу орунду ээлеген. Аялзаты жашоо кубатынын булагы катары каралып, ал жаратылыштын дагы бир керемети – тукум жаратуу мүмкүнчүлүгү менен байланышта каралган. Байыркы Кытайда аялзатына көргөзүлгөн сый-урмат анын бала төрөө мүмкүнчүлүгүнө карата болгон. Мындай көз караш байыркы коомдордун көпчүлүгүнө таандык олутту маселе катары каралган. Кытай философиясында, аялзаты ааламдын жаралуу жана өнүгүү мыйзамынын негизи болгон – ян-инь мыйзамдарынын чагылышы катары каралган. Аял башаты болгон (инь) Жер эненин күчү менен байланышта эсептелген. Чыгыш даанышмандыгында жашоонун бүтүндүгү эркек менен аялдын биримдиги экендигин дайыма белгилеген. Алар бири бирин коштоп жана кубаттап турат, биринин күчтөнүшү, жалпы бүтүндүктүн бузулушуна алып келет.

Байыркы грек коомдорунда адамдар чыгарган мыйзамдардын бийлиги орноп, жаратылышка баш ийүү эмес, аны башкарууга болгон рационалдык ой-жүгүртүү үстөмдүк кылып, мурдагы ургаачы кудайлары жаратылыш менен байланыштырылгандыгы эркек кудайлар менен алмаштырыла баштаган.

Бай түшүмдүн кудайы - Деметра, Афродита жана Венерага таазим кылуу артта калып, биринчи орунга эркек кудайлар - Зевс, Посейдон, Аид чыга келишкен. Б.э.ч. VI-кылымда дүйнөнүн негизги карама-каршылыктарынын жадыбалын түзүп чыгышкан Пифагорчулар ургаачы башатты калыпталбаган, иреттелбеген жана чектелбеген көрүнүштөр менен байланыштырышкан.

Алар дүйнөнү иретке келтирилген жана калыптанган же иретсиз, баш-аламан принциптердин ширөөсү катары

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

карашкан. Карама-каршылыктардын жуптары – жуп жана так, калыпталган жана калыбы жок, оң жана сол, эркек жана ургаачы, күн жана түн, бардыгы болуп он жуп – жуптун биринчиси (принцип) экинчисине салыштырмалуу мыкты, экинчисинен артык катары берилген. Ургаачы зат жүүнсүз, эркек заты жигердүү, кыймылга келтирген башат катары каралган.

Гректер затты пайдалуу билим жолунда сөзсүз өзгөрүүчү нерсе катары карашкан. Аристотель афиндиктердин аял заты жөнүндөгү көз-карашын “эркек жаратылышынан эле аялдан өйдө, аял болсо эркектен төмөн турат, биринчиси башкарат, экинчиси баш иет”- деген сөздөрү менен таанымал.

Платон, өзүнүн “Мамлекет” жана башка коомдук-саясий эмгектеринде, феминист катары көрүнүп - коомдук иштерде эркектер менен аялдардын тең укуктуу болушу керек экендигин айтып кеткен. Платон, эгалитарист катары, аялдар бардык коомдук иштерге жарактуу деген тезисти алып чыгат. Бирок ал, бул маселеде аягына чейин туруктуу көз караште болгон эмес жана билимди эркек башаты менен, ал эми сезимдерди аял башаты менен байланыштырган. Платон боюнча ...Билим – түшүнүксүз, таанылбай турган заттын маңызына байланбай, анын тышкы калыбынын таануудa[16.]

Аялдардын коомдогу оорду жөнүндө жазган араб-ислам дүйнөсүндөгү жалгыз философ, XII кылымда жашап өткөн Абу-аль-Вагид Ибн-Рушддун илимий концепциясы биз үчүн кызыгуу жаратат. Ал, ортосундагы орун алган айырмачылыктарга карабай, эркек менен аял акылга ээ жандыктар - деген. Анын ою боюнча, тарых аялдарда ар кыл, жада калса, жоокердик таланттары бар экендигин күбөөлөп турат. Бирок, салттарга баш ийген аялдар үйдө отурушуп “бала төрөгөнгө жана күйөөлөрүнө кызмат кылганга, баланы боюнда көтөрүп өстүргөнгө жана аны тамактандыруу үчүн кана алынат. Мындай абалда, аялдар үчүн бөлөк иш-аракеттер

[16] Платон. Соч. Т.3. Ч. 1. – М., 1971. 114 – б.

болушу мүмкүн эмес. Ушундай шарттардан улам, аялдар турмушта башка иш кылганга даяр эмес жана шаарларда алар өсүмдүккө көбүрөөк окшошушат"[17]. Ибн-Рушд иштердин ушундай абалынан жакырчылыктын себебин көргөн. Ошондуктан береке Шаарын түзүүдө нике, менчик, согуштан түшкөн олжону бөлүштүрүү маселелеринде аялдар менен эркектердин укуктарын теңдеш керек экендигин айткан. Ибн-Рушд боюнча , аял адамдын эркектердин коому намазга жыгылган жерде башкы имам болушуна дагы жол берилген.

Орто кылымдагы христиан философтору Фома Аквинский, Филон Александрийский эки башаттын ортосундагы айырмачылык дене менен рухтун ортосундагы байланыштан улам келип чыккан деген көз караштa болушкан. Филон боюнча, эркек - кудайдын, аң–сезимдин башатын түзсө, аялзаты – бул ыплас, күнөөнүн дүйнөсү. Ургаачы зат, анын оюу боюнча, дүйнө кандай болсо ошол боюнча берилишинин белгиси жана акылга каршы турат. Анын айтканы боюнча, адептин өнүгүшү дененин каалоолорун, сезимдерин рухий түрдө жеңип чыгууда жатат. Мындай көз караштa, сезимдер аялзаты менен байланышта болгондуктан, бул жерден аялзаты менен күрөшүү керек экендиги жөнүндө ой пайда болот. Аң-сезим эркек башаттын ургаачы башатты басуу аркылуу калыптанышы катары кабыл алынат. Бир нерсени эркек жана ургаачы башаттарга бөлүп кароо – түшүнүктөргө баш ийүү ирээтин киргизүү дегенди билдирет. Ушундай жолдор менен эркектердин жана аялзатынын коомдук абалы, ошондой эле, аялдардын коопсуздугу жана аялзатынын дүйнөдөгү орду аныкталат. «Мастандардын күнөөсү» аттуу түркөй канкорлугу менен таанымал эмгектин ээлери болушкан кечилдер Я. Шпренгер жана Г. Инститорис аялдардын күнөөсүнүн күбөөсү катары аялзатынын башатынын "күнөөкөрлүгүн" келтиришкен. Алар аялдарды ишеними аз зат катары карап, өздөрүнүн көз караштарын Femina сөзүнүн келип чыгышы менен далилдешип Fe(fides) – ишеним (латын) жана minus –

[17] Игнатенко А. В поисках счастья. – М., 1989. 85 – б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

азыраак, демек алар шайтандын азгырыгына оңойроок киришет жана жер жүзүндөгү күнөөкөрлүктүн алып жүрүүчүсү деген бүтүмдү чыгарышкан. «Мастандардын күнөөсү» миңдеген аялзатынын өлүмүнө себепкер болду. Эгер байыркы грек дүйнөсүндө акыл дүйнө жөнүндө ой-жүгүртүү катары каралса, XVIII-кылымдын философу Ф. Бэкон – акыл жаратылышты өлчөө, изилдөө, көзөмөлдөө куралы деген аныктама берген. Бэкон жаратылышты грек ойчулдары сыяктуу табигый түзүлүш менен эмес, механикалык түзүлүштөр менен салыштырып караган. Жаратылышты мындай жол менен кароо, илимдин максаты катары туура көз караштын табигый жаратылыштын үстүнөн бийлешин, аны баш ийдирип жана ээлеп алууну караган. Бэкон, Аристотелди жаратылышты “таза” боюнча калтыргандыгы үчүн наарaзычылык билдирип, таануу менен жаратылышты баш коштурууну, таануу башатына эркектин ордун жана баш ийдирүү жумушун берүүнү сунуштаган. Гректердин билимди байлык катары кабыл алуусу “Билим – күч” түшүнүгү менен алмаштырылды. Эгер Жаңы мезгилге чейин жаратылыш Аң-сезим менен Рухка караганда төмөнкү деңгээлде каралса, ал жандуу, түшүнүксүз күчтөргө толтура болсо, Бэкон жаратылышты жансыз, механикалык, өлүк нерсеге айлантып салган.

Декарт болсо Билим менен Аң-сезимдин Жер-Эне менен болгон байланыштарын, Логосту Софиядан, Эркекти жана анын Аң-сезимин Жаратылыштан “тазалоо” керектигин сунуштаган. Картезианчылар таануунун жаңы теориясын түзүшүп, жаратылыштан кол үзүүнү туура эпистемологиялык баалуулук катары кабыл алууну бекемдешкен. Батыш философиясынын тарыхында, анын өнүгүү тепкичтерине карабастан, Жаратылыш жөнүндөгү идеялары жалпы болгон. Биринчиден, бул жаратылыштын, жердин, сезимдердин, дененин ар дайым ургаачы башат менен байланыштырылышы. Экинчиден, бул түшүнүктөрдү жана алар менен байланышкан турмуш өңүттөрүн жана таануу жөндөмдөрүнүн наркын төмөндөтүү көрүнүшү мүнөздүү болгон.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Ж. Ж. Руссо, “табигый укук” идеясын өнүктүрүүдө жыныстардын табийгаттан атайын дайындалган жаратылышы жөнүндөгү концепциясын киргизген. Ошондуктан эркек менен аялдын билим алуу максаттары дагы башка. Аялдардын билим алуусу аны үй-бүлөлүк турмушка жана балдарды тарбиялап өстүрүүгө даярдашы керек, ушуга байланыштуу анын коомдогу орду жеке турмуш менен гана чектелген. “Эмиль жана тарбия” аттуу чыгармасынада Ж. Ж. Руссо өзүнүн, аялдарды тарбиялоо боюнча, негизги ойлорун келтирген. Аялдын өмүрү жар болуу менен гана чектелген: Аял эркекке жагыш үчүн гана жаралган. (!) Ооба, эркек дагы аялга жагыш керек, бирок “мунун анчалык деле кажети жок, анткени, ал күчкө ээ, ошол үчүн эле ал жагат”. Руссо, мындай көрүнүштү жаратылыштын заңы деп эсептейт. “Эгерде аял эркекке жагыш үчүн жаралган болсо, анда ал эркекке чакырык ыргыткандын ордуна, ага жагымдуу болгонго аракет кылышы керек”. Руссо аялдын маанисин төмөндөткөнгө умтулган. Иш жүзүндө, аял эркекти бийлей алат, - деп белгилейт Руссо. – “Анын күчү – анын ажарында”[18]. Тарбия кичи пейилдикти жана ийкемдүүлүктү өнүктүрүүгө багытталышы керек. Коомдун түзүлүшү жөнүндө ойлорун өнүктүрүүдө, ал үй- бүлөлүк келишимдин негизинде, бирдиктердин бирине бири баш ийүү жолу курулгандыгын, ар бир бирдиктин түзүлүштө так орду бар экендигин дайыма баса белгилеп турган. Ушундай эле көрүнүштөр үй-бүлө, мамилелер жана башка жашоо чөйрөлөрү жөнүндөгү ойлорунда орун алган. Руссо, аял күйөөсүнө баш ийгендигин, аялдын ар дайым эркектен көз каранды экендигин, анын көңүлүн алып туруусу жана анын эркине көнүүгө милдеттүү экендигин эсинен чыгарбоосу зарыл, ал ушундай жол менен үй-бүлөнүн, демек, натыйжасында коомдун дагы берекесин сактаарын, кайталап айткандан талыбаган.

И. Кант болсо табийгат аялды жагымдуу менталдык сапаттар менен камсыз кылганы менен (сезимталдык, кичи

[18] Руссо Ж.Ж. Юлия, или Новая Элоиза. – М.: Худ. литер. 1968. 177-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

пейилдик, боорукердик, ак-ниеттик) адамды адам кылган адамдын “мүнөзүнүн эң жогорку баалулугу” болгон принципке туруп иш жасоого жөндөмдүү эмес[19], деп айткан. Ал жеңил жана эч кандай кыйналуусуз, оной жасалуучу “кооз” кадамдарга гана жөндөмдүү. Бирок Кант боюнча, таза милдетти сезүү сезиминин негизинде жасалган гана кадамдар “жогорку кадамдарга” же эркек кадамдарга мүнөздү, анткени алар “кыйынчылыктарды жеңүү жана күч жумшоонун” негизинде жасалат ошол себептен моралдык баалулукка ээ.

Гегель өзүнүн философиясында биринчи кезекте адамдын рухунун табийгат менен эриш-аркак жашоодон (балалык) жеке жашоонун субъективдик-объективдик дуализиминин трагедиясы аркылуу Жогорку Аң-Сезимге келишин көрсөтүүдө , ушул сыяктуу адамдын жашоосундагы маанилүү мүнөздөмөлөргө аялды кошуп деле караган эмес. Эгерде дегеле аялдар жөнүндө сөз жүрсө, анда алар үй-бүлөлүк маселелер жана сүйүү (мамлекеттик мамилелерге караганда экинчи орунда турган) жагдайларда гана каралат. Гегельдин философиясында аялзатынын абалы жалпы абал катары берилип, аялзаты адамдын жашоосунда үй-бүлөлүк жана интимдик бөлүгүнө таандык “буюм” ирээтинде каралышы аялзат феноменинин үчүнчү даражадагы маселелердин катарына өтүшүнүн себепкерлеринин бири болгон.

Аялзатын жаратылышын тукум улоо функциясы менен чектеп коюп ошонун негизинде аны толук кандуу эмес – “өзгөчөлүктөрү” бар адам катары кароо У. Аквинатта, М. Монтеньде, Э. Роттердамда, Г. Спенсерде, ошондой эле бөлөк баалуулуктарды карманган, аларга карама-каршы турушкан иррационалдык багыттын өкүлдөрүндө дагы кезигет. Каралып жаткан маселе боюнча программалык билдирүүлөрдү Шопенгауэр жана Ницшеден кезиктиребиз.

Аял турмушун А. Шопенгауэр жыныстык сүйүү маселеси аркылуу караган. Ал үчүн “жыныс” менен “сүйүү” бир эле түшүнүк. Бул түшүнүк өз кезегинде дагы эсепсиз жаңы

[19] Кант И. Основы метафизики нравственности. – М.: Мысль, 1966. Соч.Т.6. 37-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

муундарды жаратуучу адамзатынын келечек муунун жаратуу жөнүндөгү бүт ойлорунун маңызы[20]. Шопенгауэр боюнча эки жыныс тең бирдей даражада тукум улантууга тийиштүү экендигин белгилейт. Бирок, ар бир адамдын төрөлүш жоопкерчилиги аялзатында жатат. Философ эркектин тукум улантуу түпкүркү сезими кеңири багытталган болсо, ал эми аялдыкы терендикти көздөйт.

Эркектердин туруксуздугун жана аялдардын туруктуулукка болгон умтулууларын Шопенгауэр ушуну менен түшүндүрөт. "Бул - табийгаттын койгон максаттарынын натыйжасы: ал сактап калууга, балким ошон үчүн ал түрдүн көбөйүшүнө кызыкдар. Чыныда эле аялзаты бирөөгө байланган, анткени табийгат аны эч кандай ой-жүгүртүүсүз эле өзүнүн келечек тукумдарынын багуучусу жана коргоочусу жөнүндө кам көрүүгө түрткүлөйт.

Ушундан улам эркектердин туруктуулугу бул жасалма ал эми аялзатыныкы табигый көрүнүш. Ошондуктан аялдын үй-бүлөлүк турмуштагы туруксуздугу объективдүү жактан алганда өзүнүн алып келген залакасы боюнча, ал эми субъективдүүлүк жактан алганда табийгаттка каршылыгы менен эркектин туруксуздугуна караганда кечиримсиз иш"[21].

Немец ойчулу боюнча дүйнөдө иррационалдуу, баштапкы күч – жашоо эрки үстөмдүк кылат. Ал адамдын турмушунда эң жаркын чагылдырылган, анткени адам ой-жүгүртүү менен бирге өлүм жөнүндө үрөй учурган ишенимге ээ болуп калды[22]. Өлүм коркунучу жашоо эркинин экинчи жүзү жана биз өзүбүз ошонун күбөөсүбүз. Жашоо эрки курчаган дүйнөнүн түбөлүктүүлүгүн камсыз кылып турат, ал жаратылышта толуп турат. "Адамзаты үчүн Жашоо Эрки – бул түпкүркү жыныстык сезим жана тукум улоого болгон ышкы сезим"[23]. Аялдардын орду бул жерде "адамзат тукумун түркүм катары таралтууда"[24].

[20] Шопенгауэр А. Метафизика половой любви. – М.: Просвещение, 1992. 371-413-б.
[21] Шопенгауэр А. Мир как воля и представление. – М., 1992. 470-б.
[22] Ошол жерде, 471-б.
[23] Ошол жерде, 478-б..
[24] Толстой Л., Бокль А., Спенсер Г. О женщинах. – М., 1902. 61-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Шопенгауэр боюнча, аялдардын кабыл алуусу сезимдик-иррационалдык, эркектердики маңыздык – чындык феномендерин рационалдуу түшүнүү. Аялдардын табигый дайындалышы жыныстык инстинктер менен байланыштуу болгондуктан аялдар жалпы адамзатынын кызыкчылыгын көздөшөт. Демек, эркектерге жеке өзгөчөлүктөр табигый мүнөздө болсо, аялдарга - жамааттышуу жана додолук инстикттер мүнөздүү.

Азап тартуу – мезгилсиз мүнөздөгү күнүмдүк турмуштун жашоо эркинен четтеп кетиши. Адам турмушу (Шопенгауэр Будданы кайталайт) – бул дайыма кам көрүү жана азап чегүү. Эгерде эркектер аларды курчаган көрүнүштөрдүн баарын акыл калчоо менен өзүнө баш ийдирип ээлик кылууга умтулса, аялдар табигый дайындалышынын негизинде эркектерге ээлик кылууга аракеттенишет. Автор айткандай “... Эркектер тапкан мүлк... кийин аялдардын колуна өтөт”[25].

Марксизм болсо аялдардын абалын таптык күрөш көз карашынан кароого мүмкүнчүлүк берди. Ал булчуңдук идеологияны тереңдетип талдоого өбөлгө түздү. Биринчиден, адамдын табийгаты жана коомдук мамилелер жөнүндөгү теориялар башкаруучу топтордун кызыкчылыгына колдонулушу жана анын негизинде таптык эзүүнү күчөтүүгө мүмкүн экендигин, экинчиден сыртынан либералдык көрүнгөн, теңдикти көздөгөн саясый идеялардын өздөрүн кээ бир учурларда теңсиздиктин жана эзүүнүн жымсалдаган калыптары катары колдонуу жолдорунунун мүмкүн экендигин көрсөтөт.

Жеке менчиктин пайда болушу жана коомдун таптарга бөлүнүшү менен алгачкы коомдогу үй-оокаты менен гана чектелген жана ошонун негизинде ага башкаруу абалын түзгөн аял эмгеги өзүнүн мурунку маанисин жоготкон. Биринчи орунга эркектердин тапканы чыга келген. Аялдардын кылган үй-оокаты болсо ага кошумча катары кабыл алынып калган. Ф. Энгельстин айтканы боюнча “мурун жапайы

[25] Шопенгауэр А. Афоризмы и максимы. – М.: МГУ. 1991. 195-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

жоокер жана аңчы эркек үйдө аялдан кийинки экинчи орунга ыраазы болуп келген болсо, жеке менчиктин чыгышы менен "андан жоошураак" малчы өзүнүн байлыгына таянып биринчи орунга чыгып, аялды экинчиге сүрүп салды" [26].

Аңчылык, эмгек шаймандарын жана согуш куралдарын даярдоо, балык уулоо сыяктуу иштерди көбүнчө эркектер кылып калышкан. Өндүрүү процесстеринде таасиринин артышы анын үй-бүлөдөгү ордунун таасирин күчөткөн. "Убакыт өткөн сайын аялдар өзүнүн кадырлуу ордун биротоло жоготуп күңгө "анын каалоолорунун кулуна, жөнөкөй бала төрөй турган шайманга" айланып калган"[27].

Адамдар түзгөн керектөөчүлөр коомундагы муктаждыктарды канааттандыруунун негизинде өсүп бара жаткан өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүшү бир эле үй чарбасынын алкагы менен чектелип калбагандыктан, чарба жүргүзүү акырындык менен ар бир үй-бүлөнүн жеке ишине айланып калган.  Мурунку үй-чарба жүргүзүүнүн коомдук мүнөзүнүн өзгөрүшү аялдарды коомдук өндүрүш иштеринен таптакыр четтөөсүнө алып келген.

Таптык коомго өтүүдөгү мындай чукул бурулуш аялдардын үйдө жана коомдогу болгон экономикалык, андан кийин укуктук абалдарынын өзгөрүшүнө алып келди. Ал күйөөсүнөн (атасынан) толугу менен көз каранды болуп мүлктүк өз алдынчалыгын жоготту.

Ницшенин, Фрейддин, Вейнингердин идеяларын алардын ишенимдеринин бирин бири толуктап тургандыгын талдап көрсө болот. Ницшенин жыныстар маселеси боюнча айтылган курч жана какшыктуу ойлору анын программалык иштеринин негиздерин түзөт. Анын дүйнө-таанымынын жалпы фундаменталдык негиздери менен байланышып жана толукталып турат. Ницшенин аялдар жөнүндөгү афоризмдерин анын жалпы философиялык ой-жүгүртүүсүнүн контекстинде караш керек. Бир кезде ургаачы башат

[26] Энгельс Ф. Происхождение  семьи, частной собственности и государства. – М.: Госполитиздат, 1950. 163-170-б.
[27] Энгельс Ф. Происхождение  семьи, частной собственности и государства. – М.: Госполитиздат, 1950. 60-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

эркектердин өздөрүнүн арасында дагы үстөмдүк кылган жана азыркы адептүүлүктүн түзүлүшүнө алып келген. Немец ойчулу “эркек” жана “ургаачыны” бирине-бирин карма-каршы кылган эмес, тескеринче аларды бири-бирин толуктап туруучу түзүлүштөр катары караган. Бул, ириде, төмөнкү фактыдан көрүнөт: “Ар ким энесинен алган аялдын элесин алып жүрөт, адам аялдарды дегеле урматтайбы, же жек көрөбү, же көңүл кош карайбы ушундан улам болот” [28].

Ницшеге айтканына ылайык – акыл аялдардын баалулугу, ал эми эркектерге болсо - жан дүйнө сезимдеринин тереңдиги жана ышкылыгы. Эркектер өздөрүнүн чыгармачылыкка болгон ышкысы менен аялдардыкынан начар акылын колдонгонду үйрөнүп алышкан. Ницшенин дагы бир так байкоосуна көңүл бурбай коюу мүмкүн эмес: “Эгерде эркектер өзүнө жар издегенде биринчиден жан-дүйнөсү терең, бай жанды издешсе, аялдар болсо тескеринче - акылдуу, табышкер жана жаркын жанды, ошондон улам, түпкүлүгүндө эркек кынтыксыз эркекти, аял кынтыксыз аялды издегенин, демек экөө тең бири-бирин толуктоого эмес, өзүнүн артыкчылыктарын бүтүрүүгө аракеттенгенин көрөсүң”[29]. Ницше Платондун сүйүү – бул адамдын өзүндө болгон, бирок жетиштүү эмес нерсеге тартылуусу деген сөздөрү далилдейт. Ал “маданий аралыктын” философиясына ишенген, адамдар бири-бирине “өтө жакын” жүрүүсү болбой тургандыгын айткан. Адамдардын баардык өз- ара мамилелеринде “аралык” сакталышы керек [30].

Фрейддин дүйнөлүк маданиятка киргизген – бейаңдуулук түшүнүгү (бессознательное – психиканын ургаачы курамы). Фрейд биринчи болуп бейаңдуулукту (ургаачы) инсандын өздүк сырларынын ачкычы катары караган. “Биз бейаңдуулукту аң-сезим менен алмаштыруу, бейаңдуулукту аң-сезимге өткөрүү аркылуу пайда алып келебиз” [31].

[28] Ницше Ф. Соч. в 2-х т. Т. 2. – М., 1990. 320-б.
[29] Ошол жерде 421-б.
[30] Ницше Ф. Соч. в 2-х т. Т. 2. – М., 1990. 427-б.
[31] Фрейд З. Введение в психоанализ. – М., 1989. 278-б.

“Эрос” түшүнүгү аркылуу Фрейд жыныстардын өз-ара мамилелеринин негиздерин түшүндүрүүгө аракет кылган. Мындай аракеттер “Сексуалдуулуктун психологиясы боюнча очерктеринде” байкалып турат. Ал дүйнөнү эки күч жылдырат деп эсептеген - “Эрос” бириктиргич жана жаратуучу күч жана “Танатос” – “өлүм”. Жыныстардын өз-ара мамилелери үчүн биринчи күч маанилүү. Ал жалпы адамзатынын түбөлүк жашоосу үчүн кам көрөт. Эрте балалыктан тартып балдар өздөрүн “Эростун” түшүнүктөрү аркылуу баалай башташат - жыныстык белгилердин айырмачылыгы. Эң бир негизги максат – “сексуалдык ышкыны үйрөтүү, чектөө, баш ийдирүү”[32].

Жыныстык өзгөчөлүк эркектин жана аялдын бүт өмүр жолуна, мүнөзүнө, кулк-мүнөзүнө таасир берет. Аялдардын психологиясы, Фрейд боюнча, кыздын “анатомиялык жетишсиздиктери” бар экендигин билүүдөн башталат. Андан кийин “кастрация комплексинин” жана ич-күйдүлүктүн кезеги келет. Фрейд адаттагы көз караштарды карманган. Анын оюу боюнча, адамдын инсандык калыптануусунда анын жынысына карабай атанын орду эненикинен өйдө; үй-бүлөдө эркектин башчылыгы, аялдын баш ийүүсү табигый көрүнүш, аялдардын жана эркектердин психологиясынын калыптанышында тарбиянын жана маданий шарттардын маанилүүлүгүнө карабай туубаса өзгөчөлүктөр чечүүчү мааниге ээ – деп эсептеген. Фрейд аялдардын көптөгөн психологиялык кулк-мүнөздөрүнө түшүндүрмө берген: жүүнү боштук, таламынан баш тартуу, эмоциялуулук, тууроо аялдын “эркек болууну” каалоосунун натыйжасы катары кийин балалуу болууну каалоосуна айланат.

Отто Вейнингердин “Жыныс жана мүнөз” китеби – негизги түшүнүктөрдүн жана суроолордун зор алкагын камтыган метафизикалык система[33]. Ал бүт көңүлүн жалаң гана эркек менен аялдын дүйнө таанымдарынын мүнөздүүлүктөрүн салыштырууга арнаган: болгон

[32] Фрейд З. Очерки по психологии сексуальности//« Я» и «Оно». Кн.2. – Тблисси, 1991. 135-б.
[33] Вейнингер О. Пол и характер. – М.: Тера, 1992. 108-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

адамкерчиликтүү, руханий, акылдуу, адептүү нерсенин баары жалпы адамзаттыкы эмес – эркектердики, деп ачык эле айтып чыккан. Вейнингер адамдын таануусунун кайсы кана өңүтү болбосун сөзсүз түр түшүнүгү болооруна таянган. Эркекке эрдик канчалык мүнөздүү болсо, ага ошончолук аялдык сапаты мыкты аял керек болот жана тескеринче. Ал, эң эр жүрөк аялды алганда, анын булчуңдук түзүлүшү ал үчүн ушунчалык аз, арзыбаган пайызды түзөөрүн белгилеген. Вейнингер ошондой эле аялдардын ой-жүгүртүүсүнүн эркектердикинен айырмаланышын дагы изилдеген. Ал адам үчүн өзүнүн сезимдерин ойлорунан бөлүп алуу мүмкүн эмес деген тыянакты берген "гениды" түшүнүгүн киргизген. Вейнингер "Аялдардын" "ой-жүгүртүүсү" жана "сезүүсү" бир эле бөлүнгүс бүтүн нерсе экендигин белгилейт. "Эркектерде" бул экөөнүн айырмасы бар[34].

Эгер аялдардын руханий жашоосунда "гениданын" жардамы менен жашашса, эркектер ойлорун сезимдеринен ажыратууга жөндөмдүү. Ушундан улам, ургаачы башаттын табийгаты бейаңдуулуктан башталат, "А" өзүнүн аң-сезимин "Э" ден алат деген тыянак чыгарылат. Ургаачылык - бул жүүнсүз күтүү, ал өзүнүн "Мени" жок. Ургаачылык эркек адам жанында болгондо гана мааниге ээ боло алат. Андан кийин, ал аядардын логикасын талдоого өтөт жана мындай бүтүм чыгарат: "Эркектерге таза мүнөздүү болгон, башынан өткөргөндүн баарын биринин артынан бирин байланыштырып, окуялардын үзгүлтүксүз тизмесине тизип бир бүтүндүккө алып келүүгө жанын карч уруп аракеттенүү – аялдардын мүнөзүндө таптакыр эле жок[35].

Андан ары Вейнингер аялдар менен эркектердин эс тутумун салыштырат. Эркектердин эс-тутумуна мүнөздүү болгон – үзгүлтүксүздүк, аялдардын эс тутумунда жок нерсе. Үзгүлтүксүз эс тутумга ээ болуу – баалуулуктарды түзүүнүн эң түпкү негизи. Эс тутум адеп менен тыгыз байланышкан, анткени уят адамды өзүнүн этикалык туура эмес кадамдарын

[34] Ошол жерде, 480-б.
[35] Вейнингер О. Пол и характер. – М.: Тера, 1992. 486-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

эстеп жүрсө гана түйшүктөндүрө алат. Ушундан улам, ургаачы башат адепсиз деген бүтүм чыгарат. Ошондуктан түшүнүк деген - бул ургаачы башат үчүн таанылгыс нерсе. Адептүү жүрүм-турум аң-сезимдин “Мени” болгон күндө гана мүмкүн, ошондуктан аялдардын “Мени” жок деп бүтүм чыгарса болот. Аялдар үчүн “Мен” тышкы факторлор менен байланышкан. Адамдын баалуулугу анын ички дүйнөсү менен байланышкандыктан, тактап айтканда, жандын руханий субстанция катары бар болушу менен шартталгандыктан, ал эми аялдардын өздүк “Мени” жок болгондуктан, аларда эрктин өзү дагы жок, демек мүнөзү дагы жок. Эгер мүнөз жок болсо, анда ишеним дагы жок. Ушундан улам “Абсолюттук аялдын” эркектин эзүүсү астында болууга кумары бар. Алдар өз максатына жетише алышпайт, ал үчүн аларга эркек керек. Ушундан улам, аялдардын эркекке баш ийүүсүнүн тамыры алардын баш ийүүгө болгон кумарында жатат. Ургаачы жан жүүнсүздүккө, эркектердин аларды каратып алышына умтулат.

Вейнингер, эмансипацияга умтулуу - саналуулардын гана үлүшү, деп эсептейт. Эмансипация болгон аялдар – бул абсолюттук ургаачылыктан алыстап, эркек башатка жакындап кеткендер. Эмансипация – бул болгону аялдардын ички дүйнөсүнүн эркекке, анын руханий жана адептүүлүк эркиндигине, кызыкчылыктарына, чыгармачылык күчүнө теңелүүгө болгон каалоосу деген түшүнүк чыгарат. Бардык атактуу аялдар жана кыйын аялдар сөзсүз эркектердин көптөгөн мүнөздөрүн алып жүрүшөт, жакшылап байкап көрсөк алардан эркектердин анатомиялык белгилерин да көрсө болот.

Аялдардын эркек үчүн болгон негизги табышмагы – бул алардын баштапкы “Менинин” жана ага байланышкан руханийликтин таптакыр жоктугу. Ошондуктан, австриялык ойчулга ылайык, ургаачы башат толугу менен логикага жана моралга каршы келет.

Орус философтору Н. Бердяев жана В. Розанов аялга, анын ой- жүгүртүү жөндөмдөрүнө, сезимдерине, дүйнө-таанымына,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

кээ бир учурда физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, адам турмушундагы баалуулуктардын иерархиясында өзгөчө орун беришип ошону менен аялдар маселесин изилдөөнү маданий даражада чейин көтөрүшкөн. Бирок, бул кадимки эмес, тескеринче, эрежеден тыш жаткан көрүнүш. Н. Бердяев менен В. Розанов ургаачылык принцибин изилдөөгө өзгөчө көңүл бөлүшкөн.

Ургаачылык – космостук жана тарыхый процесстердин максаты, ал Ааламдын өзү. Ошондуктан түбөлүк ургаачылык Кудайдын башка кубулушу катары космостун жашоосунун фундаменталдык негиздеринин бирин түзөт. Аялдар ургаачылык принциптердин маданияттагы чагылышы болуп эркектерди чыгармачылыкка "шыктандыруучу" күч катары кабыл алынгандыгында (Бердяев). Н. Бердяев жана В. Розанов жыныс бул адамдын жарымы, чыныгы инсандын жаралыш процессинин мүмкүнчүлүктөрүн изилдешкен. Бул процессти ишке ашырыш үчүн аялды эркекке теңебеш керек, аялды эркекке окшоштуруунун кажети жок, тескеринче "эркектик жана ургаачылык башаттарды бекемдеш керек".

Розановко ылайык, жыныс "эркек" жана "ургаачы" түшүнүктөрүнүн аныктамаларын дагы камтыйт. Ал байыркы кытайлыктардын жыныстын кубулуп туруучу ар бир адамда бар нерсе катары караган түшүнүктөрүн далилдейт. "Ай нурунун адамдары" китебинин автору өзүнүн жыныс жөнүндөгү түшүнүгүн кошуудан алууга умтулган "чексиз сандын" сүрөт калыбында көргөзгөн[36]. Кынтыксыз эркектен жалпы эркекке таандык болгон жигердүү иш-аракет кылуу, керек болсо, көтөрүлүшкө чыгууга чейин баруучу эр-жүрөктүүлүк талап кылынат, ал эми кынтыксыз аялдан – назиктик, кичи пейилдүүлүк, тынч үй-бүлөлүк турмушка умтулуу күтүлөт. Розановдун жыныс жөнүндөгү философиясын Шопенгауэрдин жыныстын метафизикасына гана эмес, жалпысынан эле жыныс көйгөйлөрүн платонико-

[36] Розанов В. Люди лунного света. – М.: Дружба народов. 36-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

христиандык салтта түшүндүрүүчү дүйнөлүк философияга да каршы тезис катары караса болот[37].

Розанов адамдын турмушунда жыныстык инстинкттер адепсиз сезимдик эмес руханий-эстетикалык орун ээлеши керек дейт. Шпенглердин оюю боюнча "ургаачы башат космоско жакыныраак. Ал Жер менен терең байланышкан жана табийгаттын улуу айланма мыйзамдарына байланышкан. Биз ааламдын чечилгис кубулуу сырларын эки жыныска бөлүп - жашоо деп атайбыз"[38]. Дүйнөнү эркек ургаачыга бөлүү менен "чечилгис сырлардын" тереңине кирүү – бул адамдын өзүн-өзү жана өзүнүн дүйнөдөгү ордун таануудагы бирден бир маанилүү деңгээли. Алар бири-бирин коштоп жана танып турат. Табийгаттан, Кудайдан улам бири-бирин коштоп турат. Ошол эле табийгатынан, психологиялык өзгөчөлүктөрүнөн, дүйнө таануу мүнөзүнөн улам бири-бирин танып турат.

Ж. П. Сартр, М. Хайдеггер, С. де Бовуар адамдын чыныгы жашоосун "экзистенция" – деп аташкан жана аны инстинкттүү, акыл-эстүү же коомдук-шартталган турмуштан айырмалашкан. «Экзистенция» ачык, эркин, "эл-аралык", бир нерсеге багытталган жана ошону менен бирге өзүн-өзү билет. Адамдын чыныгы турмушу – бул ишеним эле эмес, бул адам чын дилинен, ага өзү толугу менен берилип кылган иштеринин же ойлорунун баары кирет. Табигый, коомдук жана руханий жашоодон айырмаланып "экзистенция" илимий жол менен түшүндүрүлө албайт, болгону "түшүндүрүлөт" жана инсандын ички дүйнөсүнүн аракети менен ачылып берилет. Ал турмушка жана өзүнүн ички абийирине кулак салышы керек. Экзистенциалистер үчүн "абийир" менен жашоо боорукер болуп "жамандыктан" качуу дегенди билдирбейт, - бул "бөлөк эмес", "чоочун эмес", "өзүң менен өзүң болуу", элдин баары сыяктуу ой-жүгүртүү жана сезүү эмес, "жан дүйнөңдүн түпкүрүнөн" чыккан ой-жүгүртүү жана сезүү дегенди билдирет. Бирок да, аялдын тарыхый кайгысы анын эркектер үчүн гана башка оюнду ойногондугунда эмес, көп учурларда

[37] Розанов В. В. Религия. Философия. Культура. – М.: Республика, 1992. 152-б.
[38] Шпенглер О. Закат Европы. Очерки морфологии мировой истории. – М. 1988., Т. 2. 340-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

айласыздан өзү үчүн дагы же “башка жыныстын” өкүлү болуп калгандыгында. “Экинчи жыныс” – бул башынан аягына чейин психологиянын жана социологиянын, байыркы уламыштардан тартып азыркы күндүн чыгармаларынын маалыматтарын өзүнө камтыган аялдардын тагдырын изилдөөгө арналган китеп. С. Бовуардын негизги ою – эркек маданияттын негизги, анын ичинде тилдин, логиканын, философиянын, укуктук системасынын жаратуучусу катарында өзүнүн турмушун негизги, ал эми “аялдын турмушун” экинчи орундагы катары эсептеп аялды – “Башка” деп аныктаган. Аял болсо эркектин логикасын, тилин колдонуп, өзү дагы өзүн “башка” – деп тааныйт. Ал эркек үчүн жашайт, өзү үчүн эмес. Экзистенциалдык феминисттердин пайдалуу ой-даны алардын аял-эркек дебей жалпы “чыныгы жашоого”, эч кимдин укугун бузбаган, ар кимдин өзүнүн жана ошондой эле башка адамдын дагы эркиндигин сезген “тандоого” чакыргандыгында. Өзүнүн эркиндигин сезген, бышып жетилген, тең укуктуу мамиле түзгөнгө даяр адам – бул табийгаттын эмес, маданияттын жаратканы. Ушундай ой-жүгүртүүдөн алып караганда эркек ургаачы табийгаты жок, мүмкүн болуучу “булчуңдуулук” жана “феминдүүлүгү” бар жана бул төрт тарабы төп эмес дүйнөдө бири-бири менен жашай алышы үчүн аларды өз-ара ыңгайлаштырып, мааниге толтуруу керек. Эркек менен аял өздөрүн жоопкерчиликке, сүйлөшүүлөргө жана макулдашууга даяр болууга тарбиялашы керек. Экзистенциализм өзүнүн “ачыктыкка”, чын дилдүүлүккө жана “акылдын кылтактарынан” баш тартууга чакыргандыгы менен маанилүү. Философияда көнүмүш болуп калган адамды сүрөттөө үчүн колдонулуучу “табийгат”, “рух”, “аң-сезим”, “акыл” – деген сөздөрдүн ордуна курамдык феминизм “тил”, “тексттер”, “сөз”, “дискурс” сыяктуу сөздөрдү пайдалана баштады.

Бир жагынан, дүйнө менен тилдин, экинчи жагынан адам менен тилдин ортосундагы чектер жок боло баштады. Так ушул маалда феминисттик изилдөөчүлөр адамдын маңызы, эркек ургаачы башаттардын айырмачылыктары жөнүндөгү

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

суроолорго тыгыз жакындап келип калышкан. Сүйлөө адаттарына кайрылуу жыныстык оюндардын көйгөйлөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген. Бул оюндарда эркектер менен аялдардын каршы тараптын архетиптик маңыздардын жана белгилерин, алардын өкүлдөрүнүн бийлигин туура түшүнүү жана карама-каршы жыныс менен мамиле түзүүдө колдонулуучу баарлашуу ыкмаларын туура колдонуу маанилүү. Батыш ой-жүгүртүүсү жыныстарга кайрылганда теңдиксиз бинардык карама- каршыктарды колдонушат.

Француз философу, постструктуралист М. Фуконун байкоосу боюнча тил Агартуу доорундагы “ойду билдирүүчү таза куралдан” өзүнө социалдык иш-аракеттердин бардыгын камтыган өз алдынча куралга айланган. Тилдин сөздөрү зор кубатка ээ: алар ышкыландырууга, басмырлантууга, эритүүгө, кордоого же көкөлөтүүгө жөндөмдүү. Фуко тилди иерархиялык жуптардан турган түзүлүштүк күчтөрдүн системасы катары түшүнгөн. Алардын ичинде оң мүчө өзүнө көңүлдүү тартуусу аркылуу терс мүчөгө үстөмдүк кылат. Ак-кара, күн-түн, бар-жок, адам-айбан, эркек-аял. Фуконун көз карашынын айырмачылыгы – жынысты социалдык жана эпистемологиялык талдоонун өзөгү катары карагандыгында. Ушун менен эле бирге Фуко боюнча “жыныс” жана “бийлик” бири менен бири байланышкан түшүнүктөр. Жыныс түшүнүгү “жасалма жол менен түзүлгөн анатомиялык мүчөлөрдү, биологиялык функцияларды, жүрүш-туруш калыптарын, сезимдерди жана ырахаттын бардыгын бириктирип, ким болбосун колдоно ала турган, негиз болуучу себептерди жаратууга жол түзгөн”[39].

Француз социологу жана философу постмодернистик багыттын өкүлү Ж. Бодрийяр аталган ой-жүгүртүүнүн жактарына ат берүү процесси терминдердин дискриминациясына айланып ар бир жуптун ичинде иерархиялык мамилелердин орношуна алып келет.

[39]Fourcault M. The history of Sexuality. – N.Y., 1990. 53-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Категориялардын бири башкы болуп, экинчиси андан келип чыккан өңдүү көрүнүп калат. “Эркек” жана “Ургаачы” категорияларында башкы, негиздөөчү категория катары эркек таанылат. Ушундай жол менен тил аялдын абалын тактайт. Консервативдүү эркек тили аялды экинчи, биринчиден келип чыккан абалга бекитет. Бийликти жүргүзүү жолун феминисттик постструктурализм дискурс концепциясынын б.а. “коомдук түзүлүш принциптеринин” – коомдук ой-жүгүртүү институттарын жана жеке субъективдүүлүктү чагылдыруунун жардамы менен талдайт.

Түзүлүштөр боюнча талдоочу Лакандын баалуулуктардын закымдык мүнөзүн аңдашы, аны “аял жок нерсе”, ал болгону көрүнүш деген бүтүмгө алып келген. Мындайча айтканда аял менен эркек белгилик катарда көргөзүлүшөт жана эч качан закым болгон адамзатын биологиялык көрсөткүчтөрдүн негизинде эркек жана аялга бөлгөн “молярдык бөлүнүүнүн” чегинен чыга алышпайт.

Бул аялзатынын өзүнүн сезимдерин жана каалоолорун түшүндүрө алуучу тил жок дегенди түшүндүрөт. Оруэлл дагы, эгерде бир нерсе же кимдир бирөө белгилик (тилдик) чагылышы жок болсо, ал бир нерсе же кимдир бирөө жок деп айтат. Аялдын өз тили жок. Ошондуктан, Лакан, ал жок, деп эсептеген. Дискурстун эки түрүн бөлүп көргөзсө болот – эркектик (белгилик) жана аялдык (семиотикалык). Кандай гана болбосун, бийликтик дискурс, б.а. күчкө таянган ынандыруучу сөздөр бул “эркектик дискурс”, “эркек сөз”.

Семиотик Ю. Кристева 70-жылдары семиотикалык (эркектердики белгилик) аталган дүйнөнү аялдык түшүндүрүү ыкмаларынын теориясын өнүктүргөн. Ал семиотикалык дискурсту белгилик тартипке каршы чакырык катары карайт. Кристева Лакандын “аял жок” пикирин кабыл албайт. Анын ою боюнча, аялдын жазуусу, аялдын тили, сүйүүсү жана этикасы (кам көрүүсү) тилден тышкары жатат. Ю. Кристева коомдук белгилик жагдайда “аял болуу - бул жалпы кабыл алынган түшүнүктөргө бөлөкчө өз алдынча маани берүү” – деп эсептейт. Аял – бул айтылбаган, идеологиядан өйдө да, төмөн

да калган нерсе дейт. Кристеванын теориясы боюнча ургаачы бейаңдуу, тилдин артыкчылыктарга ээ курам болуп калат.

Психоаналитик Ж. Бенджамин эркек бала үчүн эң маанилүү, анын кийинки дүйнө-таанымын аныктоочу, психологиялык кырдаал болуп энесинен четтөө (кийин табийгаттын белгиси) атасынын таасирине (маданияттын белгиси) өтүү болоорун ачып көргөзөт. Кыз бала энеси менен жеке байланышын сактап кала берет. Ж. Бенджамин эркек бала энеден четтөөсүага терс баа берүү менен "толтурат", бул жагдай кийин эркектин дүйнө-таанымында жаратылышка бийлик кылууга, аны түшүнүп жана багындырууга болгон умтулууга шарт түзөт.

Башка жагынан, кыздын энеси менен биргелигин терең сезүүсү анын дүйнөнү "акыл менен эмес", "экиге бөлбөй" алгачкы биргеликти улай кабыл алышына өбөлгө болот. Бул аялдын тарыхый феноменин түзүлүшүнө маанилүү таасир тийгизет. Мунун негизинде жогоруда айтылган жаратылыш менен биргелик (эркек дүйнө таанымында басымдуулук кылган "мен сен эмесмин" формуласынан айырмаланып, аялдын дүйнө таанымынын "мен сенмин" негизги формуласына ылайык), синтез жана бүтүндүк жатат. Бул субъективдүүлүктү жана ичкини, жигердүүлүккү жана жүүнсүздүктү, сезимталдыкты жана акылдуулук сыяктуу карама-каршы уюлдарга бөлүүдөн баш тартуу дегенди түшүндүрөт.

Психоаналитиктер маданий мейкиндикте аялдын үнү толук кандуу жаңырышынан конструктивдүү көз караштардан четке чыккандыктарды көрүп, анын кесепети чоң болушу мүмкүн экендигин белгилөөгө аракет кылышкан. Ушундай көз караштан, бүгүн жаңы этика, экология, аялдар жүргүзгөн саясат, бизнестин түрү, аял окумуштуулар жөнүндө жазышат. Башкача айтканда, маданиятта башка ургаачы "проекциянын" болушу мүмкүн экендиги айтылат. Акыркы көз караштын авторлору аялдардын өзгөчө феноменин алардын жашоону денеси аркылуу сезүү айырмачылыктарынан көрүшөт жана "жаңы тарыхтын", б.а. "аялдын денесине кайтып келиши"

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

менен байланышкан маданияттын келечегинин кескин өзгөрүшүн сүрөттөшөт.

«Аял болуп төрөлгөн» жана «Топурактан жаралган» китептеринин авторлору А. Рич жана С. Гриффин адамдын денеси менен акылы эки бөлөк жашайт, алар капысынан гана бири-бири менен байланышып калышкан деген аныктамалар туура эмес, адамдын аң-сезими денесинен таптакыр ажырап өз алдынча жашай албайт дешет. Бир караганда аялдын денеси суктанууларды жаратып сүрөтчүлөрдү, акындарды шыктандырып келгени менен аялдын денесине болгон так ушундай мамиледен улам “аялдын дүйнө-таанымынын денелик маңызын” унутулуп, маданияттан сүрүлүп чыгарылган. Бул изилдөөчүлөр чын-чынына келгенде дене “интеллектуалдык көрүүнүн, кабыл алуунун жана элестетүүнүн булагы” деп эсептешет (Гриффин С.)

Аялга мүнөздүү дүйнөнү кабыл алуу – бул аялдын дене аркылуу ой-жүгүртүү жөндөмү. Ал аялдын психобиологиялык түзүлүшүнөн келип чыгат (дененин маалымат кабыл алуусунун өнүккөндүгү, байкоочулук жөндөмү, ооруга каршы туруктуулугу, денеге көп кырдуу байланышы, аялдын физиологиясынын жаратылышка жакындыгы). Бирок, жаратылыш аялды өзүнөн өзүн, өзүнүн денесинен ажыратты, ошондуктан “аядын денесинин уюшканы, азырынча жетиштүү изилдениле элек, чети дагы ачыла элек көп нерсенин булагы” (А. Рич).

Бул булактын мүмкүнчүлүктөрүн иштете билүү – “аялдын денесинин кереметин” адамзатына өнүгүүнүн жаңы мейкиндиктерин ачып берет, аялдар балдарды гана эмес, адамзатынын турмушунун өзгөртүүгө, бириктирүүгө жана колдоого керек өздөрүнүн көрүүсүн, ой-жүгүртүүсүн дагы ала келген “дүйнөнүн” орношуна көмөк көргөзөт (А. Рич). Аял феноменин терең өзгөчөлүктөрүн табуу жана чагылдыруу изилдөөлөрү, бир багыттуу, андан бөлөк түшүнүүнү жана түшүндүрүүнү четке каккан принциптердин теоретикалык негизине дуушар болушкан. Теориянын өзүнүн тили “жалпы маанилүү” - деп аталган теоретикалык түшүнүүнүн чегинен

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

сырткары колдонууга жараксыз болуп чыккан. Айтылган процесстер жаңы "башка" негиздерди издөө керек экендигин түшүнүүгө шарт түздү. Мындай негиз постструктуриализмдин философиясынан табылган. Дискурстарда бийлик баалуулуктары киргизилген. Элдер бул ишке өздөрүнүн маданий умтулуулары, артыкчылык жана баа берүүлөрү аркылуу катышышат. Тилдин мындай колдонуу иштерин дискурстук катары түшүнгөндө деконструкция ыкмасы келип чыгат.

Деконструкция – лингвистиканын, философиянын жана психоанализдин бир тармагы. Эң жалпы түшүнүктө деконструкция ой-жүгүртүүнүн карама-каршылыктарын социалдык-маданий системанын рухун өзүнө сиңирип алган тексттеги сөздөрдү, сүйлөмдүн түзүлүшүн изилдеп, талдоо аркылуу табуу ыкмасы болуп эсептелет.

Негизги билдирүүлөрдөгү "каршылыктарды" ачып берүүнүн жардамы менен деконструкция таза логиканы жана аргументацияны колдонуп жүргүзүлгөн талдоодо байкалбай калуучу бейаңдуулук аң-сезимдин билдирүүлөрүн көрө алат. Ж. Деррида маданиятта бейаңдуулук аң-сезимдин түшүнүктөрүнүн деңгээлинде кандайча болуп аялдын элеси "экинчи", "башка", "чоочун", "маргиналдык" болуп түзүлөөрүн көргөзө алган. Деррида "эч кандай анык аял жок"[40] экендигин белгилеген. Аялдардын жазуусу жана окуганы – бул аялдардын өзүн-өзү таануу механизми. Аялдын жазуу өзгөчөлүгүнүн артында "феминдик" жана "аялдар" түшүнүктөрү жатат. Аялдардын табийгаты жөнүндөгү суроо – бул аялдардын өзүн-өзү таануусу жөнүндөгү суроо. Азыркы аял өзү менен өзү ажыратылган аял, ал муну түшүнгөндө жасалма жол менен түзүлгөн "аялдык" түзүлмөсүнөн кол үзүшү керек.

Зиммель өзүнүн эмгектеринде аялдардын өзгөчөлүгүн жана өздүк баалуулук маселелерин орус ойчулдарынан дагы терең изилдеген. Анын ою боюнча биздин бир жактуу,

[40] Деррида Ж. Шпоры: Стили Ницше //Философские науки, 1991, №2. 124-125-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

объективдүүлүк, баардык коомдук жетишкендиктер, адамдын сапаттары эркектердин көз-карашынан гана туура деп табылган дүйнө “жашоонун аядык принциптеринин өз алдынчалыгына” муктаж. Эркектердин маданияттагы үстөмдүгү алдында “эркектердин кылган иши туура жана калыс” деген түшүнүктөр бардыгын өзү менен алмаштырган. Бирок, аялдардын өздүк жашоо позициясы бар, ал маданий чөйрөдө ишке ашырылышка муктаж. Автор Кант жана Гегельдин идеяларына таянып, маданият эркектердин мурдатан алган жашоо ынгайсыздыктарынын натыйжалары, анткени маданий жетишкендиктердин баардыгы – бул адамдын субъективдүү-объективдүү дуализмди жеңип чыгууга болгон умтулуусу дейт. Аялдардын априори негиздери бөлөк, алар дуалистик өнүгүүгө чейинки тепкичте турушат, алардын “жашоого терең чөмүлүүсүнүн” жыйынтыгында дүйнө менен мамиле түзүүсү маданият аркылуу болушуна муктаж эмес. “Эркектер үчүн баштапкы бөлүнгөн дуалистик дүйнөнү жеңип чыгуунун натыйжасы, аялдар үчүн башынан эле берилген”[41]. Жашоо философиясынын өкүлү болгон Зиммель үчүн, ал эмгегин жазып жаткан учурда, кадимки классикалык философиядан айырмаланып, эң башкы болуп адамдын руху, анын маданий жетишкендиктери эмес, “адамдын өзүн жашоодо жашап өткөн өмүрү болгон”. Ошондуктан ал тапкан “аялдардын априорилик жашоо негиздери”, эркектердин жашоосунун априорилик дуализминен айырмаланып, ага караганда табигый жана эриш-аркак жашоонун негизи катары саналат.

Автор, аял маданиятка иш-аракеттердин субъектиси катары эмнелерди алып келе алат, “аялдык принциптерди” ишке ашыруу жашоонуну ар кыл тармактарында (тарых, искусствонун кээ бир түрлөрү, медицина, юриспруденция) кандай натыйжаларды бере алары жөнүндө божомолдорду жүргүзөт.

[41]Зиммель Г. Женская культура. //Избранное. – М., 1996. Т.2. 72-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Зиммель аялдын маданияттын субъектиси катары караган өз алдынча кайталангыс көз-карашына карабай, ал божомолдорунда аягында “аялдын объективдүү маданиятында, аялдын маңызынын калыбынын объективдүү маданиятка жалпысынан туура келбестик принциптери бар” деген бүтүмгө келет.

“Аялдар маданияты ар бир коомдо жалпы адамзаттын моралдык баалуулуктарынын, үй-бүлөнү, тукумду сактоо, жашоонун, улуттук өзгөчөлүктөрдүн сырларынын чагылдыруучусу”[42].

Ушуну менен биринчи параграфты жыйынтыктап жатып байыркы дүйнөдө аялдар феномени көптөгөн негиздүү шарттардын натыйжасында жетиштүү түрдө изилденбегендигин белгилей кетишибиз керек. Анын бирден-бир себеби аялдын орду үй-бүлө менен гана чектелгендигинде. Аялдын социалдык орду маанилүү экендиги таанылган, бирок, коомдун түзүлүш принциптеринде, байыркы классиктердин саясый-философиялык эмгектеринде чагылдырылгандан тышкары, анын саясатка катышуу мүмкүнчүлүгү четке кагылган.

Орто кылымдарда инжилдин күнөөкөрлүк концепциясы аялга болгон мамилени ого бетер начарлатып, аны экинчи орундагы күнөөлүү, коркунучтуу нерсеге айланткан. Мусулман өлкөлөрүндө эне катары өзгөчө сыйланганы менен аял толугу менен эркеке баш ийген: атага, күйөөгө, агага, балага. Жаңы тарыхта болсо “адамзаты жынысы боюнча “айырмаланат” – деп эсептелген. Ойчулдар аялдарга кичи пейилдик, каада деген эмне экендигин үйрөтүш зарылдыгын, ошондой эле, аларга тарбия жана билим берүү керек экендигин айтышкан. Немис классикалык философиясы аялдын ой-жүгүртүсү мүлк, дүйнөгө – табигыйга багытталгандыгын белгилешип, ошондуктан ага субъективдүүлүк мүнөздөмөсүн ыйгарышып, коомдук тармактардан гана эмес, деги эле, коомдун өнүгүш тарыхынан

[42] Кайдаш С. О женской культуре// Феминизм: Восток. Запад. Россия. – М., 1993. 39-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

дагы чыгарып салышкан. Марксизм болсо аялзатын анын өндүрүш каражаттарына болгон көз-карандылыгын изилдеген көз караштар аркылуу караган.

Коомду жыныстык бөлүү, коомдук асимметрия боюнча көз караштардын ичинен Ницшенин, Фрейддин концепциялары эң көрүнүктүүлөрү болуп саналат. Шопенгауэрдин жана Вейнингердин көз караштары кылымдардын тогошуу учурундагы жыныстар арасындагы мамилелер жөнүндө талкууларды жаратып коомдук аң-сезимге абдан чоң таасир тийгизишкен. Аялдар дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн, өз алдынчалыгын, аялзатынын феноменин кайталангыстыгын, биздин цивилизациянын калыс эмес, эркек “жыныстык” экендигин чагылдырганына карабай, Зимельдин көз караштары ошол мезгилдеги Европанын классикалык философиясындагы аялдарга болгон түшүнүктөрдү өзгөртө алган эмес.

Орус философиясында “ургаачылык принциби” “метафизикалык жана ааламдык принциптердин” катарына кирген. Бул көрүнүштүн өзү эле кайталангыс. Анткени европалык көз караштарда метафизика “эркек” мүнөздүн гана мүмкүнчүлүктөрү менен байланышкан.

Аялдар феноменин талдоодогу бардык теоретикалык айырмачылыктарга карабастан, бүткүл европалык ойчулдарын коомдо “аялдар принцибин” орнотуу мүмкүн эместиги менен макул болгондугу бириктирип турат. Аялдар бул көз караашта чыгармачылыктан сырткары калышып, анын коомдогу орду эркектерге кыла алган таасирине гана байланыштуу.

Философ үчүн дайыма “башка” болгон, дайыма “заттын” чегинде каралган, жана ушулардан улам келип чыккан аялдар феноменине болгон көз караштар эркектер арасында гана болгон эмес. Миңдеген жылдар өзүн салттык маданияттын көз караштары, башкача айтканда, эркектердин көрүүсү аркылуу кабыл алынып келе жаткан аялдар дагы өздөрүн “башка” катары карашкан.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

## 1.2. АЯЛДАР ФЕНОМЕНИН ТҮШҮНҮКТӨР СИСТЕМАСЫ: «ТЕҢ УКУКТУУЛУК», «ЭМАНСИПАЦИЯ» «БОШТОНДУК»

Адамдардын коомдогу жашоо императиви - теңдик принцибинин ишке ашырылышын, чыныгы демократиялык коомго өтүүгө жана анын бардык социалдык топторунун кызыкчылыктары көңүлгө алына тургандыгынын кепилдиктеринин болушун талап кылат. “Теңдик” түшүнүгү саясый, социалдык, экономикалык өңүттөрдү камтыйт. Теңдик жыныстардын тең укуктуулук маселеси, адамзатынын жарымынын кызыкчылыктарын кылымдар кысмакка алып келген көйгөй катары каралат.

Бул идея көптөгөн теорияларга айланганы менен, негизинен ал аялдардын эркектедей эле коомдук өнүгүү процесстеринин субъектиси катары таанылышына арналган. Бул максатта социалдык-экономикалык жана саясый мамилелерди аялдардын пайдасына өзгөртүү сунуштары киргизилген. Бирок, сакталып келе жаткан теңсиздик кадыресе аялдар маселесинин алкагында аягына чейин чечүү мүмкүн эместигин айгинеледи.

Эң жалпы көрүнүшүндө коомдук тең укуктуулук субъективдик-субъектүү, ошондой эле субъективдик-объективдүү мамилелер менен мүнөздөлөт. Субъективдүү-объективдүүлүк мамилелеринде топтук жана жеке мамилелерден алыстоо мүмкүн. Коомдук тең укуктуулук ал системанын ичиндеги биригүүгө, интеграцияга жана эриш аркактуулуктун көбөйүшүнө өбөлгө түзөт. Тең укуктуулук - бул эркектер менен аялдардын коомдогу социалдык укуктарынын чыныгы теңдиги.

Бирок социалдык турмуш жана аны таануунун теоретикалык чагылдырылышы диалектикалык карама каршылыкта, ошондуктан социалдык тең укуктуулукту түз же кыйыр, иш жүзүндө же келечегинде социалдык теңсиздик коштоп жүрөт. Жалпысынан ал топтук же жеке өзгөчөлүктөргө таянат жана аны өзгөчөлөгөнгө, өздүгүн өркүндөтүүгө багытталган. Социалдык тең укуктуулук адамдардын өз ара мамилелери жана байланыштары болгон

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

бир маселенин эки тарабы. Ошондуктан алар чыныгы турмуштагыдай эле бири жок экинчиси жашабайт жана бөлүнбөстөн бирге каралышат.

Эң туурасы катары, социалдык тең укуктуулук, адамга карата тышкы көрүнүш болуп саналган адамдардын коомдук ордунун теңдигин караган: марксизмде – социалдык-коомдук, либерализмде – укуктук. Тең укуктуулук көйгөйлөрүн изилдегенде демейки теориялар негизги маселе катары мүлктүк жана руханий байлыктарды айырмалап, үлүштүк принциптин негизинде бөлүштүрүүнү карашкан. Марксизмде үлүштөр мамлекеттин жардамы алдында коллективдик эмгектен жаралган нерсе ченелип, иш жүзүндө, ал теңдемечиликке алып келиши толук мүмкүн болгон; либерализмде – базар экономикасынын негизинде өздүк уюшунун негизиндеги жеке эмгек ченелет, өз кезегинде, мындай жол теңсиздикке алып келет, анткени ар бир адам туубаса жөндөмдөрү жана социалдык мүнөздөмөлөрү бирдей эмес.

Бардык мезгилдерде жеке менчик көйгөй болуп келген. Жеке менчик адамдын теңсиздиги менен байланышкан; экономикалык жактан түз, саясый, руханий ж.б. жактарынан кыйыр түрдө. Коомдук өнүгүүнүн “мүлк факторлоруна” эмгектин коомдук бөлүнүшү дагы кирет. Үй-бүлөөнүн экономикалык (мажбурдук) баштаптарда түзүлүшү жыныстардын коомдук теңсиздигинин экономикалык жана башка негиздеринин детерминанты.

Марксистик концепциядан айырмаланып Э. Дюркгейм эмгектин бөлүнүшү теңсиздикке жоопкер боло албайт деп эсептеген[43]. Бул жерде көйгөйдүн маңызы эмгектин бөлүнүшүндө эмес, анын коомдук бааланышында. Бардык мезгилдерде аялдардын эмгеги (“аялдардын” кесиби) “натыйжасыз” деп эсептелинип келген. Ал коом тарабынан “натыйжалуу” катары эсептелген эркектердин (“эркек кесиптер”) эмгегинен алда төмөн бааланган. Ошондуктан

[43] Дюркгейм Э. О распределении общественного труда. – М., 1996. 63-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

эмгектин бөлүнүшү анын иш-аракеттик бааланышын айырмалайт, коомдук аң-сезим болсо бул айырмачылыктардын негизинде аялдардын эмгегин эркектердин эмгегине баш ийгизет. Мунун негизинде социалдык теңсиздиктин негизин түзгөн, аялдарга жана эркектерге туура келет деп эсептелген, биринчиси баш ийген, а экинчиси башкарган, жыныстык социалдык иерархия пайда болот.

Жеке менчик адамзаттын өнүгүү тарыхындагы кээ бир баскычтарында социалдык теңсиздикти бекемдөөдө чечүүчү мааниге ээ. Бирок аялдардын баш ийүүсүн жеке менчик менен байланыштыруу жалпысынан туура эмес, анткени маселе жеке менчик пайда болгон таптык коомго чейин эле бар болгон. А. Бебельдин айтуусу боюнча “аял күң пайда боло электе күң болуп калган”[44].

Коомдук көз караштан алып караганда мааниси аз тармактардагы иштердин аялдарга бөлүнүп берилиши, коомдук маанилүү иштер бекитилип берилген эркектерге салыштырмалуу, аларга экинчи орундагы, теңсиздикти бекемдөө дегенди түшүндүрөт. Аял менен эркектин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын талкуулаган илимий айыгышууда экинчиси жеңип чыкты. Анын уңгусунда ишкердиктин негизиндеги социалдык теңсиздикти четке каккан да, мүмкүн кылган да теориялар калыптанган. Биринчилердин катарына биологиялык теория кирет. Ал жыныстардын арасындагы айырмачылыктардын биологиялык мүнөзүн далилдеген, ошонун негизинде социалдык теңсиздиктин өзү мүмкүн эмес нерсе көрүнүш катары каралган. Биологиялык көз караштын чектелгендигине кандайдыр бир даражада социалдык-психологиялык теориянын алкагында, анын ичинде Э. Фроммдун жана К. Юнгдун окууларына сокку берилген.

Э. Фроммдун “Сүйүү өнөрү” китебинин биринчи бөлүмүндө аял менен эркектин түпкү айырмачылыктары берилген. Фромм аялдар менен эркектердин тең экендиги

[44] Бебель А. Женщина и социализм. – М.: 1959. 65-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

жөнүндөгү идеяларды колдогон эмес, анткени анын түшүнүгү боюнча мындай көз караш алардын бирдей болушун талап кылат. Алардын бирдейлиги "айырмачылыктарды танган теңдикти эмес, толугураак ачылуу мүмкүнчүлүгүн болушун" талап кылат[45].

Улуу гуманист жыныстардын айырмасы теңсиздиктин негизи эмес, бирдей баалуу ааламдык баштаптар катары каралган "Соо коом" жөнүндө жазган. Фроммдун баардык эмгектери бир ыйык багытта болгон: байыркы чыгыш ойчулдарынын жана өз окутуучуларынын окууларынын социалдык-психологиялык көйгөйлөрүнө чырмалып, үмүтүн үзүп койгон жандарга жардам берүү. Ал патриархалдык идеялардын күчөшүн белгилеп, патриархаттык жана матриархаттык сенек түшүнүктөрдү карап чыккан.

Патриархат мамлекетке жана бийликке, адамдар орноткон мыйзамдарга жана коомдук иреттелген түзүлүштөргө баш ийүү, ошол эле учурда – рационалдуулуктун жана объективдүүлүктүн, жеке өнүгүүнүн, коомдук аң-сезимдин күчөшү аркылуу байкалат. Матриархат болсо коомдун көңүлүн кандык жана жердештик байланыштарга, улутка байланышкан учурларга бурат.

Матриархат "тең укуктуулук принциптерин, жашоонун кол тийбестигин, бардык адамдардын жаратылыштын байлыктарын колдонууга укуктуу болушун, бардык адамдар Жер Эненин балдары жана алардын баары коомдо кандайдыр бир өзгөчө орунду ээлөөгө укуктуу" деген түшүнүктөрдү туу тутат[46]. Фромм эркек эле эмес, адамзатынын кыйраткычтыгын баса белгилейт, бирок, адам жана эркек бир эле түшүнүк экендигин эске алуу зарыл. Ошол эле учурда, аялзаты табиятынан боорукер, көңүл бөлүп жана аяй билген зат. Бул касиеттер аялда терең орун алган, булар жок ал жардамсыз жаш баланы өстүрүп жана тарбиялай албайт. Ошондуктан аял үчүн алсыздык табигый көрүнүш. Мындай көз караштан алганда алсыздыкта уяттуу эч нерсе жок. Адам бул дүйнөгө

[45] Фромм Э. Мужчина и женщина. – М., 1998. 118-б.
[46] Фромм Э. Здоровое общество//Мужчина и женщина. – М., 1998. 177-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

алсыз келип, алсыз кетет. Алсыздыктын дагы татыктуу жактары бар. Анткени ал баскынчы эмес, кечире билет жана күч сыяктуу өзүнө өзү корстон эмес. Эгерде күч болсо баш ийдирүүгө, басынтууга, башкаларды өз эрежелерине ылайык жашатууга умтулса, алсыздык башкалар менен эсептеше билет, башкалар ага керек. Аялдардын алсыздыгы чыдамкайлык, бекемдик, башкалар менен эсептеше билүү, керек болсо ага баш ийүү аркылуу башкаларды баш ийдирүү сыяктуу сапаттары бириктирет. “Алсыз” аялдар чыдамкайыраак, иш жүзүндө эркектен кем эмес иш кылат жана алардан узак жашашат. Адамдын чыныгы күчү анын кыйратуу күчүндө эмес, жаратууда.

Фроммдон кийин К. Юнг жыныстардын айырмачылыктарын белгилеп кеткен “Сезимдер, ой-жүгүртүүгө караганда, аялдардын психологиясына айкын мүнөздү. Бул аял ойлонбойт дегенге жатпайт, бирок анын ойлонуусу – анын сезимдеринин кошумчасы”[47].

Бирок, окумуштуу эки жынысты психологиялык өңүттө жакындаштырууну каалаганы ачык эле байкалып турат. Анын окуусундагы эркектик архетиптик элес бейаңдуулук аң-сезим аркылуу аялдын архетиптик элеси менен толукталышы бекеринен эмес. Юнг, Фрейдден айырмаланып бейаңдуулук аң-сезимдин ургаачы, чыгармачылык ишкердигине баа берет.

Аял менен эркек табигый “өз ара толуктоо” идеясынын жактоочулары аялдын үй-бүлөдөгү өзгөчө орду социалдык эмес эле биологиялык жактан шартталгандыгын жана анын энелик милдети менен байланышканын белгилешкен.

Жыныстардын коомдук өз ара мамилелери аялдар менен эркектердин өзгөчө милдеттеринин алкагына кирген иштерге караганда, бийликтин бөлүнүшүнө, коом таануунун ченемине, эркек менен аялдын кылган иштеринин барктуулугуна байланыштуу.

Социалдык түзүлүш суроолору маданий-белгилик суроолор менен тыгыз байланышкан. Бардык элдерде адамдын

[47] Юнг К. Сознательное и бессознательное. – Спб., 1997. 221-222 - б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

көзөмөлүнө кирбеген, сырттан келген табигый нерселерге караганда, ал өзү жараткан жана анын башкаруусу алдындагы иш-аракеттер, көрүнүштөр, заттар жогору бааланат. Ургаачы башат маданиятка караганда жаратылышка жакыныраак катары кабыл алынгандыктан, ал эркектен ылдый саналат. Маданияттар аралык, этнографиялык изилдөөлөрдүн негизинде эркек менен аялдын кылган ишин айырмалоо, мисалга – алардын өз ара мамилелеринин мүнөзү, коомдун чарбалык иш-аракеттеринен көз карандылык байланышта.

Эмгектин жыныстык бөлүнүшү бардык жерде эле бирдей эмес. Анткени, ири жаныбарларга аң уулоо эркектердин күчтүүлүгүнө гана байланыштуу эмес. Көп учурда мергенчиликке чыгыш үйдөн алыс сапар тартууга туура келгендиктен, аялдар мындай ишке катышышса өздөрү менен бирге балдарын жана оокатын көтөрүп жүрүшү зарыл болмок. Жаратылыш шарттарына байланыштуу ири жаныбарларга аң уулоону үйгө жакын жүргүзгөнгө мүмкүн жерлерде, аялдар эркектерден кем эмес, ийгиликтүү аң уулашкан. Эмгектин жыныстык бөлүнүшүндө социалдык, тарыхый, формациялык мыйзам ченемдүүлүктөр бар. Алгачкы уруулук коомдо жынысына жана жашына жараша бөлүү башкаруу жана баш ийүү мамилелерин жаралуусуна алып келген эмес. Эркектер менен аялдар ар кимиси өз чөйрөсүнө таандык, бирок коом үчүн бирдей баалуу жумуштарды аткарышкан.Уруунун чарбалык иштериндеги аялдардын өзгөчө орду, тукум кууштуруу энеси аркылуу жүргүзүлгөндүгү жана уруунун өздүк уюшуусу дагы энелер тарабынан болгону аларга коомдогу эң жогорку орунду камсыз кылган[48].

Патриархалдык коомдордо саясый-коомдук чөйрө толугу менен эркектердин ээлигинде жана анда аялдардын катышуусу катуу чектелген. Бирок мындай көрүнүш кээ бир учурда чындыкка туура келбейт, анткени бөлөк, үй-бүлөлүк чөйрөдө чечим кабыл алуу укугу толугу менен аялдардын колунда, эркектер бул чөйрөгө сейрек киришишет.

[48] Перишу А. И., Монгайт А. Л, Алексеев В. П. История первобытного общества. – М.: Высшая школа, 1982. 99-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Т. Б. Щепанская күнүмдүк турмуштун белгилик (семиотикалык) өңүттөрүн изилдөөдө аялдын топтогу түзүлүшүндөгү өзгөчө ордун ачкан: эгерде эркек топтун түзүлүшү борбордон четке карай башкарууну камсыз кылса, топтогу аялдар, тескеринче, четтен борборду көздөй өткөн башкаруу иш-чараларын өткөзгүчү болгондугу, социалдык башкарууда эки тарапка багытталган эркек жана ургаачы агымдардын бар экендигин билдирет. Ушуну менен жыныстык диморфизмдин (жыныстардын өз алдынча болушу) жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү кандай гана болбосун, бардык коомдордо аял менен эркектин жеке мүмкүнчүлүктөрү жана жөндөмдөрү коомдук-өндүрүштөгү иш-аракеттердин жыныстык айырмаланышы менен шартталган. Жарыя кылынган аял менен эркектин социалдык тең укуктуулугу, иш жүзүндө, аларды абдан окшош жашоо жолуна даярдоого алып келет: жынысына карабай бардыгы билим алыш жана иштеш керек, болгону аял үчүн үй-бүлө дагы бир “кошумча” мүмкүнчүлүк. Коомдо жыныстарды башкаруу, баш ийүү өңүтүнөн алып караган, кадыресе калыптанып калган көз караштардын таасири чоң. Мындай абал аялдардын атаандаштык, жигердүүлүк сыяктуу сапаттарынын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Эркек “жумуштарда” иштеген аялдар эркек сапаттарга ээ боло башташкан – мүнөзү, ой жүгүртүү калыбы, өз кезегинде бул аялзаттулук, эркектик жөнүндөгү калып мамилелердин өзгөрүүсүнө алып келген. Кыргыз аялдарынын арасында мындай көрүнүштөр аз байкалган.

Тең укуктуулук көйгөйү – көп деңгээлдүү айырмачылыктардан турган көрүнүш. Социалдык тең укуктуулукта айырмачылыктар кеминде эле үч деңгээлде байкалат: жыныстардын айырмачылыгы, жыныстын ичиндеги айырмачылыктар, жеке айырмачылыктар. Тең укуктуулуктун негизги идеясы башынан эле аял менен эркектин мыйзам алдындагы тең укуктуулугунун идеясы катары ишке ашырылган. Расмий тең укуктуулук – бул иш жүзүндө, жеке инсандарга тийиштүү айырмачылыктарды четке чыгарып, бир

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

калып менен ар түрлүү объектилерди теңдеген көрүнүш. Эгер теңсиздик көп учурларда тигил же бул айырмачылыктар менен акталгандыгын эске алсак, тең укуктуулук аял менен эркектин социалдык теңдигинде эң маанилүү суроо. Жыныстардын теңдиги, өзүнүн тарыхый жолунда, аялдын эмансипациясынын (боштондугунун) идеясы катары каралып келген. “Аялдардын боштондугу” категориясы аялдардын боштондугу үчүн экономикалык, коомдук, саясый, укуктук мүмкүнчүлүктөрдү жана руханий негиздерди түзүү дегенди билдирген. Ал эми “аялдын эмансипациясы” категориясы жогорку айтылгандар менен бирге аялдардын ошол тармактардагы тең укуктуулугун иш жүзүндө камсыздандыруу дегенди билдирет. Аялдарды боштондукка чыгарууда (өзгөчө жаңы мусулман аялдарын) жана алардын жаңы социалисттик элесин түзүүдө жарандык-саясый, демократиялык укуктук аң-сезимди тарбиялоо иштери анын негизги багыты жана мааниси болуп калган.

Аялдардын саясый жана жарандык тең укуктуулугу үчүн күрөшү эки өңүттө жүргөн: 1) аялдардын укугун камсыздаган мыйзамдарды кабыл алуу; 2) Кабыл алынган мыйзамдардын чегинде аялдын өз укугун колдонууда пайда болгон тоскоолдуктарга каршы күрөшүү (жаш кезинде күйөөгө берүү, көп аялдуулук, аялдардын билим алуусуна каршылык, айыл-чарба жана өнөр жай жумуштары, мамлекеттик башкаруу жана коомдук турмуш жана башка ушул сыяктуу) Аялдардын тең укуктуулугун камсыздоодогу эң башкы маселелердин бири - алардын билимин жана маданий деңгээлин көтөрүү болгон. Биринчи мугалимдер даярдалган, аялдар клубун, кызыл бурчтар ж. б. у. с. түзүү үчүн атайын иш-чаралар жүргүзүлгөн. Боштондуктун биринчи баскычында аялдар кесиптик артелдерге тартылса, экинчи баскычта жаңы өнөр жай тармактарынын пайда болушу менен алар ири өнөр жай мекемелерине кире баштaшкан. Ошондой эле, аялдардын эмгек акысы эркектер менен тең орнотулуп, аларга жеңилдиктер берилип, мектепке чейинки тарбиялоо мекемелери ачылган. Ушундай шарттар көптөгөн аялдарга

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

коомдук жана өндүрүш иштерине катышууга мүмкүнчүлүк түзгөн.

Аялдарга боштондук берүүнүн экинчи баскычында айыл-кыштактарда аялдарга эркектер менен тең өлчөмдө жер жана суу бөлүштүрүү, аялдардын айыл-чарба артелдерин уюштуруу, андан соң аялдарды жапырт колхозго өткөзүү иштери жүргүзүлгөн. Белгилей кетчү нерсе, бул баскычта негизги басым жыныстардын укугун теңөөгө эмес, аялдарга жогорку билимге, кесиптик иштерге жол ачуу жана үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөрүүсүнө жасалган. Эмансипация идеясынын мазмундук өзгөчөлүгүн камсыз кылган себептер:

- Руханий жашоонун кескинделиши, аялдардын аң-сезиминин өсүшү;
- Аялдарды үйдөн тышкары жумуш менен камсыз кылууга экономикалык талаптын болушу;
- Чыккан тегине карабастан, аялдардын жеке көз карандылыгынын коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгондугу.

Ошону менен бирге 1920-30 жж. социалдык мамилелерде терс көрүнүштөр орун ала баштаган. Жалпы жонунан бул агымды төмөндөгүдөй элестетсе болот: а) коомдук өндүрүштө аялдардын күчүн колдонуудагы эбегейсиз зор көлөмдүн жана төмөнкү деңгээлдин туура келишпегендиги; б) аялдардын саясый иштерге катышуусунун жарыя түрүндө калышы; в) аялдардын энелик милдетин аткарууга жана ошол эле учурда өндүрүшкө катышуусуна социалдык жана экономикалык шарттардын жоктугу.

Эмансипация чөйрөсүндөгү орун алган кемчиликтердин негизи жалпы мүнөздөгү теоретикалык көйгөйлөрдүн болушунда жатат. Алар башка мезгилде, башка социалдык-саясый чөйрөдө пайда болгон марксизимди сенек идея катары колдоно бергенден улам келип чыккан. Салттык болуп калган аялдардын эмгектик маселелери, турмушу, билим алуусу, үй-бүлө мамилелери ж.б. у. с. учурларга көп көңүл бурган диалектикалык көз караштын ордуна социалдык-психологиялык, социо-маданий, этникалык жана башка

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

аялдардын көйгөйлөрүн изилдеген илимий багыттар келе баштаган.

Теориянын кемчиликтери негизинен илим менен саясаттын өтө тыгыз байланышынын келип чыккан, илимдин аялдар маселеси боюнча партиялык идеологиянын көрсөтмөлөрүнө толугу менен баш ийгендигинин кесепети болгон. Жалпы философиялык маселелердин контекстинен алып караганда “теңдик” түшүнүгү менен “бирдей” түшүнүгү бир түшүнүк  катары кабыл алынып, мындай көрүнүш акыры теңчилик үчүн жүрүштүн багыты жыныстык айырмачылыктарды азайтууга багытталып калышына себепкер болгон.  Мунун түздөн түз натыйжасы болуп аялдардын эркекке, эркекти аялга окшоштуруу аракеттери саналат. Системалык кризис жөн эле карама каршы эмес, кайнаса каны кошулбаган саясый жана идеологиялык күчтөрдүн биригишине алып келген. Экономиканын көйгөйлөру эмгек чөйрөсүндөгү абалды ого бетер курчуткан. Эркек үй-бүлөөнүн багуучусу деген түшүнүк аялдын коомдук өндүрүш чөйрөсүнөн сүрүлүп чыгышынын бирден-бир себепкери болгон. Аялдын тукум жаратуу функциясын калыбына келтирүү жашоо шарттарын жакшыртуу менен байланыштырылбастан, салттык түшүнүктө тукум улоо катары кабыл алынган, анын үй-бүлөгө кайтып келиши гана каралган. Суроонун жеке жагына өзгөчө көңүл буруу, үй-бүлөдөгү руханий жашоону жана адептүүлүктү кайра жаратуу көйгөйүн аялдардын эсебинен чечүүнү каалаган эркектердин кызыкчылыгына туура келет. Патриархалдык идеялардын тез ынандыруучу себептери болуп төмөнкүлөр саналат: а) Кеңештер коомундагы социалдык теңчилик идеясынын кандайдыр бир деңгээлде ишке ашпай калышы; б) теңдикке жетүү идеясынын мифке айлантылышы; в) социалдык теңчилик жыныстык боштондук катары кабыл алынышы. Бирок, азыркы күндө эркектин жеке бийлиги чектелген, анткени ал салт катары кабыл алынган “багуучу-күйөө” социалдык милдетин канааттандырарлык аткара албагандыктан, анын  социалдык өзүн өзү таануусу күмөн

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

алдында болуп келет. Аялдардын эмансипациясы добуш берүү тең укуктуулугун камсыздагандыгы менен маанилүү. Аялдардын добуш берүү укугу алардын бийликке тең катышуусуна кепилдик бербесе дагы, бул укуксуз аялдарга жеңил же жакшы болмок эмес. Эмгекке болгон тең укуктуулук бул чөйрөдө тең мүмкүнчүлүктөрдү түзөт же бирдей эмгек акыны камсыз кылат дегенге жатпайт. Бирок, мындай укуктун өзү эле, ал үчүн аны чектеген мыйзамдарга каршы күрөшүүгө татыйт. Социалдык теңчилик үчүн күрөшүү принцибинин өзү эле маанилүү, анткени түпкү максат – аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүн толук ишке ашырууга болгон тоскоолдуктарды болушунча азайтуу.

Кеңештер өлкөсүнүн социалистик жол менен аялдар маселесин чечүүдөгү тажрыйбасын сын көз караш менен талдаган авторлордун чыгармаларында төмөнкү учурларга өзгөчө көңүл бөлүнгөн:

Орто Азия өлкөлөрүнүн чыккан ортоазия таануучуларынын изилдөө усулдары “мусулман элдеринин” мурунку жана азыркы турмушунун ар кыл өңүттөрүн изилдөөдө колдонулган ыкмалардан эч айырмаланбайт. Ортоазия таануучулардын теоретикалык бүтүмдөрүндө негизги орунду ошол убактагы турмушка байланышкан жана бир чети жергиликтүү калктын, анын ичинде, аялдардын консервативдик маанайда болушуна өз таасирин тийгизген диний, социалдык, турмуштук жана психологиялык эски түшүнүктөрдүн түйүндүсүн катары каралган ислам суроосу ээлеген.

Аялдар маселесин изилдөөдө, Улуу Октябрь Төңкөрүшүнө чейинки мезгил талдоого алынганда, чет өлкөлүк тарыхчылардын оюу бир жерден чыгат жана социалистик төңкөрүш, бөлөк коомдук төңкөрүлүштөргө караганда Чыгыш аялдарына мурун болуп көрбөгөндөй чыныгы теңдиктин жолун ачып, аларды миңдеген жылдар бою болуп келген эркектин кулдандыруусунан бошоткондугун белгилешет.

Англис изилдөөчүсү К. Портер: “Большевиктердин төңкөрүшүн аялдардын турмушуна таңкалаардык

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

өзгөрүүлөрдү алып келди" – деп[49], ириде анын социалдык статусун өзгөрүлүшүндөгү бурулуш учур болгондугун белгилейт. Социалдык орундун өзгөрүүсүнө кылынган басым мурунку Оруссия империясынын түштүк-чыгыш чөлкөмүндөгү жашашкан, жашоо турмуш усулу ислам салттарынын таасири астында калыптанган калктар үчүн өзгөчө маанилүү.

Н. Лубин төңкөрүшкө чейинки мезгилдеги экономикага жана социалдык турмушка айыл-чарба иштеринин, соода жана устачылыктын басымдуулугу, айыл турмушунун улам өнөр жай иштерине аз көңүл бөлүнгөндүгү мүнөздүү болгондугуна көңүл бөлгөн. Изилдөөчү "аялдын баш ийген абалын"[50] белгилеп, бул абал көптөгөн жылдар бою жергиликтүү калктын жашоосунун жана кылган иштеринин мүнөзүнө өз таасирин тийгизгендигин жана алардын "өнөр-жайлык тармактарга өтүүсүнө түрткү болгон эмес".

Профессор Г. Дж. Мэссел "Кеңештер ортоазиялык аялдардын басмырланган социалдык абалын өзүнүн саясый иш-аракеттеринин нугунда зор төңкөрүштүк кудурети бар, кылымдар бою сыртка чыкпай, камкордуктун артында жашынып келген, күч катары колдонушкан, алардын көтөрүлүшчүл маанайын өз максаттарында ылайыкташтырышкан, алардын өздөрүнүн көз каранды жашоосуна болгон наразычылыктарын Орто Азиядагы адаттагы турмушту социалисттик баштаптарда кайра курууга колдонушкан"[51] - деп белгилеген.

Аялдардын социалдык-экономикалык абалынын кескин өзгөрүшүнө эки негизги шарт тоскоол болгон. Коом жаңы бийлик камсыз кылган укуктарды колдонууга умтулган аялдарды катуу сындаган жана кодулаган.

1920-жылдарда Кеңеш өкмөтү менен тил табышкан айрым молдолор, жаңы бийликтин мыйзамдарындагы кээ бир

[49] Портер К. Женщина в русской революции. – Кембридж, 1931. 44-б.
[50] Лубин Н. Женщина в советских среднеазиатских республиках: Прогресс и противоречия. – Кембридж. 1981. 182-б.
[51] Мэссел Г. Дж. Суррогат пролетариата: Мусульманские женщины и революционная стратегия Средней Азии.1919–1928 г. г., – Нью-Джерси, 1974. 17-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

учурлар ислам docининде да болгондугун айтып чыгышкан. Бирок мындай иш-аракеттерди калк каршы алып, аялдардын эмансипациясы мусулман дүйнөсү тарабынан дээрлик кабыл алынбаган. Демилгечи аялдар террорго  дуушар болушкан. Мусулманчылыктын коомдук адаттарына ачык каршы чыккан аялдар жана жаш кыздар сабалып, үй камагына алынышкан, кээ бир  учурда өмүрүнөн айырылышкан. Мисалга, кыргыз аялдарынын арасынан чыккан биринчи колхоз башкармасы болгон Уркуя Салиева өлтүрүлгөн.

Бийлик мыйзам түрүндө аялдардын тең укуктуулугун жана эркиндигин камсыздаганы менен эркектер менен иш жүзүндө тең укуктуулук алганга жетиштүү каржылык негиз түзүп бере алган эмес. Мусулман аялдары жашаган социалдык жана экономикалык шарттар тамыры менен кылымдарга кеткендиктен бир нече он жылдыктын ичинде кескин өзгөрүүлөрдү жаратуу мүмкүн эмес эле.

Адаттагы коомдо патриархалдык башкаруунун эки калыбы болгон. Улуулардын жаш муундардын жана аялдардын үстүнөн орногон бийлиги талашсыз түрдө болгон. Бул жөн гана социалдык көзөмөл болгон эмес, патриархалдык бийликтин жана феодалдык үй-бүлөөнүн экономиканын негизинде жүргүзүлгөн процесс болгон. Аялдардын үйдөгү жашоосу кемсинтүүгө дуушар болгон. Калың коомдун социалдык түзүлүшүн сактап турган, анткени кедейлер аял алганга мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан патриархалдык түзүлүштөгү өзүнүн ордун жакшырта алган эмес. Ошол эле учурда көп аялдуу үй-бүлөдө байлар “арзан эмгек” сатып ала алган жана ошонун аркасында өзүнүн үй-бүлөдөгү бийлигин чексиз бекемдеген. Андан сырткары, көп учурларда бойго жете электе никеге туруу орун алгандыктан, калың карылардын жаштардын үстүнөн болгон бийлигин сактап келген.

Улуулардын жаш муундардын жана аялдардын үстүнөн болгон бийлиги үй-бүлөөлүк каада-салттар аркылуу феодалдык калыпта негизделген.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кеңештердин саясаты үй-бүлөлүк каада-салттарга париархалдык-феодалдык калыпта негизделген коомдогу оорун алган социалдык мамилелерди өзгөртүүгө умтулган. Кеңеш өкмөтүнүн этникалык социалдык мамилелердин ичиндеги чыңалууну таптык күрөштү негиз кылган мыйзамдарды  чыгаруу аркылуу азайтуу ыкмалары - үй-бүлөөлүк ынтымакты бузууга болгон аракети эле, бирок ал баардык таптык биргелешүүлөрдөн бекем болуп чыккан.

Бул саясат Орто Азия элдеринин болгон жашоо өзгөчөлүктөрүн көрүнүш катары жок кылууга, анын ичинде, маданият, экономика жана тууганчылыктын тегерегинде түзүлгөн социалдык байланыштарга каршы багытталган чабуул болгон. Кеңеш мамлекети ата-эне менен балдардын, аял менен күйөөнүн, бай менен жумушчулардын мамилелерин тийиштүү адаттар менен күрөшкөн. Мисал үчүн, калың таптык мүнөздөгү кылмыш деп жарыяланган.

Кеңеш өкмөтүнүн аялдарга боштондук берүү программаларында аларга коомдук чарбада экономикалык оорунду камсыдоону көздөшкөн, бирок алардын үй-бүлөөдөгү экономикалык оорду көңүлгө алынган калган. Аялдын баш ийүүсү жалаң гана күйөөсүнүн көзөмөлү менен ишке ашырылган эмес. Кайын эне, “күйөө, камчы жана ислам тыйуулары” сыяктуу эле басмырлоонун жана баш ийдирүүнүн куралдары болгон. А. Бенингсен патриархалдык үй-бүлөөнүн сакталып калышына эркектердин феодалдык адаттарына караганда,  аялдардын өзгөрүүлөрдү каалабагандыгынан көбүрөөк сепбепкер болгондугун белгилеп кеткен[52].

Жаңы саясат негизинен аялдарды жумушчу күчтөрдүн курамына кошууга багышталган. Эркектерге караганда үй-бүлөөлүк жана айыл-чарба иштеринде көбүрөөк милдеттери болгон аялдар социалдык өнүгүүгө керектүү болгон адистик жарактуулукту өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрү аз болгон. Алардын кээ бири жоопкерчиликтүү оорундарды ээлегени

[52] Бенингсен А. Модернизация и консерватизм в советском исламе. – Колорадо, 1977.  257- б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

менен маанилүү чечимдерди кабыл алганга сейрек катышышкан.

Адаттагы жашоонун улана бериши бериши, аялдардын боштондугуна тоскоолдук болуп, эркектердин коомдук жана жеке турмуштагы ээлеген оорундарынын туруктуу сакталып кала беришине шарт түзгөн. Адаттагы турмушту өзгөртүү аракеттери улуттун этникалык өзүн-өзү таануусунун бузулушуна алып келгендиктен, мындай иштерге каршы туруу, улуттун өзүнүн этникалык өзгөчөлүгүн сактап калууга кылган аракети болгон.  Аялдар маселеси бул карама-каршылыктуу көйгөйгө өзгөчө татаалданышып чырмалган болуучу.

Бир жагынан, ислам иделогиясы эркектер тарабында турган, патриархалдык адаттардын жаны бек болгон, феодалдык коомдогу аялдардын абалы, аларды башка себептерге караганда большевиктердин боштондук программасына көбүрөөк тарткан. Экинчи жагынан, аялдар маселесин улуттук коомдун (кыргыз-казак) өзгөчөлүктөрүн көңүлгө албай, жалаң гана башкаруу ыкмалары менен чечүү аракеттери, аягында жарым-жартылай чечимдерге алып келип, аялдар толук кандуу тең укуктуулук алгандын оордуна, болгону элдик чарба иштериндеги кошумча жумушчу күчкө айланып калышкан.

Оксфорд университетинин кызматкери Н. Лубин аялдар маселесинин демографиялык, экономикалык жана идеологиялык өңүттөрүн талдоого алып карап чыккан. Ал аялдардын абалындагы жетишкендиктерди белгилөө менен бирге, биринчи кезекте жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү оорун алган “көптөгөн карама-каршылыктуу учурлардын калгандыгын” айтып кеткен.

Аялдарга, өзгөчө жергиликтүү калктан чыкккандарга, баардык оорундарда, анын ичинде жогорку адистикти талап кылган кесиптик оорундарда дагы  иштөө мүмкүнчүлүгү берилген. Аялдардын адистик жарамдуулугунун төмөнкү деңгээли жана жумушчу оорундарды аз ээлегендиги кандайдыр бир тоскоолдуктардан улам келип чыккан көрүнүш

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

эмес. Кесипти тандоодо алардын үй-бүлөөлүк очокко жакын болууну каалашкандыгы негизги себеп болгон. Аялдар, аларга толук эмес иш күнүн иштеп жана үйгө жакын болуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган жумуштарды издештиришет. Мындай талаптарга жогорку адистиктин кереги жок жумуштар гана туура келет.

Бекем сиңип калган, чоң үй-бүлөө күтүү адатын жаштар дагы улантып келишет. Өлкөдө балдардын төрөлүшүнүн саны азайышы жалпы мүнөздүү болгону менен түштүк-чыгыш аймактарда абал мурункудай. Аялдардын билим алуу деңгээли жогорулады. Көптөгөн аялдар маданият жана билим берүү чөйрөсүндө адистиктерге окуткан Жогорку Окуу Жайларына өтүшөт. Бирок орто Азиялык аялдын өзгөчөлүгү – анын эски салттарга бекем байлангандыгында. Эркектердин үстөмдүк абалын бекемдеген адаттагы каада-салтты бек тутуу жогорку билимдүү, жогорку кызматтарда иштеген алдыңкы көз караштагы аялдарга да мүнөздүү. Аялдар каада-салттардын, улуттук баалуулуктардын сактоочулары катары аларды кийинки муундарга өткөзүп беришет. Алар эркектерге караганда исламдын адаттарын бекемирээк тутунушат.

Кеңеш Өкмөтүнүн бул аймактагы жыныстардын тең укуктуулугун камсыздоого болгон умтулуусу эски салттарды жана диний көз караштарды жоюуга багытталган болуучу. Э. Джонс жана Ф. Грапп аймактагы социалдык саясый абалды талдоого алышып, этникалык мусулман элдери менен СССРде жашаган европалыктардын ортосундагы болгон айырмачылык кыскарып бара жаткандыгын белгилешкен. Жергиликтүү калктагы болгон жаңылануу менен салттардын байланышын аныктаган авторлор эң башкы себептер катары үй-бүлөөнүн турмушун, андагы жыныстардын оордун жана үй-бүлөөлүк баалуулуктарды эсептешет, анткени алардын өзгөрүүсү эң кыйын болот. Мусулман маданияты катары, диний суроолорго караганда, аялдардын абалын тыкыр карап, ага жубайдын, эненин жана үйдөгү иштерди аткаруучусу оорундарын берген, анын тарыхый жана маданий тараптары таанылган. Так ушул чектөөлөргө карата кылынган кеңеш өкмөтүнүн

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

институттарынын (коомдук өндүрүш жана билим берүү системасы) иш-чаралары жаңы үй-бүлөөлүк мамилелерди түзүүгө жардам берген.

СССРдин курамына кирген мусулман калктары, жалпы мусулманчылыктагы элдерден каада-салттары боюнча түшүнүктөрү айырмаланып турат. Биринчиден үй-бүлөөнү пландаштыруу боюнча көрсөткүчтөр өзгөрүлдү: жаш муундагы мусулман аялдары мурунку муундагыларга караганда азыраак бала күткөнгө аракет кылышат. Билим деңгээлинин жогорулашы дагы көп бала күтүүгө умтулууга шыктандырбайт. Он жылдардан кийин болсо да, Орто Азия чөлкөмүндө СНГынын европалык аймактарында болгон өзгөрүш процесстери оорун алууда – шаардык турмуш, билим деңгээли, жаңылантуучу чөйрө сыяктуу факторлор мусулман аялдарынын социалдык абалын коомдук чөйрөдө жана үй-бүлөөдө кескин өзгөрүшүнө алып келүүдө.

Экинчиден, Кыргызстанда өткөзүлгөн изилдөөлөр көргөзгөндөй, өлкөбүздүн ислам салттары тараган аймактарда да энелик милдеттерди жумуш менен кошо бирге алып жүрүү көбөйө баштаган. Үй-бүлөөнүн жетиштүүлүгүнө карабай айыл жергесинде дагы, шаар калкы дагы, аялдардын коомдук өндүрүш иштерине катышуусун колдошкон. Үчүнчүдөн, үй-бүлөөлүк мамилелердин өзгөрүшүнүн көрсөткүчү болуп мектепке чейинки балдарды тарбиялоо мекемелери эсептелет. Сурамжылоо иштерине катышкан мусулман аялдарынын 60% балдарды үйдө тарбиялоо үчүн добуш бергенине карабастан, жалпы жонунан мындай мамлекеттик жардамды жактыруу менен кабыл алышкан. Ошондой эле, жаңылануу деңгээли мусулман эркектеринин күнүмдүк үй иштерине болгон мамилеси менен бааланат. Үй иштерине катышпаган мурунку муундагы эркектерге караганда жаш муундагы эркектер үй иштеринде аялдарына жардам беришишет. Аялдар эки эсе түйшүк тартканы менен, эркектердин жардам берүүгө болгон ыктыяры алардын улутуна караганда социалдык абалына жана жашаган жерине көбүрөөк байланыштуу. Жаш үй-бүлөөлөрдө эркектин башкаруусу сөзсүз боло турган иш эмес. Азыркы үй-

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

бүлөөлөргө бирге чечим кабыл чыгаруу көбүрөөк мүнөздүү. Ислам райондорунда жаңылануу процесстерине карабастан эң туруктуу оорун алган көрүнүш - ата-эненин көзөмөлү. Мусулман үй-бүлөөлөрүндө жаңылануу процесстери “салттардын” калдык түрүндө туруктуу сакталышы менен коштолуп, мектеп, коомдук өндүрүш жана шаардашуу “мусулмандын жеке жаңылануусун” [53] күчөтүп турат. Бул жерде көптөгөн өзгөрүүлөр оорун алган билим берүү системасы өзгөчө мааниге ээ. Ата-энелер кыздарын мектепке жөнөтүшөт, ал эми эркектер аялдарынын билим алуусуна тоскоолдук кылышпайт.

Х. Лили мал чарбасында, аялдардын эмгек акысы эркектердики менен тең болгонуна карабастан алардын абалы “күчтүү жыныска” тең келе албайт. Алар үч кабат милдеттин алдында – малды кароо, үй иштери жана балдарды тарбиялоо. Булардын баары “советтик прессанын советтик малчы аял эркек малчы менен тең укуктуу деген ураанды жокко чыгарып, иш жүзүндө үй-бүлөөлүк турмуш патриархалдык боюнча экендигин” [54] далилдеп турат.

Малчылык иш үй-бүлөөлүк топтун эмгегине негизделген жана ал жерде аялдардын өндүрүштүк милдеттери көлөмдүү болгондугуна карабастан, бала төрөө азайган эмес. Койчулардын үй-бүлөсүндө аял менен эркектин салттык мамилелери өзгөрүүсүз сакталып келүүдө, анткени “аялдардын иши” катары саналган иштер (үй иштери жана балдарды тарбиялоо) алардын өндүрүшкө толук катышканына карабастан өздөрү жасап келишет.

Негизги карама каршылыктар жаңы менен эскинин, салттар менен инновациялардын бири-бирине кошулушпай жарым кылымдан ашык убакытка ассиметрия катары созулуп келишинин натыйжасында чыккан.

Чарбачылык кылуунун жана жашоо турмушунун окшош эместигин көңүлгө албай туруп европалык калыпты көчүрүп

[53] Джонс Э. , Грапп Ф. Модернизация и традиционализм в многонациональном обществе; на примере СССР. Нью-Джерси. 1985. 175– б.
[54] Лили Х. Скотоводы и кочевники-оленеводы в Советском Союзе. – Нью-Джерси, 1979. 97-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

алуунун негизинде аялдар суроосун чечүүдөгү жалпы “стиль” Орто Азия жана Казакстан аялдарына өз таасирин тийгизди.

Аларды “үйдөгү күңдүн” абалына жеткирген жаны бекем патриархалдык салттарга каршы алсыз аялдар эң катуу эзилген тап катары феодалдык уруулук үрп-адаттар үстөмдүк кылган улуттук аймактарда алдыңкы төңкөрүшчүл күч болуп калышы керек болуучу. Бул максатты аткарууда, аймактын экономикалык жана коомдук жашоосуна аялдарды тартуу - эң кыска жана туура жол болгон. Бир караганда эң башкы тоскоолдук жок кылынды – аялдар боштондук алып, аларды сырткы дүйнөдөн бөлүп турган бөгөт алынып салып, алардын алдында эркек менен бир катарда туруу мүмкүнчүлүгү пайда болгон. Бирок, тилеги жакшы бул максаттар иш жүзүндө болжогон үмүттөргө жакындап да барган эмес, анткени кылымдар бою аялдын табийгаттан берилген эне болуу милдетин диний жана уруулук маанайдагы тартиптер аркылуу аял жана үй ишиндеги адам болуу милдети менен байланыштырып турган темирдей бекем байланышты бетме-бет чабуул коюп жеңип ала кою мүмкүн эмес эле.

Цивилизациалык жол деп айтууга жатпаган, убакыттын көбүн жеген үй-чарба иштеринин аткаруу ыкмаларынын жана куралдарынын өнүкпөй калышы, биздин өлкөдөгү аялдар маселесинин чечүүдөгү эң негизги тоскоолдук. Орто Азияда жана Казакстандагы коомдук баалуулуктар системасы аялдардын биринчи кезекте эркекке, үй-бүлөөгө жана урууга баш ийишин талап кылгандыгы абалдын оорлошуна кошумча шарт түзөт. Уруулук үй-бүлөөнүн иерархиялык тепкичинде эң төмөнкү оорунда тургандыктан аялдар диний шартталган көз караштардын кысымынан дагы катуу жабыр тартышат.

Өлкөбүздүн ислам жайылган аймактарынын адат болуп калган өздөрүн жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнөн сырткары, жалпы мусулман дүйнөсү менен дагы үндөш учурлары көп. Т. Раковска-Хармстоун өзүнүн «Ислам жана улутчулдук: Орто Азия жана Казахстан кеңеш өкмөтүнүн башкаруу мезгилинде» аталган эмгегинде диний көйгөйлөрдү жалпы жонунан талдап,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

“ислам – аял - коом” концептуалдык түзүлүшүнө өзгөчө көңүл бөлгөн.

Ислам мыйзамдарынын (шариат) жана жарандык укуктарынын (адат) ийкемдүүлүгү аймактын элине бирдей баалуулукту тутунгандык сезимин жана коомдук жүрүм-турумдун жалпы үлгүлөрүнүн туруктуу орношуна негиз болгон. Ислам көбүнчө учурда жашоо тартиптеринин үлгүсү болуп саналат. Орто Азия жана Казакстандын мусулмандык коомдору (1990 жж.) адаттагы боюнча калышууда, кээ бир учурларда уруулук, уруктук, үй-бүлөөлүк аң-сезимдин, бир жамаатка, динин бирдиги (хадж) сезимдери үстөмдүк кылганына карабастан улуттук өзүн-өзү таануу сезими өсүүдө.

Мусулмандар арасында эрте үй-бүлөө куруу мүнөздүү көрүнүш, СССРге кирген бөлөк калктарга караганда ажырашуу аз жана көп балалуу болушат. Көп балалуулуктун негизги салттагы турмуштун сакталып кала беришинде жана жаңылануу иштеринин эң жай жүрүшүндө жатат.

1920 жана 1930-жылдардын аягы Орто Азия жана Казакстанда диний көз караштары үчүн куугунтук жүргүзүлгөн кризистик мезгилдер болуп саналат. “Худжум” деп аталып калган исламга, салттык социалдык жана маданий адаттарга каршы багытталган айыгышкан пропагандалык кампания башталган.

Ислам дини феодалдар кембагалдарды эзиш үчүн атайын ойлоп чыгарган окуу катары сынга алынып шылдыңдалган. Исламдын диний кызматкерлери жана “ыйык кишилер” эзүүчү таптардын катарына кошулуп, кылмышкер жана бузукулар деп таанылышкан. Мечиттер кордолуп, диний жөрөлгөлөрдү кылган адамдар куугунтукка алынган жана юридикалык чаралар көрүлгөн. Бирок, маңызында бул иштер аялдардын эркиндиги үчүн жүргүзүлгөн күрөш болуучу. Мусулман жамаатынын түпкүлүгүнө таасир тийгизе алган иш-чаралар жүргүзүлгөн. Бул иш чаралардын ичине адаттагы нике кыюу салтын мыйзамдан тышкары эсептөө, аялдарды үйлөрүнө жашынбай социалдык жана коомдук иштерге катышууга жана паранжаны чечүүгө үндөө кирген.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кыргыздар менен казактардын арасында ислам адаттарын катуу сактоо терең тамырланыша электиктен, алар бул иш-чаралардан азыраак запкы чегишкен.

Аялдар менен эркектердин адаттагы мамилелерин өзгөртүүгө багытталган бийлик тарабынан көрүлгөн иш-чаралар ислам динин тереңинде жаткан мусулмандык үй-бүлөө куруунун жана жамааттык уюшуунун негиздерине дагы таасирин тийгизгендиктен, алар коом тарабынан терс кабыл алынган. Исламга болгон кысым улантыла берген, бирок аял менен эркектин мамилелерине тийиштүү болгон уруулук жана үй-бүлөлүк суроолор боюнча пас тартып калган.

1970-жылдары кайрадан коомду интеграциялоо иштери жүргүзүлгөндүгүн, анын ичинде эски “диний” салттардын ордуна “советтик салттарды” киргизүү аракеттери болгондугун Раковска-Хармстоун өзгөчө белгилеген. Алардын маңызы мындайча мүнөздөлөт.

Адаттар, каада-салттар жана жөрөлгөлөр ар бир улуттук топтун мамлекеттүүлүгүнүн жана анын руханий түзүлүшүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат жана коомдун таптык маңызын чагылдырат.

Кеңештердин көз карашында Орто Азиядагы жана Казакстандагы үрп-адаттардын көйгөйү алардын арасында үстөмдүк кылган исламдын “эзүүчүлүк” мүнөзүндө жатат. Ошондуктан, улууларды урматтоо, меймандостук, өз ара жардамдашуу, балдарды сүйүү, жумуштагы туруктуулук жаңы заманда өнүгүп жаткан жакшы көрүнүштөр катары кабыл алынып, бирок, ошол эле маалда, алардын уруулук адаттар экендиги белгиленип турган. Уруулук жана диний үрп-адаттар молдо кожолордун жана феодалдардын колундагы таптык эзүүнүн куралы катары каралып, жаңы тартиптин кызыкчылыгы үчүн алардан баш тартуу керек деп эсептелген. Бонтондук “уруулук жана жыныстык суроолордо тартип орноткон жаңы бийлик түрүнүн маданияты жетишээрлик деңгээлде жаңырмайын”[55] болбойт.

[55] Клименкова Т. Феминизм и постмодернизм //Феминизм: Восток. Запад. Россия. – М.,1993. 187-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Жыйынтыгында, аялдар дагы эле калктын жаңыны кабыл албаган, динге жакын, үй-бүлөөлүк салттарга бекем байланган бөлүгү боюнча калып келе жатышкандыгын белгилей кетиш зарыл.

Мурункудай эле кийинки жаңы муундун баалуулуктарын, идеалдарын аялдар аныктайт. Ошондой эле, кеңеш мамлекетинин аялдардын теңдиги боюнча маселелерде толук болбосо да бир катар ийгиликтерге жетишкендиги аялдардын мамилесине байланыштуу. Ушунун баары Орто Азия аймагынын келечегин аныктоодо аялдардын ордy чоң боло тургандыгынан кабар берет. Аялдардын абалынын толук кандуу жаңылануусунун алдында аялдардын ислам дининин адаттарынан болгон көз карандылыгынын сакталып кала бериши эң чоң тоскоолдук болууда.

Жогорку айтылган учурларды эске алуу менен, биз аялдардын саясый жана социалдык абалы Орто Азия өлкөлөрүнүн өнүгүү деңгээлин аныктаган маанилүү факторлордун бири деп айта алабыз.

Бирок XX кылымдын экинчи жарымында аялдардын өзүн эркектердин эмес өзүнүн көзү менен көрүү, өзүн эркектен каалосунан жаралган “бөлөк” эмес, толук кандуу өз алдынча жетиштүү жан катары кабыл алуу каалоосу акырындап пайда болуп, кийинчереек так калыптаган талапка айлана баштады. Бул талаптарга жооп берүү азыркы феминизм теорисынын алдына коюлган милдети болуп калды.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# II БАП

# АЯЛДАРДЫН ТУРМУШУ: ГЕНДЕРДИК ТЕҢ САЛМАКТУУЛУККА (БАЛАНСКА) УМТУЛУУ

## 2.1. ФЕМИНИЗМ: ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ИДЕОЛОГИЯСЫ

Көптөгөн убакыттар бою колдонулуп келе жаткан негизги түшүнүктөрдүн бири – феминизм түшүнүгү, ал эки деңгээлде аныктама берүүнү талап кылат. Бир жагынан алып караганда, ал аялдардын коомдогу укуктарынын жана оордунун кеңейишин, аялдар менен эркектердин ортосундагы тең укуктуу мамилелерди талап кылган, узун тарыхый тажрыйбасы бар кеңири таралган коомдук кыймыл.

“Феминизм” түшүнүгүн колдонууга киргизген Ш. Фурье болгон. Француз социал-утописттер Сен-Симон жана Шарль Фурье жыныстардын теңсиздигинин тамырын турмуштан көрүшкөн. Коомду кайра куруу боюнча пландарында алар аялдардын эркектер менен тең укуктуулугун таанып эле тим болбостон, аялдар маселесин чечүү бөлөк шарттарда жүргүзүлүшү мүмкүн экендигин айтышкан: өнүгүп жаткан капитализмдин карама-каршысы болгон социалисттик баштаптарда уюшулган коомдун шарттарында. Ш. Фурье айткан: “Аялды кордоо цивилизацияга да жапайы коомго да тиешелүү мүнөздөмө, болгону жапайылардын иштери ачык түз мүнөздө жүргүзүлсө, цивилизация татаал, эки маанилүү, эки жүздүү жашоо калыбын тандап алган... Бирок, акырында аялдын күң ордунда кармалышынын азабын эркектен артык тарткан эч ким жок”[56].

XVIII кылымда М. Уоллстонкрафт, Олимпия де Гуж, М. Ж. де Кондорсе адамды жыныстык белгилери боюнча кодулоо оорун алган факт экендигин айтып чыгышып, коомдун социалдык түзүлүшүн жана укуктарын калп жана аялдарга адилетсиз деп сынга алышкан.

[56] Цит. Маркс К., Энгельс Ф. Соч. Т.2. 214-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Аялдар кыймылынын жаралышына “өндүрүш төңкөрүшү”, шаардашуу процесстери, жана эски мамилелердин өзгөрүлүшүнө алып келген, аялдардын иш жүзүндө саясий жана маданий жашоого катышуусун мүмкүн кылган, социалдык түзүлүштөгү демократиялык өзгөрүүлөр себепкер болушкан. Агартуучулук философия, рационализмдик принциптери, өзүнүн бардыгына тең бирдей объективдүү чындыгы, инсандын жеке башынын жана ой-жүгүртүүсүнүн эркиндиги, тарыхый оң маанайлуулугу менен аялдардын калың катмарына өз таасирин тийгизип, алар өз тагдыры жана теңсиздиктин себептери жөнүндө ойлоно башташкан. Аялдарда жарандык сезимдер ойгонуп жана бекемдеп өздөрүн татыктуу адам катары сезишип, коомдук жашоого жигердүү катыша башташкан.

Гуманизм, эркиндик, теңдик, бир туугандык, адилеттик идеялары калктын калың катмарларына сиңе баштаган. Диндин таасиринен жана башка көз карандылыктардан арылуу процесстери жүргөн. Философия, өнөр, адабият мурунку сенек ойлордон арылып аялдардын ички руханий дүйнөсүнө тереңдеп кире башташкан. Модернизм маданияты классикадан баш тартып, адамдардын жигердүүлүк рухун, өз алдынчалыкты, эркиндикти, ар-бир адамдын, анын ичинде аялдардын дагы, өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга болгон умтулууларын күчтөндүргөн.

Феминизм бийликтин жаратылышы, эмгектин бөлүнүшү, үй-бүлөөнүн функциясы, эзүү феномени, адамдын уруулук маңызы, чарбалык-маданий түркүмдөрдүн социалдык-жыныстык оюндарга тийгизген таасири сыяктуу суроолорду кайрадан койгон.

Феминизимдин биринчи толкуну (эски феминизм) коомду, аялдарга адилетсиз мыйзамдарды жана жашоо шарттарын өзгөртүүнү талап кылган.

Ал мезгилде укуктардын тендик урааны чакырылып, бирок аялдардын “эркектердин” кызмат орундарын ээлөө, эң жоопкерчиликтүү чөйрөлөрдө болсо дагы “эркектердин” оюндарын ойноо укугуна ээ болушу, аялдарды эркек менен

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

тең укукка алып келбей тургандыгы жана аялдардын толук кандуу өнүгүүсүнө шарт түзүп бере албай тургандыгы белгилүү боло элек болуучу. Көптөгөн феминисткалар аялдар добуш берүү укугуна жетишсе эле, алар көптөгөн байланышкан маселелерди чече алабыз деп ишенишкен. Ушундай ишенимдердин артында суфражизм (добуш укугу) – Эмелин Г. Панкхрест жетектеген, юридикалык тең укуктуулук, аялдардын добуш берүү укугун алуу кыймылы пайда болгон.

"Биринчи толкун" I-дүйнөлүк согуштан кийин аялдарга добуш берүү укугун берүү менен аяктаган. "Эски феминизимдин" аякташы алардын так аялдардын "табигый" жана "саясый" тең укуктуулугун орнотууну талап кылуу мүнөздүү болгон суфражизмге бекем байланышкандыгы менен түшүндүрүлөт. Андан сырткары, суфражизм кеңири таралган кыймыл болгон эмес. Бул өз ишенимдери жөнүндө сүйлөгөнгө убактысы жана мүмкүнчүлүгү бар аялдардын (Ж. Санд, А. Дункан) – "эркек сымал аялдардын" идеялары жана иш-аракеттери болуучу. Алар эркек кийим кийип, эркин сүйлөп, өзүн эркин алып жүргөн, көбүнчө эркектер чөйрөсүнө аралашып жүрүшкөн.

Бул өзүндө болгон ургаачылыкка каршы эркек касиеттерди өнүктүрүү аркылуу күрөшүүнүн так өзү болгон. Алар атайын эле адаттагы аялдардын иштеринен эле эмес сырткы көрүнүшүнөн дагы баш тартышкан.

"Биринчи толкундун" феминисткалары (XVIII к. аягы – XIX к. башында) үй-бүлө курууну аялдарды эзүүчү курал катары кабыл алышкан. Викториандык мезгилде дагы бир ууч аялдар үй-бүлөөнү жыныстардын тең укуксуздугун шарт түзүүчү себеп деп жар салгандыгын токтотушкан эмес. "Эгер акыл-эси ордундагы аял нике келишимин окуп туруп, анан никеге турганга макул болсо, ал андагы аны күтүп тургандын баарына татыктуу" [57].

Вульф экзистенциализмдин сүйгөн темасы болуп калган "аялдын чыныгы турмушун" изилдеген. Эркектер өздөрүнүн

[57] Феминизм: проза, мемуары, письма. – М.: Прогресс, 1992. 460-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

маңызын тандап алган иште, саясатта, чыгармачылыкта өнүктүрөт жана аны өздөрү жараткан жашоонун социалдык калыбы катары кабылдашат. Эгер аялдар аларга таңууланган талаптардан жана үлгүлөрдүн бош болушса, алар кандай өнүгө алышмак? Аялдардын өзүнө болгон өзгөчө ишенимсиздиги алардын күчү катылган баалуулуктардын улам келип чыгат. "Аялдардын баалуулуктары бөлөк жыныс түзгөн баалуулуктардан такыр эле айырмаланып турушу айдан ачык – дейт В. Вульф"[58].

XX кылымда оорун алган мурунку жыныстык жана үй-бүлөөлүк адаттардын кыйрашына сары-эсеп боюнча жана милдеттүү түрдө үй-бүлө куруудан эркин тандоо жана сүйүү менен үй-бүлөө курууга өтүү себепкер болгон. Мындай көрүнүш феминисттик идеялардын жанданышы менен гана мүмкүн болгон. Аялдардын эркектерден болгон экономикалык көз карандылыгы "эски" феминизмдин курч темасы болгон. Алар аялдын каржылык көз карандысызды алардын социалдык жана руханий өзүн-өзү өздөштүрүүсүнүн керектүү негизи деп эсептешкен. Эркиндикке болгон туубаса умтулуу ар бир адамда болуш керек. Аял ой-жүгүртүшү чыгармачылыктуу болушу керек, ошондо гана ал укуктарды алууга умутулуп эркек менен тең укуктуу боло алат. XIX жана XX кылымдын башында аялдар көп жетишкендиктерге ээ болушкан. Өткөн кылымдын орто ченинде кыймылдын жигердүүлүгү households аздай баштаган, анткени аялдар укуктарга жетишкендиктен алардын өндүрүш иштеринде убактысын көбүн өткөрүп калышкандыгына байланыштуу болгон. Бирок иш жүзүндө аялдар маселеси аталган көйгөйлөрдүн татаалдыгы азайбастан тескеринче мурункудан дагы ачык көрүнө баштаган. 1970 жж. аягында "экинчи толкун" башталып, кеңири таралып кеткен. Экинчи толкун деле эски идеялар иштелгени менен коомдо оорун алган аялдар менен эркектердин теңсиздигинин себептерин изилдеген мурункудан күчтүү социалдык диний жана психологиялык жүйөөлүү аргументтерди колдонушкан.

[58] Wolf V. Room of Ones Own. –- New York. 1969. 76-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Аялдардын көз карандысыздыгынын идеологдору аялдарды кодулоону мурункудан тереңирээк карап жана мындай иштерди социалдык жана маданий чөйрөлөрдү кенен талдоонун аркасында жүргүзүү керек экендигин айтып чыгышкан. Бул мезгил Д. Милльдин иштери, социал-утописттердин феминисттик идеялары менен белгиленген. Анын айткан ойлоруна ылайык, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жаткан, өзгөрүүлөргө жана жумшартууларга дуушар болгон, бирок түпкү жапайы маңызы өзгөрбөгөн кулдук. "Бийликке ээ болуунун таттуу даамына мас болуу, бул кандайдыр бир таптын гана өкүлдөрүнө тийешелүү эмес, бул жалпы эркектерге мүнөздүү – дейт Милль. Бийлик - бул ар бир үй-бүлөө башчынын үйдөгү менчиги" [59].

Милдин байкоосу боюнча, эркектин аялдын үстүнөн болгон бийлиги бийликтин бөлөк түрлөрүнө окшобойт, анткени бул жерде күч колдонулбайт, баардыгы өз макулдугу менен болот. Аялдар мындай бийликти өздөрү колдошот. Аялдардын эркекке каршы бирдиктүү нааразычылык чыгарышынын божомолдуу мүмкүнчүлүгү өтө аз. Милль буга болгон үч себепти атайт: 1) жыныстардын жаратылышынан болгон өз ара тартылуу күчү; 2) аялдын күйөөсүнөн болгон толук көз карандылыгы; 3) Коомдук максаттарды жана аны менен байланышкан нерселердин баарын эркек аркылуу, анын логикасы жана түшүнүктөрү аркылуу кабыл алуу. Ушундай жол менен аялдардын эркекке керектүү дүйнө таанымы калыптанат жана ал анын мүнөзүн тарбиялоодо негизги орунду ээлейт. Тарбия – бул көз каранды аялды жаратуу иши.

"Аялдарды кем саноо – дейт Милль, баардык мыйзамдуу институттар аял төрөлөр замат катышкан, ага эч качан, эч бир кырдаалда эркек менен атаандашпоосун таңуулап тарбия берген жалгыз бирден-бир учур"[60]. "Дискриминация" термини негизинен тең укуктуулуктун жана тең мүмкүнчүлүктөрдүн принциптерин иш жүзүндө бузулган учурлар таанылып жүрөт

[59] Милль Д.С. Порабощение женщины// Феминизм: Проза, мемуары, письма. – М.: Прогресс. 1992. 246-б.
[60]Ошол жерде, 246 - б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

(жумушка кабыл алуу, жумуштан бошотуу ж.б.у.с. учурлар). “Бөлөк болгон учурлардын баары ургаачылыктын жаратылышына ыйгаруу, абсолютту түрдө ойдон чыгарылган нерсе, деп эсептейт Милль. Бул бирин басынтуунун жана экинчисин чектен тыш көтөрмөлөөнүн натыйжасы”[61].

Экинчи тарабынан, феминизим – бул коомдогу көрүнүштөрдү талдоого алган социо-философиялык, социологиялык, психологиялык, маданият таануу теорияларынын биримдиги. Тоталитардык/патриархалдык ой-жүгүртүү адамдын эс тутумунда бекем орун алган, жыныстарды кем саноо адамдын ой-жүгүртүүсүнө өз таасирин катуу тийгизет, ошондуктан көптөгөн адамдар аялдардын ой-жүгүртүүсү алардын жаратылышына байланыштуу деп ойлошот. Аялдарды кем саноо көпчүлүккө маанисиз көйгөй катары көрүнөт, ошондуктан аны таануу жана түшүнүү кыйынчылыкка турат.

Чыгыш коомдорунда аялдар маселесин изилдөөнү 1970-жылдардан тарып коомдук маанилүү көрүнүш катары тааный башташкан. Бул тема боюнча болгон изилдөөлөр аялдар кыймылынын экинчи толкунун иш жүзүндө таанып талдоо катары өнүгө башташкан. Аялдар кыймылынан улам, макросоциалдык теорияны аялдар суроосуна тууралаштыргандан натыйжасында үч талдоочулук багыт пайда болгон: 1) либералдык феминизмге таянган жыныстык оюндар багыты; 2) кескин радикалдык феминизм көз караштарынын чагылышы катары кабыл алынган изилдөөлөр (аялдар изилдөөсү); 3) социалдык-конструктивдик жана постсоциалдык-конструктивдик көз караштардын өнүгүшүнө байланыштуу институтташтырлыган, илимий багыт катары таанылган гендердик изилдөөлөр.

Биринчи багыттын үстөмдүк кылган көз карашы – жыныстардын айырмачылыгына басым жасоо. Экинчи багыт психоанализдин таасири алдында калыптанган. Үчүнчү багыт болсо социоконструктивдик жана постмодернистик

[61]Ошол жерде, 246-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

интеллектуалдык кыймылдарынын таасири алдында пайда болгон. Бул жерде басым жыныстардын социалдык куралышына жасалган.

XX кылымдын ортосунда “ургаачы” жана “эркек” түшүнүктөрү бирине-бири каршы жана бирин-бири толуктаган контрасттык метафоралар катары саналышкан. “Ургаачы” табигый, алсыз, төмөнкү жана күнөөлүү катары элестелген болсо, “эркек” – социалдык, жогорку, күчтүү, адептүү катары.

Мындай дихотомияда инсанды жыныстык бөлүп кароо көрүнүп турат. Жыныстардын өз ара мамилелериндеги ушул учур аялдар жана гендер боюнча изилдөөлөрдө негизги учур болгон. Аялдар менен эркектердин арасындагы айырмачылыктуу мүнөздөмөлөрдү табуу алардын ортосундагы карама- каршылыктарды табигый көрүнүш катары кабыл алууга жол түзгөн. Өткөн кылымдын 70-ж.ж. таандык жыныстык оюндар көз карашы түзүлүштүк функционализмге таянган. Бул көз караштын түпкү түшүнүгүндө оюндар социалдык болуу маалында кабыл алынат, бул болсо анын жүрүм-турумунун тийиштүү мүнөздөмөлөрүн гана эмес, инсандын мүнөзүндөгү кандайдыр бир өзгөчөлүктөрүн дагы талап кылат. Бул жерде инсанды үстөмдүк кылган маданий түшүнүктөргө, баалуулуктарга, эркектик жана ургаачылык жүрүм-турумдарын үлгүсүнө ылайык социалдык кылуучу институттарынын тийгизген таасири зор. Жыныстык оюндар концепциясы айырмалоого түрткү болуучу катары каралган социо-маданий факторлордун өнүгүшүн талдоо иштерин жандандырган. 1970-жылдары аялдык жана гендердик изилдөөлөр биологиялык шартталыштын феминисттик сындоосу катары өнүккөн. Аялдар менен эркектердин мүнөзүндөгү айырмачылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү изилдөө иштери алардын мурун эсептелгендей көп эмес экендигин аныкташкан. Эркектердин мейкиндиктик жана математикалык жөндөмдөрү көбүрөөк өнүккөн, аялдардын болсо - сөз менен түшүндүрүү (вербалдык). Эркектердин жүрүм-турумуна агрессивдүүлүк жана үстөмдүк кылуунун көбүрөөк мүнөздүү болсо, аялдар -

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

эмоционалдуураак жана ачыгыраак. Аялдар үчүн биринчи кезекте үй-бүлөөдөгү орундар маанилүү болсо, эркектерге – кесиптик. Аялдардын орду үй-бүлөөнүн мүчөлөрү жөнүндө кам көрүү менен байланышкан болсо, эркектердин өзүн-өзү таануусу жумуш абалынан көз каранды.

Аялдар менен эркектердин ортосундагы жалпы таанылган айырмачылыктар - агресивдүүлүк, математикалык жана сөз менен түшүндүрүү жөндөмү, ар дайым боло бербейт, ошондуктан сак колдонуу талап кылат. Жыныстардын ортосундагы айырмачылыктарды табуудагы кыйынчылыктар, бир тарабынан, эволюциялык генетиканын көз караштарынын таасири менен аныкталса, экинчи тарабынан, социалдык каалангандык феномениинин окумуштуулардын жыйынтыгына тийгизген таасирин натыйжасында болгон. Акыркы айтылган көрүнүштө эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктарга коомдогу көз караштарга (коомдо азыр эмне туура деп табылса ошого ылайык) жараша басым жасап же жылмалап турган. Ушундан улам, илимий негизделген жыныстык айырмачылыктардын жана жыныстык кем саноонун аныктоочулары болуп социо-маданий шарттар эсептелет. Жыныстык оюндар көз карашына негизделген изилдөөлөр жыныстык айырмачылыктарды калыптандырууда социалдык кылуу процесстери алдыңкы орунда ээлерин так көргөзүп кетишти. Аялдар менен эркектердин жүрүм-турумуна берилген мүнөздөмөлөр, алардын келип чыгышынын себеби болгон баардык социалдык шарттарды эске алганда гана туура түшүндүрмөгө ээ боло алышат.

Бир бүтүндүктүү теоретикалык концепцияны түзгө алгандыгы менен феминизимдин үчүнчү толкуну гана белгиленген. Ал өткөн кылымдын 60-жылдары пайда болгон. Үчүнчү толкундун пайда болуу тамырын изилдөөчүлөр 60-жылдардагы чыгыштын сол радикалдык кыймылынын маданий таасиринен, алардын неофрейдистик патриархаттын бийлигин кулатууга болгон чакырыктарынан, конформистик “чыныгы эркек” идеалына, зордукчулуктун жана

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

технократизмдин зоболосуна каршы чыккан наразычылыктардан табышат.

Өткөн кылымдагы феминизмдин мүнөздүү өзгөчөлүгү – бул анын “академияланышы”, б.а. социалдык системаны талдаган социологиялык, маданият таануу, саясый теориялардын иштелип чыгышы. XX кылымдын 50-70 жж. изилдөөчүлөр жана феминизмдин лидерлери адам жана чыныгы адамдын сапаттарын эркек менен гана байланыштыргандыгын маданияттын мисалында көрсөтүшүп, адаттагы маданиятта аял денеси жана анын бала төрөө жана сексуалдык функциялары менен гана байланыштырылгандыгын белгилеп кетишкен.

Аялдын руханий жашоосунун жалгыз жолу – сүйүү катары жакындары жөнүндө камкордук жана аларды тейлөө (камкордуктун көргөзүлүшү) аныкталган, ал үчүн жалгыз маанилүү чөйрө - үй-бүлө. Өткөн кылымдын 60-жылдары феминизимдин либералдык жана радикалдык багыттары жигердүү өнүккөн. 1980-1990-жылдары көптөгөн дагы жаңы багыттар пайда болгон. Мурун тыюу салынган темалар ачыкка чыгып, гуманитардык илимди кайра карап чыгуунун негизинде аялдардын коомдогу көйгөйүн чечүүдө көптөгөн жаңы мүмкүнчүлүктөр жаралган. Илимий изилдөө иштери, иш жүзүндөгү феминисттик кыймыл сыяктуу эле окумуштуу-феминисттерге өздөрүнүн жаңы теоретикалык тилин, аялдар көйгөйүн (кийинчерээк гендердик) айтуучу тилди жаратууга мүмкүнчүлүк түзгөн, б. а. өздөрүнүн дискурсун түзүшкөн.

Феминисттик изилдөөлөрдүн салымы төмөнкү социалдык көйгөйлөрдү көтөрүүнүн демилгечиси болгондугунда: “аялдар” менталитетинин өзгөчөлүктөрү; аялдын биологиялык функциясынын анын социалдык жана экономикалык абалын тийгизген таасиринин деңгээли; демократиялык маданияттын шарттарында аялдардын жана эркектердин жүрүм-турум калыптарынын бири-бирин толукташы жана атаандаштыгы; “эркек” жана “аял” мүнөздөрдүн тийгизген таасири; цивилизациянын өнүгүүсүнүн интегралдык приоритеттери; “эркек” жана “аял” дискурстардын өзгөчөлүктөрү, руханий

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

маданияттагы “жазуунун” жана сөздүн түрлөрү; баардык тоталитардык системаларда “эркектик” баалуулуктардын бар экендигин аныкталышы.

1970-жылдардын экинчи жарымынан баштап социалдык көйгөйлөрдүн мурунку аныктоолорунун чектелүү болуп калгандыгы түшүнүктүү боло баштаган: бийликтин эркектердин колунда болушу – бул болгону иштин, бир гана, анча маанилүү эмес, тарабы.

Эң негизгиси, азыркы коомдун логикасы эркектерге таандык: баардык илимий, өндүрүштүк, техникалык жетишкендиктер – жаратылышты глобалдык түрдө баш ийдирүүнүн натыйжасы – экономикалык кризисти жана өзөктүк ааламат коркунучун жаратуучусу. Изилдөөчүлөр саясатка болгон кызыгуулардын азайышын жана аялдар маданиятын оң маанайда, тагыраак чечмелөөгө, аны өз алдынча жетиштүү терең тарыхый тамыры бар көрүнүш катары таанууга болгон аракеттерди белгилешкен. Радикалдык феминизм аялдар маданиятын жаратуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөгө умтулган маданий феминизм менен оорун алмашкан.

Феминисттик маданият таанууда сын көз караштардын үстөмдүгү айкын. Ал азыркы демократиялык коомдордун жар салган баалуулуктар системасынын жана иш жүзүндөгү аялдарга болгон мамилелердин ортосундагы терең орун алган дал келишпөөчүлүктөрдү ачыкка алып чыгат.

Бир жагынан, биз инсандын кадырын, укуктарын жана эркиндигин коргоого, мыйзам алдындагы теңдикти, адилеттүү эмгек акыны камсыз кылууга болгон талаптарды угабыз. Экинчи жагынан, коом тааныган эркектер менен аялдардын “оюндары” аларга бирдей эркиндикти бербегендигин, руханий өнүгүүгө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылбагандыгын көрүп турабыз.

Аялдардын жүрүм-турумунун үлгүлөрү “сырттан” берилет - эркектердин табиттери жана адаттарына ылайык, бул үлгүдөн баш тарткан аялдар кесиптик чөйрөсүнөн кетүүгө аргасыз болушат, үй-бүлөө түзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырашат.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Феминисттик сын көз караш ачуу, бирок, ошол эле маалда, пайдалуу жана айыктыруучу сапатка ээ. Бул сынды кабыл алуунун оордугун түшүнсө болот: ал эркектин намысына тийип, алардын көбүн коомдун заңына айланган аялды эзүүнүн жардамы менен өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу жолдорунун натуура экендигин сезгенге аргасыз кылат.

Аягында, феминизм айдан ачык бир нерсени таанууга аргасыз кылат: коом таптардан, катмарлардан, улуттук топтордон жана диний бирдиктен гана эмес, эң ириде аял менен эркектен турат. Жыныстардын мамилелери коомдун негизин түзөт, алар менчик оокат, аталык жана энеликти мурастоо, үй-бүлөлүк укук, жүрүм-турумдун экономикалык жана саясый шартталышы менен байланышкан. Бул мамилелер нукура тереңдүү, татаал жана кубатка ширелген.

Либералдык феминизимдин өкүлү – “Ургаачылыктын табышмагы” китебинин автору Б. Фриден (1960-жж. багыттын жолбашчысы болгон) өзүнүн теоретикалык ишин аялдарды кулдандырган аң-сезимдеги калып түшүнүктөрдү изилдөөгө жана аларды сындоого багыттаган. “Ургаачылыктын табышмагы” бул кынтыксыз аялдын элеси, 1960-жж. америкалык коомду бийлеп турган калып түшүнүк. Элдер бул калып түшүнүктү кабыл ала беришип, бирок, кабыл алынган аялдын салттык орду – кынтыксыз үй жумушчусунун, жубайдын, жагымдуу, камкор эненин элестери чектелген көрүнүш экендигин, анын негиздери уламыштарга кетээрин байкашкан эмес. Фриден, эгерде аялдар кабыл алынган аялдын салттык орунун чегинде үч “К” (kinder, kitchen, kirche – балдар бөлмөсү, ашкана, чиркөө) ичинде камала бербесе, өз дараметин ишке ашыра алмактыгын айтат.

Кыздарды тарбиялоо иштери “ургаачылыктын сырын” таанууга багытталышы керек. “Ургаачылыктын сыры” аялга өз инсандыгын четке жылдырганга, өзүн “Т. нын энеси” же “М. нын жубайы” катары кабыл ала бергенге өбөлгө түзөт. Мындай жүрүм-турумдун тамыры балалыкта жатат, кыздарга күйөөгө чыгуу – аял катары өзүн жаратуунун негизги максаты катары тарбия берилет. Анын руханий чөйрөдөгү, үйдөгү жана

мектептеги жетишкендиктерин көңүл кош кабыл алынат. "Ийгиликтен коркуу" көрүнүшү дагы ушундан улам калыптанаарын айта кетишибиз керек. Б. Фриден ушунун баарына таянып өзүнө замандаш аялдардын көбүнүн инсандык кризиске кабылышкандыгын белгилейт. Кризистен чыгуунун жолу бир эле: чыныгы теңдик үчүн "ургаачылык закымын алып ыргытуу" (С. де Бовуар), антпесе аялдар ошол боюнча эркек менен тең эркиндиги жок жана эч нерсеге жооп бербеген сүйүүнүн "кудайы" же "күңү" абалында катып калышат. 1960-жылдардын феминизми "аялдар маселесине" коомдук пикирдин кайрылышы менен мүнөздөлөт. С. де Бовуар пикири боюнча бул көйгөйдүн себеби бышып жетилген инсандын коомдо өзүнүн жетиштүүлүгүн көрсөтүү, өз алдынча оюн жүргүзүүгө болгон каалоосу менен иш жүзүндө болгон шарттардын - аялдардын көпчүлүгүнүн мындай мүмкүнчүлүгү жоктугунан улам келип чыккан кагылышууда жатат.

"Эркек сыяктуу эле аял үчүн дагы өзүн-өзү жаратуунун жалгыз жолу – бул өз алдынча чыгармачылык менен алектенүү"[62]. Коом аялдарды же "балага айлануу" жолуна түртүү менен алардын социалдык жигердүүлүгүн кескин түшүрөт, же эркектер менен тең укук берип өздөрүн "кем саноого" аргасыз кылат. Эркектердин маданиятына ыңгайлаша алган аз сандагы аялдар гана, өздөрүнүн табигый аң-сезимин басмырлоонун натыйжасында коомдо анча-мынча артыкчылыктуу орунду ээлей алышат. Жаңы теориянын иштеп чыгуунун усулдук негизи катары марксизм жана фрейдизм алынган (алардын "аял маселеси" боюнча теоретикалык көз караштары сынга алынган).

Аял менен эркек өндүрүш куралдарына карата айырмачылыктуу абалда турушат. Эмгек, адамдын жашоосун улантуу үчүн мажбур иш катары, жыныстар арасында катуу бөлүнгөн. Аял негизинен үй жумуштарында эмгектенип, балдарды төрөп, багып, тарбиялоо менен алектенет. Эркек болсо коомдук өндүрүшкө катышып, кошумча наркты

[62] Фриден Б. Загадка женственности. – М., 1994. 178-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

жаратат. Аял киши үйдө балдарды чоңойтуп, тарбиялоосу аркылуу келечектеги жумушчу күчтөрдү даярдап чыгарып бул эмгеги менен ал дагы кошумча наркты жаратат, бирок, марксиздик жана марксизмге чейинки саясый экономика муну эсепке албайт. Феминизмдин теоретиктеринин ою боюнча, маркс аялдардын эмгегинин маңызын, анын идеология, маданият, экономикалык түзүлүш жана капиталдын өсүшү менен болгон терең байланыштарын түшүнгөн эмес. Маркстын бул кемчиликтерин көргөзүү менен бирге, феминисттер анын талдоочулук, терең көрүү жана бийликтеги идеологияга ишенбөөсүн кабылдашкан[63]. Аял, пролетарий сыяктуу эле өзүнүн табигый шыгынан эмес, үй оокатын кылганга айласыз, болбосо ага татыктуу социалдык абалды жана экономикалык жетишкендикти камсыздоо мүмкүн эмес. Ошондой эле, бала төрөө, багып чоңойтуу, аялдын тереңиндеги каалоолору менен байланышкан физиологиялык функциялары, ушунун баары, эмгектин аялдардыкы жана эркектики болуп бөлүнүп келишин кылымдар бою актап келген адаттарды айтпаганда деле, анын үй оокат кылышын өзү үчүн дагы керектүү кылат.

Немец социологу У. Прокоптун пикиринде, аялдын жүрүм-туруму анын жашоосун өзгөчөлүктөрү менен шартталган. Алар болсо, өз кезегинде, аялдын өндүрүштүк күчтөрдүн жана коомдо орногон өндүрүштүк мамилелериндеги келишпестиктери менен шартталган. Акыркы болсо аялдын эркиндигин жана жигердүүлүгүн чектеп, анын кубатын эркек маданиятынын нугуна багыттайт. Эркек маданиятынын максаттары: согуш, экономикалык пайда, саясый бийлик, ээлик кылуу – көбүнчө учурда аялдарга жат нерсе[64]. Социалисттик феминизмдин өкүлү Д. Митчелл, социалдык системанын төрт түзүлүштүк бирдиги: өндүрүш, үй-бүлөө, социалдык калыптануу жана жагымдуулук (жыныстык) менен аныкталат деген ойлорду айткан. Акыркысы физиологиялык муктаждык катары эмес, социумга

[63] Collins R. Conflict in sociology: Towards and explanatory science. –New York: Academic Press, 1978. 97-б.
[64] Capitalism and patriarchy. (Ed. by H. Hartmann). – Aalborg University, 1983. 12-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

кирген – өз ара мамилелердин калыбы, социалдык жана психологиялык ишенимдүүлүктү жаратуучу, экономикалык абройго жетишүүчү “басым кылуу” курал катары каралат. Көргөзүлгөн түзүлүштүк курамдардын өз ара байланышы жана алар түрткү болгон шарттар үстөмдүк кылган өндүрүш ыкмаларынан көз каранды.

“Үй-бүлөө концепциясын кайра карап чыгуу – бул аялдын социалдык жана экономикалык эзүүсүнүн келип чыккан ордун кайра карап чыгуу дегенди түшүндүрөт”[65]. Х. Хартман “бүгүн эркектердин патриархалдык бийлиги үй-бүлөөнүн алкагында жүргүзүлүп келет. Анын себеби үй-бүлөөлүк жумуштардын тең эмес бөлүнгөндүгүндө жана аялдын эркектен экономикалык жактан көз карандылыгынын сакталып келе жатышында”[66] - деп эсептейт. Үй-бүлөдөгү бийликтин жана рольдордун бөлүнүшүнүн экономикага тийгизген таасири, коомдук экономиканын үй-бүлөгө тийгизген таасиринен алда канча чоң. Коомдун кээ бир катмарларында, өзгөчө азыркы маалда, үй-бүлөнүн экономикалык, турмуштук, чарбалык негиздери жоголуп, ал жубайлардын жөнөкөй биримдигине айланып бара жатат. А. Тоффлер өзүнүн “Үчүнчү толкун” китебинде, мындай тенденция керектүү деңгээлдеги чарбалык-экономикалык кызматташуу болгон жерлерде үй-бүлөө бекем болуп, бөлөк учурларда анын “жуулушуна” алып келиши мүмкүн экендигин белгилейт.

Феномендерди тануу усулдарын колдонуу аялдардын жашоону кабыл алуу тажрыйбасын эркектердин бул тажрыйбаларга болгон адаттагы көз карашын келтирген бардык “кошулмалардан”, “катмарлардан”, “чечмелөөлөрдөн” арылтууга багытталган. Аялдардын өзгөчө тажрыйбасы теоретикалык изилдөөлөрдүн максаты болуп калды. Энелик маселесин кароо аялдын баш ийген абалын изилдөөдө жаңы көз караштыы жаратат. С. Миллет, С. Файерстоун, О. Брайендин эмгектери көңүлдү социалдык-экономикалык чөйрөдөн аң-сезимге, психологияга жана маданиятка, сөздүн кеңири

[65] Mitchell D. Psychoanalysis and Feminism. – New York. 1974. 18-б.
[66] Ibid. 13-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

маанисиндеги, бурат. Бала төрөө жөндөмү - аялды эркектен айырмалаган жалгыз касиет. Файерстоун тарыхый жана социологиялык көз караштан алып аялдын бала көтөрүү, бала төрөө, тарбиялоосу анын кыймыл-аракеттерин басаңдатып эркектен көз каранды кылаарын белгилейт. Балалык маданиятта маанилүү суроого айланган сайын, аялдын үй-чарбасынан болгон көз карандылыгы артып барат. "Коомдун сексуалдык – тукум жаратуучулук уюшулушу анын чыныгы негизи болуп келген, андан тартып караганда биз болгону анын үстүндөгү курулушка кирген саясый, экономикалык, юридикалык институттарга, ошондой эле, ал тарыхый учурдун диний, философиялык жана башка идеяларына түшүндүрмө бере алабыз"[67]. Аялдын бала төрөө функциясы никедеги үй-бүлөөнүн ичиндеги эмгектин бөлүнүшүн аныктайт. Көптөгөн аялдар үчүн эне болуу, жумушка чыкпай жана коомдук иштерге катышпай коюуга болгон ыңгайлуу шылтоо.

Аялдарды жана гендердик изилдөөлөрдүн экинчи багыты аялдын кайталангыс психологиясынын парадигмасын калыптандырган. Аялдын өзгөчөлүктүү психологиясы коомдо шартталган: аялдын психологиялык түзүлүшү, психологиясы эркектикине караганда алдан канча мыкты. Маселенин бул көрүнүшү анын табийгаты менен байланышкан. Аялдын кээ бир чөйрөдө алган жашоо тажрыйбасы эркектикинен сапатты боюнча айырмаланып, анын психологиясына өзгөчө так салат. Аялдар кош бойлуулукту, төрөттү, бала эмизүүнү башынан өткөрүшөт. Ушундай биологиялык себептер менен шартталган учурлардан бөлөк дагы маданий милдеттерди аткаруудан улам алган аялдардын тажрыйбасы социалдык кайталангыс мүнөзгө ээ. Аялдардын тажрыйбасынын кайталангыстыгы жөнүндөгү идея "аялдардын орду", "аялдардын жаратылышы" тууралу талаш-талкууларды жараткан.

Мурунку мезгилдин ойчулдары энеликти "аялдардын" көйгөйү катары кабыл алышып, маанилүү маселелердин катарына кошушкан эмес. Феминисттик изилдөөчүлөр

[67] Firestones S. The Dialectics of Sex. The case for Feminist Revolution. – L. 1970. 12-13 - б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

аялдардын так ушу бала төрөө жөндөмүн алардын социалдык жана маданий кемсинтүүсүнө негиз болгондугун ачып көргөзө алышкан.

Т. де Лаурентис баса белгилейт: “Аялды кандайдыр бир Аялдын жалгыз маңызы - эне катары кароо, аялдардын маданий, социалдык кызыкчылыктарын, жеке тандам чөйрөлөрүнөн чыгарылып калышына алып келген”[68]. Фрейдизм аял менен эркектин психологиялык негиздери жөнүндө суроону койгон, б. а. биринчи жолу жыныс менен инсандык баштаптын байланышы табылган. Психоанализ жыныстардан өз ара мамилелерин жана аялдардын инсандык көйгөйүн курчутуп, аны карикатуралык мүнөзгө өткөрүп жибергенге жетишкен (“аялдардын биттелгендик комплекси”). “Мурун маданияттын чет жакасында болуп келген аялдар феноменин азыркы маданиятка борбордук феномендердин бири катары Фрейд киргизген”[69]. Аялдар феноменин социалдык-тарыхый көрүнүш катары түшүнүү идеясын Дж. Бенджамин, Н.Ходоров сыяктуу психоаналитиктер колдоого алышып андан ары өркүндөтүшкөн. Тарыхый шартталган үй-бүлөдөгү эмгектин бөлүнүшү балдарды кичине кезинде тарбиялап чоңойтуу жоопкерчилиги аялдардын үлүшүнө туура келгендиктен, ал аял менен эркектин дүйнө таанымы жана психологиясы кескин айырмаланышына алып келет. “Наристе кезинде эркек балдар жана кыздар социалдык чөйрөнү ар башкача кабыл алышат, бирок негизги жыныстык айырмачылыктар кийин инсандык өнүгүүдө кайра сезилет. Натыйжасында, баардык коомдордо аялдар эркектерге караганда жогорку деңгээлде өзүнүн башкалар менен болгон мамилелеринин жана байланыштарынын контекстинде өзүн өзү аныктайт”[70].

Жыныс – жеке адамдын өзүнүн дене түзүлүшүнө жараша, атасына же энесине окшоштуруп жүрүм-турум үлгүсүн тандап алуу жөндөмүнүн тажрыйбасынын натыйжасы. Милдеттүү

[68] Бранд Г.А. Природа женщины как проблема //ОНС. 1999. 53-б.
[69] Теория и история феминизма. – Харьков, 1996. 68-б.
[70] Chodorov N. The Reproduction of Mothering. Psychoanalysis and the Sociology of Gender. Berkeley – Los Angels – London, 1978. 81-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

абал Н. Ходоровдун аялдардын дүйнө-таанымын изилдөөдө баштапкы чекит болуп калган. Анын изилдөөлөрү көргөзгөндөй жынысына карабастан наристе кезинде балдардын баарынын энеси менен бир тууугандыкты сезгендиктен, ага карата наристенин "мендик" сезими да пайда болот, жана так ошол бирдик сезиминен бөлүнүү жана өз алдынча адамга айлануу процесси башталат[71].

Тийиштүү маалда эркек баланын өзүн атасы менен окшоштуруу муктаждыгын сезе баштайт, ошондуктан ал негизги басымды өзүн айырмалоого жана бөлүнүүгө жасашы керек (биринчи энесинен, анан башкалардан). Ушундан улам эркектин психологиясында жана дүйнө таанымында өз алдынчалыкка жана бөлүнүүгө болгон умтулуу үстөмдүк кылат. Баары "Мен эмес", мага каршы, мага чоочун (душман) катары кабыл алынат. Кыздар болсо тескеринче өзүн энеси менен окшоштурат (кийин башкалар менен). Н. Ходоров далили боюнча, жеке адамга айлануунун алгачкы тажрыйбасында, жыныстык айырмачылыктар кыздардын "Менинин" чегинин солгун болушуна алып келбейт, болгону кыздар бул учурдан боорукерликке жана мээримдүүлүккө көбүрөөк жакындыкты алып чыгышат. Н. Ходоров жазат: "Ар кандай маданияттардан алынган мисалдар аялдын ата-энелик сезими менен болгон байланышы анын кошбойлуулук жана эмизүү функцияларына гана негизделгенин далилдеп турат. Ата-энелик сезимдин биологиялык негизи жөнүндөгү жыйынтыктарды ой түрүндө гана көрсө болот"[72]. Ходоров бул көрүнүштүн психоаналитикалык жаратылышына кайрылат: кыздар энесине жакын болуп калганда, эркек балдар өздөрүнүн энесине болгон сүйүү жана сезимдик байланыштарын катууга аргасыз болуп калышат. Ата (эшикте) менен эненин (балдардын жанында) эки башка ордун көрүп, эркек бала, жыныстык айырмачылык боюнча түзүлгөн дүйнөдө, эркек болууну энесине, аялга окшобоо деп түшүнөт.

[71] Chodorov N. The Reproduction of Mothering. Psychoanalysis and the Sociology of Gender. Berkeley – Los Angels – London, 1978. 84-б.
[72] Ibid. 20-б.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Ушундан улам ал теңсиздик жана бийлик - социалдык түзүлүштөр деп түшүнөт. Эненин денеси – баланын бул дүйнө жөнүндө болгон алгачкы тааным-сезими. Эне – “мен” үчүн болгон ырахаттын дагы, оорунун дагы булагы. Ошондуктан жынысына карабастан ар бир бала түпкү аң-сезимине эненин, дегеле эле, аялдын элесин түйүп өсөт. Алгачкы энеси менен болгон биримдигин сезүү жана соңунан андан ажыроо адамдын кийинки өмүрүндөгү көйгөйлөрдүн булагы болуп калат. Бул көйгөй энесинен болгон көз карандылыкка кайтып келүүгө болгон умтулуусу менен өз алдынча инсан катары өнүгүүгө болгон каалоосунун ортосундагы тирешүү катары байкалат.

Эркектердин ички дүйнөсүндөгү энесинен көз каранды болууга жана ошол эле убакта, анын өз алдынча инсандыкка болгон умтулууларынын ортосундагы кагылышуусу, аялды четке кагуу, кемсинтүү жана аялдан өзүнүн туюлбаган артка кайтуу сезимдеринин булагы катары коркуу сезимдерине муктаждык катары өзүн өзү көрсөтөт. Бул жерден, гендер үй-бүлөөлүк мамилелердин, тактап айтканда, энеликте болгон айырмачылыктардын категориясы катары белгиленет. Эгер социалдык мамилелер, аялдар менен эркектердин ортосундагы оюндар, иерархияга тизилсе, анда гендер стратификациялык (катмарлоочу) категория катары колдонулат.

Гендердик ассиметриянын жаралыш жолдору Н. Ходоровдун “Энелик камкордуктун жаралышы. Гендердин психоанализи жана социологиясы” китебинде каралган: «Аял менен эркектин жеке сапаттары, алардын турмуштагы багыт алуусу, эмгектин коомдогу жана үй-бүлөдөгү жыныстык бөлүнүшү, гендердик теңсиздиктин идеологиясы менен байланышкан. Алардын өндүрүштөгү жана кайра жаратуудагы ассиметриялык жайгашышынын аялдар – ириде эне жана жубай, эркек – жумушчу түзүлүшүндө калыптандырат»[73].

Асимметрия - бул аял менен эркектин ар башка иш-аракеттер менен алектенишин жана ар башка социалдык

[73] Chodorov N. The Reproduction of Mothering. Psychoanalysis and the Sociology of Gender. Berkeley – Los Angels – London, 1978. 190-б.

мейкиндиктерде орун алышын, ал топтордун түзүлүш функцияларынын аныктаган мамилелер. Жыныстар маселесин изилдөөдө биологиялык жана социологиялык өңүттөрүнөн сырткаары белгилик же маданий өңүт дагы бар. Онтологияда жана гносеологияда ургаачы жана эркек маданий-белгилик катардын бирдиктери болуп эсептелет: эркек – акылдуу – руханий – кудайдан – (…) – маданий; ургаачы – сезимтал – денелик – адепсиз – ( … ) – табигый.

Социалдык жана маданий-белгилик өңүттөрдө “эркектики” туура, маанилүү жана үстөмдүк кылган, ал эми “аялдыкы” туура эмес, экинчи иреттеги, баш ийген катары аныкталган кыйыр баалуулук багыттамалар жана ишенимдер камтылган. Бул эркек жана эркек жынысына байланышы жок феномендер жана түшүнүктөр (жаратылыш жана маданият, сезимталдык жана акылдуулук, кудайдан жана жердик) орун алган маданий-белгилик катар аркылуу эркектики же аялдыкы деп таанылгандыгында гана эмес. Ушундай жол менен бул эки жыныстык эмес жуптардын ортосунда бирин-бирине баш ийдирген түзүлүштөр жаралат. Ушунун себебинде көптөгөн түшүнүктөргө жана көрүнүштөргө жыныстык (гендердик) боёк сүртүлөт. Ошону менен бирге, эркектин жана аялдын онтологиялык башаттар катары (б. а. баштапкы жашоо принциптеринин) башка негизги категориялар системасына киргизилгени алардын өзүнүн дагы баштапкы табигый жана биологиялык маанисинин өзгөрүлүшүнө алып келет. Жыныс табийгат менен рухтун ортосундагы мамилени көргөзгөн маданий метафорага айланып калган. Рух – эркек, табийгат – аял, таанып-билүү ээлик кылып баш ийдиргенге умтулуу катары пайда болду; демилгесиз табийгат изилдөөгө, ачууга дуушар болууда, адам анын тереңине сүңгүп кирип аны өзүнө баш ийдирүүдө. Ушундай жол менен жыныстын метафорасы маданий-белгилик мааниге ээ болот, демек маданият түзүүчү көрүнүш катарына кире алат. Башкача айтканда, гендердик ассиметрия дүйнө жөнүндөгү билимдерди өнүктүрүүчү система катары таанылган, салттык батыш маданиятын калыптандыруучу негизги көрүнүштөрдүн катарына кирет.

Жогорку айтылгандарды жыйынтыктап жатып, гендер өзүнүн маңызында коомдун эркек менен аялдын жүрүм-турумундагы, дүйнө таанымындагы жана сезимдериндеги айырмачылыктарды жараткан татаал социалдык-маданий процессти чагылдыраарын жана өзү социалдык түзүлүш экендигин айта алабыз. Айырмачылыктарды жаратуудагы маанилүү учурлар болуп аларды уюлдаштыруу (поляризация) жана эркектикин маанилүү жана башкы, аялдыкын – экинчи орундагы жана баш ийген катары белгиленген иерархиялык баш ийдирүү саналат. Бул рольдор жана мамилелер аркылуу коомдо орнотулган бийликти жана үстөмдүк кылууну талдоо, статустардын айырмачылыктарын жана жашоодо ээлеген орундардын айырмачылык фактыларына караганда маанилүү. Жыныстык таандыктар аял менен эркектин мамилелерин үстөмдүк кылуу категориясы жана бийлик аркылуу жүргүзүлгөн иш катары аныктайт. Социалдык конструктивизм теориясы раса, тап, жаш менен байланышкан катмарлануу категориясы (стратификациялык категория) түшүнүлөт жана көбүнчө социологиялык илимдерде колдонулат – социология, психология, экономика, демография. Гендер маданий метафора катары, түзүлүштү бузуу теориясы катары – гуманитардык болгон философия, маданият таануу, тарых, адабият таануу илимдеринде колдонулат. Коом адаттагы бийлик түзүлүшүн колдоо максатында аялдарга мурунтан аныкталган рольдорду ойноону, баалуулуктарды жана салттарды сактоону социалдык кылуу системалары, эмгекти бөлүштүрүү, маданий түшүнүктөр аркылуу талап кылат.

Ассиметрия түшүнүгү негизинен саясый мүнөздөгү теңсиздик же кемсинтүү түшүнүктөрүнүн маданият таануудагы алмаштыргычы катары колдонулат. Бул түшүнүктүн синонимдери – гендердик теңсиздик жана дисбаланс. Коомдун бинардык (карама-каршы) бөлүгүнүн оюнда симметрия/асимметрия, баланс/дисбаланс түшүнүктөрүнүн усулдук принциптери айкын: симметрия/ассиметрия огу эркектер дүйнөсүн аялдардан бөлүп турат. Баланс/дисбаланс, симметрия/ассиметрия түшүнүктөрүн

колдонулушу коомдук курамынын бинардыгы жана феминистик идеялардын социалдык контексти аркылуу камсыз кылынып турат. Коом жыныстык теңсиздикти талкуулоодо бейтараптуу илимий түшүнүктөрдүн тилин туруктуу колдонуу менен феминизм теориясынын тең укуктуулукка болгон сын көз караштагы түшүнүктөрүнө кабылбоого аракет кылат. Феминизм туура эмес жана өтө терс маанайда эскерилет. Феминизмге болгон мындай калып көз караштар туруктуу болгондуктан, гендер боюнча изилдөө жүргүзүүчүлөр "бейаңдуулук аң-сезимдин" деңгээлинде феминисттик тең укуктуулук түшүнүктөрүнөн качып, симметрия/ассиметрия, гендердик баланс/дисбаланс сыяктуу бейтараптуу илимий түшүнүктөрдү колдонушат.

Д.Гримшоу, К. Макмиллан өздөрүнүн эмгектеринде Маркстын теориясы менен усулдук жактан тууган экендигин жашырбай эле түз айтышат жана аялдар феноменин коомдун тарыхый өнүгүшүнүн өндүрүмү катары карашат. Көптөгөн кылымдар бою аялдар атайын мүнөздөгү иштерди аткаруудан баш көтөрө албагандыктан анын ой-жүгүртүүсү жана сезимдери өзгөчө болуп калгандыгы эске алынган эмес.

"Алар жакында абалды кенен жана так түшүнүүгө кайрылышып, диллеманы тийиштүү мамилелердин алкагында карашат"[74]. К. Гиллигандын изилдөөсүндө инсандын моралдык жана этикалык өнүгүшүндө байкалган аялдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү далилденет. Аялдардын моралдык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү анын так учурга, адамдардын өз ара мамилелерине жана алардын натыйжасына багытталгандыгында, б. а. "азыр жана ушул жерде. Эгерде эркек үчүн моралдык чөйрөдө аныктоочу түшүнүктөр – адилеттүүлүк, моралдык мыйзамдар жана принциптер болсо, аял үчүн – камкордук, өз ара түшүнүү жана ишеним түшүнүктөрү"[75]. Гиллиган аялдардын абсолюттук ой-жүгүртүүдөн баш тартуусунан алардын ой-жүгүртүүсүн

---

[74] Гримшоу Д. Идея женской этики //Феминизм: Восток. Запад. Россия. – М., 1992. 16-б.

[75] Гиллиган К. Иным голосом. Психологическая теория и развитие женщины// Этическая мысль. – М. 1991. 352-372-б.

байланыштуулугун шарттаган сезимтал жөндөмдүү, жакын санаалаш адамдардын муктаждыгына көңүл бура билген моралдык күчүн көрөт. Аялдардын айырмачылыгы алардын социалдык баш ийүү менен гана бекемделген эмес, ал ошондой эле алардын моралдык кызыкчылыктарынын маңызын түзөт. Башкалардын муктаждыгына көңүл буруу жана камкордук жоопкерчилигин өзүнө алуу, өз добушуна караганда башкалардын добушун көбүрөөк деңгээлде угуп жана өзүнүн түшүнүктөрүн башкалардын көз карашына кошо билүүгө мажбурлайт. Аялдардын ой-жүгүртүүсүнүн так эместигинен көрүнүп турган моралдык алсыздыгы, ошол эле учурда, өз ар мамилелердеги камкордук сезими жана жоопкерчиликти ала билүүсү алардын моралдык күчүнүн ажырагыс негизи. Бүтүм чыгарууну каалабоонун өзү эле алардын камкордугунун көрсөтүп турат жана аялдын өнүгүүсүндө аныктоочу орунду ээлейт. Эркектин жашоосундагы аялдын орду – тарбиячынын, жардамчынын, мамилелерди түзүүчүнүн орду болгон өз учурунда ал ошолорго таянат.

“Көңүлдүн жекечеликке жана жеке ийгиликке багытталгандыгы бышып жетилген куракка дагы жайыла баштаганда, жетилгендик өз алдынчалык катары кабыл алынып калганда, өз ара мамилелерге болгон кызыкчылык аялдардын адамдык күчү эмес эле алсыздыгы катары көрүнүп калат”[76]. Аялдын “боорукердигине” эң тийиштүү, аныктоочу мүнөздөмөлөр болгон камкордук, сезимталдык, башкаларга көңүл бура билүү алардын моралдык өнүгүүсүндөгү мүчүлүштүктү билдирет. Камкордуктун адеби – жеке мамилелердин адеби. Эненин балага болгон мамилеси жалпы универсалдык принциптерди билгендиги менен аныкталбайт, сүйүү жана ага болгон камкордук менен аныкталат. Сүйүү жана камкордук башкаларга окшош эмес адамдын муктаждыктарын түшүнүүсүз, ага болгон өзгөчө мамилесиз мүмкүн эмес. Бул жерде көңүл буруу, сезим көрсөтүү,

[76] Miller J.B. Toward a new Psychology of Women. – Boston. 1976. 64-б.

сезимталдык адептүүлүк жактан туура иш катары саналат. Башкалар менен бирдикте жашоо бардык адамдардын табигый касиети. Адамдар бири-биринен көз каранды болууга муктаж, бул жөн гана табигый муктаждык эмес, бул өзүн өзү жаратууга болгон муктаждык. Адамдын өмүрү башкалар менен мамиле күтүүдөн, башкалар менен эриш-аркак жашоого болгон умтулуудан байыйт. Аялдын "башка добушунун" социалдык-маданий теги бар. Бул добуш толук кандуу шаңшыганда жакшы өзгөрүштөрдү жарата алат. Бүгүн жаңы этика, аялдардын бизнеси, башкаруусу, саясаты жөнүндө жазылууда. Эркекке караганда аялдар табийгатынан тынчтыкка жакын, кызматташууга даяр, назик жана камкор келишет, ошондуктан алар Жер жүзүндө жаңы, кыйратууга багытталбаган, согуштан тышкары, адам тарабынан жаратылган ааламаттар жок болгон, эриш-аркак жашоого арналган көз караштардын демилгечиси боло алышат.

"Аял, ан-сезим жана жаратылыш" китебинде К. Макмилан аялдардын дүйнө-таанымындагы акыл, сезим жана туюмдун үлүштүк катышын талдап чыгып, өзгөчөлүктөрдүн булагын ал аялдардын жашоосу негизинен жеке чөйрөдө өткөндүктөн жана ал жерде камкордук, сүйүү, көңүл бөлүү негизги маанилүү орундарды ээлегендигинен көрөт. Автор адатта кабыл алынган акыл менен сезимдердин, маданият дүйнөсү менен жеке чөйрөнүн карама каршылыгынан, принциптерге таянган иш-аракеттер менен сүйүүгө таянган иш-аракеттердин карама каршылыгынан түртүнүп чыгып, иш жүзүндө акыл менен сезимдин ортосунда андай катаал айрым жок экендигин көргөзөт. Сезимдер дагы таанып билүү үчүн ойдон кем калышпаган мүмкүнчүлүктөрдү беришет. Аялдар көпчүлүк учурда сезимдери менен акылдуу болушат, б. а. аялдын ой-жүгүртүүсүндө акылдуулуктун даны эркектикинен кем эмес. Болгону анын башаты сезимдерден бөлүнгүс. Ушундай эле логика акыл менен туюмдук билүүнүн катнашында да орун алган. Автордун ою боюнча, туюм менен билүү бул бир сыйкырдуу күч эмес, ал дайыма таза субъективдүүлүк. Туюм – бул дагы билимдин өзгөчө жолу, болгону ал теоретикалык

эмес, тажрыйбалык жол менен чогултулган. Макмиллан аялдын туюму туубаса “сыйкырдуу” күч эмес экендигин баса белгилейт. Болгону эне менен баланын өз ара мамилелеринде, ошондой эле үй-бүлөдө алдын ала окуп, жаттап алууга мүмкүн эмес учурлар көп жоолугат. Эне жана жубай катары күнүмдүк жашоодогу жогорку деңгээлде кылдат аткарылуучу “аялдын иши” дайым эле жалпы билимдерди талап кылган эмес, тескеринче, үй-бүлөөнүн ар бир мүчөөсүнүн сезимдерин, жеке өзгөчөлүктөрүн жана алардын жашоосунун контекстин так билүү талап кылынат. Автор, так ушундай шарттар бүтүн же монизм (дуализимдин каршысы) деп атаса жарай турган аялдын ой-жүгүртүү өзгөчөлүктөрүн калыптандырат жана аныктайт дейт. Анткени анын ичинде акыл бир жагынан сезимдер жана туюм экинчи жагынан бири-бирине каршы турушпайт, алар “ажыратылгыс бирдикти” түзүшөт. Аял менен эркектин дүйнө кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрүн мүнөздөп жатып, эркектикинде логика, рационалдуулук, бүткөндүк, логикалык бүтүндүккө умтулуу үстөмдүк кылса, аялдыкында рационалдуулук менен сезимдик-туюмдуктун биримдиги, ачык жана аныкталбаган шарттарда иш алып баруу жөндөмү таандык.

Феминизм теориясынын башкы максатына “Аялдын маданияттагы аты жоктугунун бүткүл дүйнөлүк тарыхый парадоксу” маселесин чечүү аракетине ылайык, С. Клемент аял феноменин талдоонун негизине социалдык мейкиндикте “аялдык”ты ишке ашырууга байланышкан тарыхый жана маданий мүмкүнчүлүктөрдү койгон. Аялдар феноменинин эки негизги мүмкүнчүлүгүн (теоретикалык көз караштарын) бөлүп белгилесе болот. Биринчи көз караш келечекте андрогиндик коомдун пайда болушу менен байланышкан, б. а. адамдын физиологиялык көрсөткүчтөрү анын социалдык жана маданий өкүлдүгүнө эч кандай таасир бербейт. Мындай көз караш, тактап айтканда, коом тарабынан түзүлгөн аялдын жаратылышы, чындыгында анын иш-жүзүндөгү мүмкүнчүлүктөрүнө туура келбейт, эгер аял бөлөк социалдык чөйрөдө болуп калса, эркектен акылы, турмуштук

мүмкүнчүлүктөрү жагынан эч бир кем калышпаган жан катары өзүн көрсөтө алмак деген ишенимдерге негизделген. Аялдар феноменинин экинчи теоретикалык көз карашы, келечектеги коомдун "маданиятынын ургаачы сүрөтүн түшүрүү" мүмкүнчүлүгүн иштеп чыгуу муктаждыгы менен байланышкан, анткени маданияттын бүгүнкү кризисине эркек баалуулуктарынын бир тараптуу үстөмдүгү дагы себепкер деп таанылат. Бул келечек мүмкүнчүлүккө багыт алган теоретиктер коом тарабынан аялдар жөнүндө түзүлгөн түшүнүктөр, анын иш жүзүндөгү жашоосун миңдеген жылдар бою аныктап келген, ошондуктан чындыгында анын дүйнө таанымына из салып, социалдык жана тарыхый пайда болгон жаратылышы болуп калган деп эсептешет. Башкача айтканда, аял феномени "абстракт" эмес, "коомдук мамилелердин жыйынтыгы".

Биринчи жолу жыныс жана гендер түшүнүктөрүнүн айырмасы 1968-жылы Р. Столлер тарабынан белгиленген. "Гендер" түшүнүгүнүн келип чыгыш тарыхы 1970-жылдары кеңири тараган адамдын жаратылышындагы социалдык жана биологиялыктын катнашы жөнүндөгү философиялык суроону талкуулоо менен дал келет. Гендер – жыныстын маданий-белгилик аныкталышы.

Маданияттын "ургаачылык" "эркектик" сыяктуу түзүлүш бирдиктери анын жардамы менен гана сүрөттөсө болот, анткени биологиялык аныктамалардын тышкары чыгуу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Гендер термини "жыныстардын табигый эмес, социалдык жана маданий себептерин"[77] ачып көрсөтөт. Башкача айтканда "ургаачы" жана "эркек" биологиялык маңыз, ал эми "эркектик" жана "аялдык" – коом тарабынан түзүлгөн, коомдун же маданияттын өзгөрүшү менен чогуу өзгөргөн, маданий-белгилик (гендердик) айырмачылыктарды белгилеген түшүнүк. Талкуулар абдан курч маанайда өткөнүнө карабай, жыныстар маселеси иш жүзүндө талкуудан чыгып калган (В. Геодакяндын эмгегинен

[77] Кирилина А.В. О применении понятия гендер в русскоязычном лингвистическом описании // Филологические науки. 2000., .№3. 18-19-б.

бөлөктөрү), Батыш өлкөлөрүндө тескеринче жыныстык аныктамалардын маселеси талкуулардын көңүл чордонун түзгөн. Психологдор биологиялык жыныстарга менен байланыштырса боло турган эркектик жана аялдык аталган психологиялык аныктамаларды ачышты. Этнографтар өздөрүнүн иштеринде ар түрлүү маданияттарда эркектик жана аялдык түшүнүктөрү ар башкача кабыл алынаарын аныкташты. Ушунун баарынын салмагынын астында, мурун түбөлүктүүдөй көрүнгөн түшүнүктөр акырындап өзгөрүүгө дуушар боло башташты. Мындай көрүнүш, өз кезегинде, жаңы түшүнүктөрдүн пайда болушуна алып келди. Адамдардын биологиялык белгилерине таянып аныкталган "жыныс" категориясынан айырмаланып, "гендер" түшүнүгү аялдар менен эркектердин социалдык жүрүм-турумуна бекитилген социалдык сапаттардын жыйынтыгын билдирет.

Гендер баардык социалдык мамилелерди терең камтыган адамдардын өз ара мамилелерин "системасы". "Гендер социалдык мамилелер катары биологиялык жыныс эмес, социалдык мамилелердин өзгөчө терминдеринде берилген жеке өзгөчөлүктөрдүн көргөзмөсү"[78]. Гендердик концепция социалдык мамилелерди талдоодо ой-жүгүртүүнүн жаңы үлгүсүн орнотуп, ошону менен, коомдун көңүл алдына адам жашоосунун мурун сезилбеген маселелери, тактап айтсак, жалпы маселелерди жөнүндө жаңы билимдерди алып чыккан, анткени жыныс – бул адам жашоосунун жалпы мүнөздөмөсү. Гендердик концепция, азыркы замандагы адамдын жыныстык айырмачылыктар маселесин чечүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бул көйгөй азыркы замандын драмасынын бир көрүнүшү – кылымдар бою орноп, адамдын жүрүм-турум табигый жолу катары кабыл алынып келген калып түшүнүктөр менен социалдык турмуштун ыргагынын ылдамдоосунун жана адам турмушунун жаңы түрүнүн ортосундагы кагылыш. Гендердик концепция – болуп жаткан процесстин өнүгүшүнө эң натыйжалуу көмөк

[78] Абубакирова Н. Что такое «гендер»? //ОНС. 1996, №6. 124-б.

көрсөткөндөрдүн бири, анткени анын жардамы менен аял менен эркектин жаратылыштан берилген тагдыры жөнүндөгү жомокту жокко чыгарат.

М. Мид "аялдар менен эркектердин социалдык орундары өзгөрмө мүнөздүү, ар кыл коомдордун баардыгына жалпы мүнөздүү болгон социалдык орундар менен биологиялык жыныстын ортосунда так байланыш жок"[79]. Азыркы "жыныстык абалды" талдоо адамдын жүрүм-турумун көнүмүш "үлгүлөргө" "тартуу" аркылуу социалдык калыптануунун адаттагы калыптары менен "идеалдар", калып ой-жүгүртүү сыяктуу өзүн жаратуу муктаждыктарынын менен ортосундагы дал келишпестиктер ачып көрсөтөт.

Адаттагы турмуштагы жана теоретикалык аң-сезимдеги калып ойлор жаратылыштагы жаңы нерселерди көргөнгө жол бербейт, ошону менен жыныстардын өз ара мамилелери адамдын жашоосун бузган себептердин булагы болуп калат. Бүгүн феминистик дүйнө-таанымга тийиштүү болуу анын аялдар маселесине болгон көз карашы менен аныкталбайт. Ал адамдын жашоосун жана коомдогу ордун жыныстардын социалдык турмушунун айырмачылыктары жаратаарын таануу менен аныкталат. Гендер – адамдын жашоосунун социалдык аныкталышынын талдоодогу негизги курал. А. Тойнби жазган: "цивилизациялардын жаралуу себептери бир гана фактордо катылган эмес, бир нечении аралашкан бирдигинен..."[80]. Бул бардык эле социалдык мамилелердин, анын ичинде гендердик, калыптанышынын көп фактордуулугунан кабар берет. Экинчи көз караште, "гендер өз ар баарлашууну жана үй-бүлөлүк өз ар кызматташууну мүнөздөгөн, аялдар менен эркектердин социалдык мамилелерин уюшулган үлгүсү, түзүлүш, катары гана эмес, ошондой эле, коомдогу негизги институттар менен социалдык мамилелерди аныктаган коомдук институт катары түшүнүлөт"[81]. Гендердик изилдөөлөрдүн азыркы абалы

[79] Воронина О. Введение в гендерные исследования: Материалы первой российской летней школы по женским и гендерным исследованиям. – М.: МЦГИ, 1997. 31-б.
[80] Тойнби А. Дж. Постижение истории. – М., 1991. 107-б.
[81] Воронина О. Введение в гендерные исследования: Материалы первой российской летней школы по женским и гендерным исследованиям. – М.: МЦГИ, 1997. 33-б.

социалдыкты түзүүгө болгон көз караш менен мүнөздөлөт. Гендердик система жыныстарды эки бөлөк, тең эмес, керек болсо бирин-бири толуктап түзөт, мүлктүк жана белгилик капиталды аталардын колунда топтоону максат кылган бийликтин жана үстөмдүк кылуунун системасы. Гендерди жаратуу социалдык калыптануу институттары, эмгекти бөлүштүрүү, маданият (рольдор жана калып ойлор, массалык медиа), үй-бүлө, адамдын өзүнүн аң-сезими (б. а. таанып-айырмалоо), коом орноткон нормаларды кабыл алуу (кийинүү, сырткы келбет, жүрүм-турумду ж. б. тууроо) аркылуу жүргүзүлөт. Гендерди социалдык жаратуунун жыныстык рольдор көз карашынан айырмасы субъектин тажрыйбаны өздөштүрө билүү иш-аракеттик мүнөздө экендигин белгилегендигинде. Субъект, жыныстык оюндар көз карашындагыдай, жөн гана орногон эреже жана мамилелерди кабыл алып жана кайталап гана тим болбойт, аларды ал өзү жаратат. Жаратуу идеясы социалдык түзүлүштү өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн камтыйт. Бир жагынан, жыныстардын мамилелери объективдик болуп саналат, анткени адам аны берилгендик катары кабыл алат, экинчи жагынан – алар күнүмдүктө социалдык түзүлүүчү катары субъективдүү. Социалдык түзүүнүн дагы бир айырмачылыгы жыныстардын мамилеси жөн эле айырма-кошумча эмес, түзүлүш жаратуу, эркектер үстөмдүк кылган теңсиздик мамилелери катары түшүнүлөт. Иштин баары, Т. Парсон боюнча үй-бүлөөдө жана коомдо эркектер куралдык, аялдар сезимдик функцияларды аткаргандыгында эмес, бул функцияларга ар башка орундардын берилишинде. Буйрулган жана үйрөнгөн рольдорду ойноо мүмкүнчүлүктөрдүн теңсиздигин, б. а. эркектердин коомдук чөйрөдө үстөмдүгүн жана аялдардын азыркы батыш коомунда баркы төмөн катары саналган жеке чөйрөгө сүрүлүшүн билдирет. Жыныстык айырмачылыктар – бул болгону жүрүм-турумдун айырмачылыктары жана өзүнүн келип чыгышы менен биологиялык табийгатка эмес, тарыхый түптөлгөн бийликтин социалдык мамилелерине туруктуу иерархиясына милдеттүү. Жүрүм-турумдун жыныстык

белгиси жок, ал жеке адамдын социалдык тажрыйбасы, анын жашоодогу үйрөнүү жана социалдык шарттардын өзгөрүүсүнө ылайыкташуу жөндөмү менен шартталган. Изилдөөлөрдүн басымы жеке эки бөлөк жыныстагы адамдын ички дүйнө мүнөздөмөлөрүнүн салыштырмалуу талдоосунан тигил же бул жыныстык жүрүм-турумду жараткан социалдык контекстке, өтүп жаткан социалдык турмуштун шарттарына өтүшү керек. Жаңы көз караштын мааниси эркектик жана аялдык туруктуу мүнөздөмөлөр болуп санала албайт дегенге такалат: "биз өзүбүзгө жыныстын сапаты катары элестеткен нерсе шарттардын талабы астында калыптанган психологиялык мүнөздөрдүн, социалдык рольдордун жана жүрүм-турумдук тандап алуулардын татаал түйүндүсү"[82]. Гендерди түзүүнүн (жаратуунун) башкы түшүнүгү болуп жеке адамдардын өзүнө жана башкаларга аныктама берген өз ара мамилелердин процесси эсептелет. Гендерди жаратуунун башкы шарттары болуп социалдык күтүүлөр, оюндар жана жүрүм-турумдун талаптарга дал келиши саналат. Социалдык талаптар адамдын жүрүм-турумун туура болушун катуу башкаргандыктан дагы көптөгөн учурларда маанилүү бойдон кала берет. Аял менен эркектин мүнөзү туруктуу эмес, өзгөрүүнүн, карама каршылыктардын, процесстин өзү. Жыныстык дихотомия биологиялык айырмачылыктар менен чектелип калбайт, анткени маданий өзгөрүштөр жана илимий-техникалык прогресс жыныстардын "табигый" айырмачылыктарын башкы багыттарын маанисин жоготот (дененин көрсөткүчтөрү, интеллектуалдык жөндөмдөрдүн деңгээли жана өзгөчөлүктөрү, чыгармачылыкка таандык функциялар). Демек, феминизм демократиялык көз караштан алып караганда интеллектуалдык жана социалдык жогорку сапаттагы өндүрүм деп бүтүм чыгарууга болот. Феминизм коллективдик субъектин болгон муктаждыктарын тактикалык деңгээлде билдирет. Ал атайын эле бардык аял калкынын кызыкчылыгын көздөбөйт – алардын арасы бир түркүмдүү

[82] Unger R.K. Imperfect Reflections of Reality: Psychology Constructs Gender // Making a Difference: Psychology a. The Consruction. New Haven-London, 1990. 104-б.

эмес. Феминизм постмодернисттик, психоаналитикалык, постструктуралисттик багыттарды камтыйт. Идеологиялык жактан - либералдык, марксистик жана радикалдык багыттары кирет. Радикалдык феминизм болгон тартиптерди сындап, аларды кайра карап чыгууну жана жаңы коомдук эрежелерди түзүүнү талап кылат. Ошондуктан ал жалпы феминизмге каршы курч мүнөздөгү каршылыктарды жана терс мамилелерди жаратат. Либералдык феминизм болсо "башка бирок тең" көз карашында туруп, патриархалдык системаны кескин өзгөртүү максаттарын өз алдына койбойт. Интеллектуалдык феминизм чыгармачылык жана саясат чөйрөлөрүнө чыккан келечеги кең социалдык-философиялык теория жана гумандуулуктун тажрыйбасы болуп саналат. Интеллектуалдык феминизмдин башатын постструкту-риалистик жана постмодернисттик теориялардын өнүгүшү менен байланыштырса болот. Поструктуралистик феминизм жана деконструктивизм адаттагы бинардык ой-жүгүртүүнү талкалашат. Деррида боюнча, "деконструктивизм бул караңгы-жарык, жигердүүлүк-жүүнсүздүк сыяктуу жалпы таанылган иерархиялардын негиздерин өзгөрткөн философиянын алкагындагы стратегия"[83]. Аялдар жазуусунун теориясы "эркектик" жана "аялдык" оппозициянын бирдейлигин негизин жок кылат. Постмодернисттик маданиятта иш жүзүндө ар кыл чыгармачылык парадигмаларынын тең баалуулугу таанылат, мурун жашоого болгон укугу жокко чыгарылгандарын кайра калыбына келтирет. Постмодернизм бекем тургузулган баалуулуктун бирдей түзүлүшүнөн баш тартып, бир түздүктө жайгашкан көп уюлдуу, байланыштуу принциптердин артыкчылыгын тааныды. Теоретикалык феминизмдин жетишкендиктери азыркы коом таануунун көптөгөн чөйрөлөрүн изилдөө багыттарын негизинен бери өзгөрүшүнө алып келди. Ушундай процесстерди түшүнүү азыркы феминизмди социалдык кыймыл гана эмес, философиялык-теоретикалык концепция катары дагы таанууга

[83] Нордгрэн Э.Развитие поструктурализма в теории литературного феминизма // Преображение. 1994. №2. 131- б.

мүмкүнчүлүк берет. Эң акыркы, жаңы философилык окуулар, ой-жүгүртүүлөр феминизм менен таанышкандан кийин аялдар көйгөйүн жалпы адамзаттын деңгээлиндеги маселе катары карап башташты. Бүгүнкү күнү, феминизмдин тагдыры гумандаштыруу, экологиялык болуу, маданияттын маалыматташуу процесстери менен шартталган, ошондой эле, бул процесстер менен суроонун өзүн жаңыча коюу, илимдин максаттарын жана негиздерине кайра ой-кырына салып карап чыгуу байланышкан. Азыркы феминистик теориянын концептуалдык негизин жыныстын социалдык-маданий аныкталышынын ачылышы түзөт.

## 2. 2. КӨЧМӨН КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ ГЕНДЕРДИК БАЛАНС ЖАНА АЗЫРКЫ КООМ

С. Вардиман өзүнүн “Байыркы дүйнө аялы” эмгегинде, аялдар бүт жер жүзүндөгү диндердин негиздерин калыптаган, себеби ал өзүнөн жашоонун өзүн жараткан жаратылыштын бөлүгүн, акыл менен бейаңдуулук, көмүскөдөгү күчтөрдү тапкандыгы жөнүндө жазган. Ошондуктан биринчи кудайлар аял кейпинде болушуп, тирүүлөр менен өлгөндөр дүйнөсүнүн ортосунда байланыштыруучулары болушуп, акылга сыйбаган сыйкырдуу күчтөрдүн эшигин ачышкан. Байыркы доорго таандык таштан чегилген аялдын эстеликтеринин көптүгүнө караганда, адам коомунун калыптанышынын алгачкы мезгилинде эле, аялдын тукум жаратуу күчү, ага болгон өзгөчө мамилелердин жаралышына шарт түзгөн. Ушул күчтөн улам, аял адам менен жаратылыштын ортосундагы татаал мамилелерге жигердүү кийлигише алуучу күчкө ээ өзгөчө жан катары кабыл алынган[84]. Байыркы дүйнөнүн алгачкы дыйканчылык коомдорунда Жер Энеге жалынып, урматтоо кеңири таралган: түшүмдүүлүк менен бала төрөөнүн кудайы

[84] Вардиман Е. Женщина в Древнем Мире. – М., Наука.: 1990. 286-б.

катары эсептелген Исидага (Египетте), Иштар жана Кибельге (Кичи Азияда), Геяга (Олимпияда), Диана (Римде).

Биздин эрага чейинки миң жылдыкта Дунайдан тартып Энисей менен Чыгыш Туркестанга чейинки мейкиндикте перстер сак, гректер скиф деп аталган тууган көчмөн элдер көчүп жүрүшкөн. Тарых барактарында сактардын ханышасы Томиристин (Тумар) эрдиги, сулуулугу, сый-урматка ээ болгондугу айтылып калган. Сактар Тянь-Шань тоолору менен түздүктөрүнүн байыртадан жердеп келген эл. “Сак” “баатыр эр” дегенди билдирет. Сактар асман кудайы Теңирге, Күнгө жан Айга жалынышкан, Дарыя-Энени, Жер-Энени ыйык тутушкан. Сактардын уул-кыздары мыкты ат оюнчу болушкан жана эрдиги жана чечкиндүүлүгү менен даңкталышкан. Сактардын ургаачылары согуш өнөрүндө эркектердин кем калышкан эмес. Сактардын урууларын аялдар башкарган учурлар дагы болгон. Томирис – б. з. ч. V к. “Улуу Сак” дегенди түшүндүргөн массагет сактардын ханышасы болгон. Басып кирген перс падышасы Кир II согушуп жеңип алган. Томирис – эркиндикти сүйгөн сак урууларынын башчысы.

Борбордук Азиянын байыркы көчмөн- малчы түрк урууларынын арасында баланын жана түшүмдүн кудайы Умай-Эне болгон. Умай энеге жалынуу ага баш урган көчмөндөрдүн аты жазылып калган руникалык жазуулардан алда канча илгерки мезгилдерге кетет. Байыркы түрк маданиятында уламыштан жаралган элестердин бири Умай-эне. Умайдын башаты түпкү жаратуучулардан болгон Ак Марал, Ак Бугу менен түздөн-түз байланышкан. М. Абрамзон Умайга жалынуунун издери Алтайда, Ала-Тоодо, Орто-Азияда табылгандыктан, анын көптөгөн белгилери “Умайдын элесинен Борбордук Азиянын матриархалдык Иштарын көрсөк болот”[85]. Умай ургаачынын, тукум улоонун жана үй-бүлөө очогунун кудайы катары каралган. Н.П. Дыренкова тарабынан Саян-Алтайдын шаманчылыкты тутунган элдеринде жана Орто Азиянын мусулман калктарында Умай-энени ириде

[85] Абрамзон С. М. Предметы культа казахов, киргизов и каракалпаков//Материальная культура и хозяйство народов Кавказа, Средней Азии и Казахстана. Сб. МАЭ.—Д. 1978. 195-б.

балдардын, аялдардын төрөт учурундагы колдоочусу катары урматтоо сакталып калгандыгы айтылган. “Манас” эпосунда Умай-эне так ушул элесте берилген.

Умай-энеге ишенүүдөгү болгон дагы бир учур абдан маанилүү: Умайдан баласы жок аялга бала берүүсүн шаман суранып жаткан учурда, ал жерде сөзсүз сүт куюлган аяк туруш керек. Болочок баланын жанын Умай-эне аны энесинин курсагына салаардан мурда убактылуу сүткө түшүрүлөт деп эсептелинген. Кут жашоонун жаралышы жана өнүгүшү жөнүндөгү түшүнүктөрдүн чагылышы. Умай-энени өзгөчө түшүмдүү жана бактылуу жылдары көп эстешкен. Түшүм көп болгон же мал көп төл берген жылдары “Умай-энени сүтү куюлду” – деп айтышкан. Сүт (кут) “байлыктын”, “кененчиликтин” “берекенин” белгиси. Кут жашоону жараткан башаттык күч катары каралган.

Умай-энеге болгон ишеним эң байыркы диний ишенимдердин бири болуп саналат. Байыркы кудайга болгон ишенимди жана анын атын мусулманчылыкка кирген кыргыздар мусулмандар урматтаган аял аттарына кошуп айтышкан. Мисалы, Мухамед пайгамбардын кыздары Фатима менен Зухранын атына кошуп Батма Зуура. Умай энеге кыргызда аялдын төрөтүнө катышкандар, бакшылар жалынышып “Бул менин колум эмес, бул Умай-эненин колу” – деп айтышкан. Балдарды бир жакка жөнөтүп жатышып “Умай-энеге тапшырдым” – дешкен.

Умай-эне дайым эле балдар менен төрөгөн аялдардын колдоочусу болгон менен, кебетеси, бардык учурларда мындай болгон эмес көрүнөт. Умай-эне Теңирдин жубайы болуп кагандын аялын жана балдарын колдогон. Орхон-энисей жазууларында “адам балдарынын” жаралышын “Көк асман” жана “Кара жер” менен байланыштырышкан.

Байыркы түрк уламыштарында асман менен жер бир башаттын эки тең жагы катары каралган, мисалы аял менен эркек сыяктуу. Умай-эне жөнүндөгү эскерүүлөрдө жеңиштүү согуштун жоокерлеринин колдоочусу болгон башкы кудай

катары таанылган учурлар бар: Көк Асман, Умай, ыйык Жер-суу, мына ушулар биздин жеңиш[86].

Талаа мейкиндигинде адам баласы башынан эле жаратылыштын өнүгүшүнө кийлигишкен эмес, тескеринче алар жаратылышты ыйык тутуп, ага сыйынып, өз жашоосунун булагы деп тааныган. Анткени көчмөндөргө чыныгы эркиндик таандык – адам менен жаратылыш өзүнөн-өзү келип чыккан табигый жолдо эркин эриш-аркак мамиле куруп жашайт. Көчмөндөр өз талааларын жана тоолорун жүздөгөн жылдар мурун кандай болсо ошол бойдон сактап күтүшкөн. Гумилев мындай деп жазган: “Чыгышы байыркы кытай цивилизациясы, Батышы жарым континенталдык чыгыш европага жеткен жер арасы бул чарба жүргүзүүнүн, диндин, социалдык уюмдардын, адептин ар кыл түрүн колдонгон ар түркүм элдер жашаган, бирок бардык коңшу элдер тарабынан бир бүтүндүк катары кабыл алынган”[87].

Мейкиндиктин ушундайча кабылданышы көчмөндөрдүн жогорку ыкчамдыгын, элдин биримдик сезимин, ошондон улам өзүнүн өзгөчөлүгүн, бөлөк коңшу элдерден жана өлкөлөрдөн кескин айырмаланышын сезүүгө шарт түзгөн. Ушундай көз караштардын себебинде көчмөндөр ал элдерди чоочун, бөлөк катары таанышып, мезгил-мезгили менен болуп турган ич ара кагылышууларга, болгон айырмачылыктарына, түбөлүккө бири-бири менен өз эркиндиги жана жеринин бүтүндүгү үчүн салгылашып өтөөрүнө карабай, өздөрүн бир тагдырдагы, бир бүтүндүктөгү эл катары санашкан.

“Талаа цивилизациясы” өзүнө Батыштын дагы, Чыгыштын дагы өзгөчөлүктөрүн сиңирген. Ал кайталангыс түрдө жалпылык жана жекелик баштаптарын айкаштырган. Натыйжасында көчмөн бул өзүнчө бир “кентавр” – өзүнүн башатын канына сиңирген уруучулук аң-сезимдин жекечилик менен корпоративдиктин сыйкырдуу айкашы. Бул ошол мезгилде эле бул элдин өзгөлөрдөн айырмаланган

[86] Дыренкова Н. П. Умай в культе турецких племен //Культура и письменность Востока. – Баку, 1982. – Кн. 3. 147 - б.
[87] Гумилев Л. Хунну. – Спб.,  1993.  8-б.

принципиалдуу өзгөчөлүгү, анын менталитетин өздүк белгиси жана ушундан улам келип чыккан башка бөлөк мөнүздүүлүктөрдүн негизи катары кабыл алынып келген. Номадизмдин цивилизациялык менталдыгы мына так ушунда[88]. Үй-бүлө куруу уруунун бүтүндүгүн жана биримдигин сактоого багытталган. Жакын туугандар арасында никеге туруугa уруксат берилген эмес, анткени ажырашууга туура келсе уруунун биримдигине доо кеткен, бир чети туугандан чыккан келиндин баш ийүүсү кыйыныраак келет, ошондуктан патриархалдык үй-бүлөө мамилелеринде мындай ишке жол берүү туура болгон эмес.

«Кыз туулса кырк байтал, уул туулса союл кармаар» деп айтылат. Мунун маанисинде кыз байлык алып келет, уул элин коргогон жоокер болот деген түшүнүк жатат. Мал көчмөндөрдүн мүлкүн түзгөн. Туугандарын жана алардын мүлкүн коргоо негизги иштердин бири болуп саналган. Жалпыга белгилүү болгон кыргыздардын меймандостугу жөн эле жолоочуга көргөзүлгөн ыймандуулуктун белгиси болгон эмес, ал ошондой эле кабыл алган үйдүн, үй ээсинин жана уруунун адептүүлүгүн көргөзө билүүнүн жолу болгон.

Көчмөн цивилизацияда жеке менчик болгон эмес жана ошонун себебинде күчтүү мамлекеттик бийликке муктаждык жаралбаган, Батышка да, Чыгышка да мүнөздүү болгон күнөөгө батуу акыркы мезгилге чейин жокко эсе көрүнүш болуп жана алардын болочоктогу коомдук өнүгүү жолдорун аныктаган жаран аралык каршылашуулар орун алган эмес. Көчмөнчүлүккө мурункуну мурастоо, үзгүлтүксүз өнүгүү, тажрыйба жыйноо, эволюциялык система түзүү мүнөздүү. Улуу Талаанын мейкиндиктеринде кулчулук болгон эмес Жаңы Мезгилге чейин. Демек, көчмөн коом таптык коомдордун алкагына кирбей андан сырткары турат.

Көчмөн социумдун социалдык-экономикалык жана саясый түзүлүшүнүн ар кылдуулугу, түпкүлүгүндө бир эле цивилизациялык константага – социалдык өз ара мамилелерди

[88] Абилдаев Э. Е. Цивилизационные основы формирования номадизма//Социальные и гуманитарные науки, – Б. 2000, № 1-2. 14-б.

куруунун өзгөчө жолуна келип такалат. Ал ар тараптуу ыкчамдуулукка (мобильность) жана мейкиндикте созулууга негизделген. Бул тарыхый-географиялык фактордун талаага жана көчмөн коомдун тагдырында, көчмөн цивилизациянын келип чыгышына жана калыптанышына кошкон мааниси эң зор болгон.

Көк асман түрктүн бийик рухунун белгиси, ал жашоонун ылдамдыгынын жана кеңдигинин өлчөмү: көчмөн – Асмандын уулу, ар бир адамдын Теңири барган жолу бөлөк, бирок ал жол ошону менен бирге эле ал бабалардын жолу менен биргелигин өзүнө камтыйт. Дүйнөнүн жүздөгөн жылдар бою куралган элесинин нурлантып келген жолдун терең жана түбөлүктүү идеясы ушундайча аныкталат[89]. Теңир түрктүн аң-сезиминде “түбөлүк” орунду ээлейт. Башкача айтканда, Асмандын турмуштук мааниси, жаңы мурункудан жогорку мааниге өтөт - Теңир, түрктүн тагдырына жоопкер, руханий жана заттык чексиздикти жараткан кудайга сыйынуунун жогорку системасы. Жашоонун жогорку маңызы Теңирде, бул дүйнөдөгү бүт жаралган нерсенин башаты. Ушундай көз караштан теңирчиликти түрктөрдүн руханий дүйнөсүнүн негизи катары караса болот. Теңирчилик – бул дүйнө-тааным мүнөзүндөгү, философиялык поэзия түрүндө чагылдырылган өз алдынча “байыркы түрк философиясы” деп айтса болот.

VIII-кылымга таандык Орхон жазуулары мусулманчылыкка чейинки түрк элдеринин аялга болгон сый мамилесинен кабар берип турушат. Хандын атынан чегилген саптарда ал өз энесин жылуулук менен эстеп, аны балдарды колдоочусу болгон Умайга салыштырат. Гомердин чыгармаларындагы гректер сыяктуу эле, түрктөрдө да аялдарын душманга алдырып жиберүү эң чоң уят болуп эсептелген. «Баардыгы Теңир алдында тең, Теңирге жетүү, татыктуу, тең болуу мүмкүнчүлүктөрү да тең. Энесай таш жазмаларындагы текстердин биринчи жактагы жана эмоционалдык мүнөзүнүн төркүнү мына ошол кошуу

[89] Урманбетова Ж. Культура в проекции истории философии. – Б.: Илим,1997. 78-б.

миссиясын жакындары аткаргандан б. а. кошокко таандык мунөзүнөн»[90].

Кыргыз элдик фольклордо жана “Манас” эпосунда кыргыз аялдарнын сулуулугу жана акылы таанылат. Алар элдин идеалдарынын жана дүйнө-таанымынын алып жүрүүчүлөрү, өз эркиндигин жана жерин баскынчылардан коргоодо элдин бүтүндүгүн жана биримдигин сактоого кам көрүшкөн данакерлер болушкан. Кыргыз элин сыйлаган аялдар – даанышман Чыйырды, сулуу Айчүрөк, эр жүрөк Кыз Сайкал. Каныкей - эр Манастын жөлөгү, элдин камкору, эр жүрөктүү, кайрымдуу, ургаачынын уузу, үмүттүн үзүлбөс учугу. Каныкей келечекке кам көрө билген даанышман жан. Ал өзүнүн кыраакылыгы менен дос менен душманды айрый билет. Манаска кылган кызматы менен элге жагып, элдин колдоосуна ээ болуп, Манастын дагы купулуна толот. Анын ар бир кылган иши кылдат, кыраакылыктын, камкордуктун натыйжасынан келип чыгат. Керек болсо, эл аталары болгон акылмандар - Кан Кошой менен кан Бакай анын акылына баа берип, Каныкейдин акылмандыгын кээ бир учурларда өздөрүнүкүнөн дагы жогору коюшат. Кыз сайкал – нойгут элинен чыккан баатыр кыз. Эрдиги жагынан Манастын чоролорунан кем калышпайт. Тойдо болгон сайышта Алмамбет менен Манастан башкасынын баарын жеңип алат.

Эң байыркы замандан бери эле жер жүзүнүн булуң бурчтарында аял-энени урматтоо болуп келген жана аялды урматтоо энени урматтоого барабар болгон. Байыркы түрк дүйнөсү бул эрежеден сыртта калган эмес. XX кылымдын улуу тарыхчыларынын бири, талаа маданиятына болгон жаңы көз карашты ачкан, Гумилевдун эмгектерине кайрылып көрөлү. Өзүнүн “Байыркы түрктөр” эмгегинде мындай дейт: “аялдарга болгон мамиле өтө урматтуу, рыцардык болгон. Баласы боз үйгө киргенде, биринчи энесине, анан атасына жүгүнгөн. Орхон жазуусунда көтөрүңкү маанайда, өзүнүн туугандары болгон аялдар калган ордосун Күлтегиндин сактап калган

[90]Асанбеков Н. К. Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин философиясы. – Жалал-Абад., 2002, 100-б.

согушу жөнүндөгү жазылган. Аялдар теңсиз элдерде, мисалы Гиндукуштагы патандарда, душмандар аялдарга тийбет... Аялдарды мурас калтыруу жана келтирилген жазуу көп аялдуу үй-бүлөө күтүү болгондугунан кабар берет, бирок, бул дагы түрк аялынын укуксуз кылган эмес. Эгер аялдардын абалын көз каранды деп тааныган күндө дагы, анын күйөөсүнө болгон таасирин Табари белгилеп, минтип жазган "түрктөрдүн аялдары аркылуу каалаганыңа жетсең болот" [91].

Көчмөндүк аң-сезим аял-энеге ыйык маани берген. Аялдын ыйыктыгы көчмөн турмушта аны оттун сактоочусу катары кабыл алынгандыгында, өз кезегинде, от көчмөндүн турагы болгон боз-үй менен байланыштырылган. Турак жай менен көптөгөн кылымдар бою сакталып келе жаткан каада-салттар байланышкан. Ага болгон мамиле, анын ичиндеги ар бир үй-бүлөө мүчөсүнүн орду, алардын жашына, жынысына жана социалдык ордуна жараша так аныкталган жана орун алуу тартиби каадага ылайык кылымдар бою так сакталып келген, ушундай эле тартип үй ичиндеги буюмдарга дагы тиешелүү. Ошол эле тартиптер адамдардын мамилесин жана үй ичиндеги жашоону нускалап, анын жасалгасын бир үлгүдө сактап, мейкиндикти уюштуруунун кылымдар бою такшалган чарбалык өңүтүнө гана ылайыкталбастан, кандайдыр бир деңгээлде коомдун социалдык түзүлүшүн, ыйык түшүнүктөрдү дагы чагылдырып келген. "Үй жасалгасын, кийимди, куралды кооздоонун эң алгачкы түрлөрүнүн бири сайма болгон. Саймага ар кыл турмуштук жана чарбалык сүрөттөр түшүрүлгөн. Ушундай мал күткөн элдерге мүнөздүү болгон "кочкор мүйүз", "түймөк" ж.б. саймаларын айтсак болот"[92]. Тотемдик жаныбарлардын оймолору өзгөчө мааниге ээ. "Кочкор мүйүз" эркиндиктин белгиси болгон абаны билгизет. Аялдын колдору – асманда эркин учкан Ак куунун эки канаты. Аба саймасынын узатылып жаткан кыздын чапанын жеңине сайылышы – бул кыргыз элинин аял затына ар дайым урматтоо менен эркиндигин сыйлап мамиле

[91] Гумилев Л. Древние тюрки. – М.,1993. 73-б.
[92] Исмаилов А. И. , Исмаилова Э. И. Социалистический быт советского народа. –М. 1986. 59-б.

кылгандыгын айгинелеп турат. Анын этеги тегерек сайма менен коздолгон. Ар бир тегеректин ичинде дагы төрттөн тегерек. Тегеректердин арасында жайгашкан өсүмдүктөрдүн сүрөтү түшүрүлгөнгөн саймалар Жер-эненин түшүмдүүлүгүнүн белгилери. Төрт тегерек дүйнөнүн төрт тарабын - түндүк, түштүк, чыгыш, батышты билдирет. Тегеректер ар башка түстө, бул түбөлүк дүйнөнүн ар түстүүлүгүнөн кабар берет. Көк – асман, кызыл – күн, жашыл – жашоо, кара – түбөлүктүүлүк. “Каз аяк” саймасы – суунун, ак-куунун, ишенимдүүлүктүн, бакыттын белгиси.

Аялдар үйдүн сол ыптасынан орун алышкан. Адатта оң бутун алдына алып, сол бутун тизесинен бүгүп, жерге таяп, бутун этеги менен жаап отурушкан. Эгер аялга эр тарапка өтүш керек болсо, төр тараптан эмес, сөзсүз түрдө, очоктон ылдый айланып, өтүп барган. Аял киши коноктордун арасында басып жүргөнгө болгон эмес, ошондой эле аял кишинин эркектин кээ бир буюмдарын аттап өтүүгө да тыюу салынган - курал-жарак, ок-дары, ээр-токум, камчы: эгерде аял киши аларды аттаган болсо, ал ошол буюмдардын бузулушуна алып келет деген ишеним болгон. Андан да чоң тыюулар үйгө келген келиндерге салынган, алар эч бир убакта үйдүн эр (оң) тарабына өткөнгө болгон эмес[93]. Бирок, кыргыз жана казак аялдарынын Орто Азиянын бөлөк элдерин аялдарына караганда эркин жашашканды айта кетүү керек. Мунун себеби (паранжа жок жүрүү) үй-чарба иштеринде аял менен эркектин, кыз менен баланын, бирдей катышуусу талап кылынгандыгында болгон. “Турмуш – бул социалдык турмуштун “үзүгү”, аны философиялык жана социалдык мааниде талдоосуз жашоонун өзүн бир бүтүндүк катары кароо мүмкүн эмес”[94]. Кыргыздарда күнүмдүк турмуштун оор түйшүгү аялдардын мойнунда. Кол өнөрчүлүк, малды кароо, тамак даярдоо, кийим тигүү, балдарды тарбиялоо ж.б.у.с. иштер кыргыз аялдарынын бүт жашоосун ээлеген. Көчкөндө боз үйдү чечип, жүктөп, кайра тигиш аял кишинин милдети

[93] Вайнштейн С. И. Мир кочевников Центральной Азии. – М., 1991. 82-83-б.
[94] Исмаилов А. И. , Исмаилова Э. И. Социалистический быт советского народа. – М. 1986. 22-б.

болгон. “Ал шашпай жасаган иш жок, анын эптүү, күчтүү колдорунан келбеген иштин жогундай эле. Эрежеден сырткары учурлар дагы бар, бирок, жалпысынан эмгекчил шайдоот адам…»[95]. Ал бардык кырдаалдарда күйөөсүнүн биринчи кеңешчиси болгон. Жүзүн жашырып жашоонун ар кандай деңгээлдери аялдардын адаттагы кийимдерине дагы таасирин тийгизген. Элдик кийимде элдин көркөмдүк табити, көркөм чыгармачылыгы, дүйнө-таанымы, дүйнө-сезими чагылдырылып турат. Кыргыз кийим кыргыздын аялдарга болгон мамилесинен кабар берип турат. Кыргыздар аялдарга урматтоо менен мамиле кылышкан. “Кыздын кырк чачы улуу”, “Ургаачынын заты улуу” – деген макалдар муну далилдеп турат. Кыргыздарда, казактарда, түркмөндөрдө кыздын жашоодогу эң негизги иши – бул болочок үй-бүлөлүк турмушка даярдануу. Ошондуктан көптөгөн макалдар алардын турмушунун ушул жагдайына арналган: “Кызга кырк үйдөн тыюу, бир үйдөн салам”. Мунун мааниси - кызды бүт уруу тарбиялайт, бирок келечекте бир гана үй-бүлө болот. «Чыккан кыз чийден тышкары». Маниси – күйөөгө берилген кыз, бөлөк бүлөнүн мүчөсү катары саналып, өз үй-бүлөсүндө бөлөк адамдын бүлөөсү катары кабыл алынат. «Таш түшкөн жеринде оор». Мааниси - кай жерге күйөөгө чыкса, ошол жерге биротоло отурукташып калат. Көчмөн элдер кыздын болочоктогу жубай, эне боло тургандыгын ар дайым эске тутуп, аларды тарбиялоодо жакшы мамиле кылган, кыздарга кол көтөрүү жана башка инсандык сезимин ызалоочу жазалар колдонулган эмес[96].

Адамдын кийими ар дайым анын ээсинен кабар берип, анын улутун, социалдык жана үй-бүлөөлүк абалын билдирип турат. Кийим анын акыркы айтылган абалы алмашкан күндө гана алмашат. Кызды узатып жатканда, аны жаңы коомдук топко өтүп жаткан абалына ылайыктап кийинтүү өзүнчө, атайылап аткарыла турган азем болгон. Мурунку мезгилде, элдик кийимдин өзгөчөлүктөрү анын ишенимдери менен

---

[95] Наливкин В. Киргизы Наманганского уезда //Туркестанские ведомости. – 1881. 9-б.
[96] Шайдуллаева Т. Кызбала. – Бишкек., 1999. 7-б.

байланыштуу болгон. Кийимдин бир нерсесин өзгөртүү анын үчүн жакшы болбойт деп эсептелип, негизинен өзгөртүүлөргө жол берилген эмес[97]. Бул чектөөлөр өзгөчө аялдардын кийимине тийиштүү болгон. Аялдардын чалмасы, негизинен, аялдар бетин жаап жүргөн түрк элдерине тийиштүү болгон. Баш кийимди алмаштыруу жаш аялдын энеге айланышына байланыштуу болгон. Жашоо жолундагы (үйлөнүү тою, балалуу болуу) баш кийимди алмаштыруу үрп-адатты анын ээсинин социалдык абалынын өзгөрүшүнөн кабар берет. Шөкүлө – кыздын үйлөнүү тоюнда кийүүчү баш кийим. Аял кишинин өмүрүндө анын күйөөгө чыккандагы биринчи жылы нике тоюнан бала төрөгөнгө чейинки мезгил өзгөчө мааниге ээ болгон. Биринчи балалуу болгон күндөн тартып аял киши башына элечек кийген жана аны өмүрүнүн акырына чейин кийип жүргөн. Элечегин кооздоп кийүү укугуна ал 40 жаштан ашканда гана жеткен. Аялдын кийими жана чачы анын социалдык жана үй-бүлөлүк абалын тактап турган. Башын жаппай тамак ичкен аялдан периштелер качат деп эсептелип, мындай жосун күнөөгө теңелген.

Мусулман жана түрк дөөлөттөрүндө бийлик жүргүзгөн аялдарды таба алабыз. “Мухаммед-хорезмшахтын (1200-1220) энеси өз бийлигин баласы менен кол үзүшкөндөн кийин дагы сактап кала берген. Осман султаны Урхан (1326ө1359) гректердин Никея шаарын алгандан кийин, өз аялын анын башчысы кылып дайындаган. Чыгыш Кичи Азиянын элдик “Коркуд жөнүндө китебинде” көргөзүлгөн аялдардын элестери, элдик турмушта, кеминде баатырлардын турмушунда, аялдар эркек менен жоокердик иштерде дагы бир катарда турган”[98].

Аялдардын үй-чарбасындагы ордунун маанилүүлүгүн жана алардын салыштырмалуу түрдө эркек менен тең укуктуу экендигин белгилеген Н. А. Северцов мындай жазган: “кыргыздардын аялдарды эркин ой-жүгүртүүсү жана күнүмдүк

---

[97] Сузарева О. А. Древние черты в формах головных уборов народов Центральной Азии // Среднеазиатский. этнографический сборник. – М., 1954. 299-б.
[98] Бартольд В. В. Первоначальный ислам и женщина//Соч., Т. VI. – М., 1966. 649-б.

турмушта бийликти тааныбагандыгы менен айырмаланышат, ооба, ал алачыктагы жумушчу, бирок күң эмес, жалкоо көчмөнгө кичине өйдөдөн карайт, акыркысы болсо ага баш ийген, кээ бир учурда, жумшап алат, айтоор, иштегенге мажбурлабаса эле болду, кээ бир тың аялдар аны да кылышат".

Петербургдун Ботаникалык бакчасынын директору В. И. Липский 1903-ж. Кыргызстанда болуп кыргыздын аялдары ат минген жагынан эркектен калышпастыгын жана "мусулман элдеринин ичинен кыргыз аялындай эч ким эркиндикке ээ эмес" – деп жазган[99].

Калың берүү, кызга берилүүчү төлөм – аялга күйөөсүнүн жана анын туугандарынын мүлкү катары мамиле кылынгандыгынан ачык кабар берип турат. Ошондуктан балдар эркекке жана анын туугандарына тийиштүү. Башка жагынан, калыңдын туура жагы дагы бар, кыздын ата-энесинин анын себине кетирген чыгымдын ордун толтурууга жумшалат. Ошондой эле калың кыздын ата-энесине болгон сыйдын ченеми. Кызга канчалык көп калың төлөнсө, анын ата-энесинин баркы ошончулук жогору. Калыңдын баасы ошондой эле кыздын кимге бара тургандыгына дагы байланыштуу болгон. Эгерде кыздын ата-энеси кызын берүүнү каалабаса калыңды көп айтып кутулуп кете алган. Тескеринче каалангандай үй-бүлө курула турган болсо, анда калыңдын баасы каада-салты сактоо үчүн гана бычылган. Калың толугу менен кыздын атасынын карамагына өткөн, ал өлгөндөн соң анын мураскорлоруна өткөн.

Эгерде өзбек, тажик, түркмөн кыздарына баш ийүүнүн, ийкемдүүлүктүн, каяша айтпай, каршылык кылбай жашоонун психологиясы таандык болсо, кыргыз кыздарына эркиндик, эмгекчилдик, адептүүлүк, балдарды сүйүү, энелик камкордук жана боорукердик мүнөздүү.

Орто Азия элдеринин ичинен кыргыз жана казак аялдарына расмий диний жөрөлгөлөргө баш сунуу жана динди тутуу мүнөздүү көрүнүш эмес. Күнүмдүк намазга жыгылуу,

---

[99] Горная царица Курманджан и ее время/Ред. Акад. А. Какеев, акад. В.Плоских.– Бишкек; Илим, 2002. 28-б.

орозо тутуу сакталган эмес, аялдарына паранжа кийгизишпеген. Аялдын үй-бүлөдөгү ордун аныктаган үрп адаттар тамыры менен шариатка кетип элдик эсептелип калган. Нике диний, ошондой эле улуттук милдет. Ыйык милдеттин маңызы – көп бала күтүү, эркек балдарды үй-бүлөнү камсыздоо үчүн, кыздарды башка уруулар менен жакшы мамиле күтүү үчүн тарбиялашкан. Ошондуктан баласыз үй-бүлөө бул трагедия. Диний кызматкерлер башка улуттар менен болгон никеге каршы болуп келишкен. Шариатка ылайык эркек мусулман бөлөк диндеги аялга үйлөнө алат, ошол эле учурда, мусулман аялдын мусулман эмес адамга чыгышы жактырылбайт, эгер андай болуп калган күндө, алар башка жакка көчүп кетүүгө аргасыз болушат.

Орто Азиялык аялдардын абалын жөнүндөгү суроону коюуда батыш мектебинин усулдук негизи улуттук, диний салт адаттардын жана кийинки 70 жылдын ичинде киргизилген жаңылануулардын катнашын талдоо богон. Жаңылануу намазга жыгылуунун сөзсүз эместигинен, күйөөсүнүн аялына чарба иштеринде жардам беришинен ачык байкалат. Мындай өзгөрүштөрдүн максаты бирөө – динге мүмкүн болушунча көп элди тартуу жана ошону менен мамлекеттик бийликке таандык эмес күчтүү катмарды түзүү.

Азыркы учурда мусулман үй-бүлөсү эки өзгөчөлүк менен айырмаланат: бир туугандык сезимдеринин күчтүүлүгү жана улуулардын жаштардын, эркектин аялдын үстүнөн болгон бийлиги. Көп балалуулук патриархалдык салттардын туруктуу сакталып калышынын көрсөткүчү. Элдин санынын ылдам өсүшү бир үй-бүлөдө муундардын чогуу жашашы менен түшүндүрүлөт, чоң эне, чоң аталар бала бакканга жардам беришет.

Мусулман өлкөлөрүндө аялдар маселесине караганда коомдук аң-сезимге жана күнүмдүк турмушка терең сиңип бүткөн мусулман дининин аялдар жөнүндөгү, аны биринчи кезекте үй очогунун сактоочусу катары кабыл алган түшүнүктөрүн сөзсүз түрдө эске алыш керек. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн аялдын коомдогу жана үй-бүлөдөгү ордун

жаңы маани берүүгө болгон муктаждыктары менен эсептешүүгө аргасыз болгон мусулман идеологдору бул темага кызуу катышып өз караштарын билдирип келишет. Эски көз-караштарды тутунган фундаменталисттер болобу же Куранды жаңы жашоого ылайыкташтыра кароонун жактоочулары болгон модернистер болобу, баардыгы тең бир пикирде болушуп “бардык мезгилдердеги бүт элдердин дини” болгон исламда аялдар маселесине кынтыксыз чечилгендигин жар салышат.

Куранда камтылган, кийин шариатта – мусулман укуктарында өнүктүрүлгөн мыйзамдар, исламда аялдар маселеси, башынан эле, жөн гана адептин маселеси болбостон, социалдык маселе катары каралгандыгын билдиришет. Булардын ичинен эң маанилүүсү катары аялдардын үй-бүлөлүк мамилелерин тескөөнү таануу зарыл. Ислам никени таптык абал менен шартталган, демек, сары-эсеп менен жасалган иш катары таанып, натыйжасында никени социалдык көрүнүш катары бекиткен. Эркек өзүнө аялды сатып алат, ошондуктан аял өзүнүн баш ийүүсү жана бала төрөшү менен өзүнүн баасын акташы керек. Куранда берилген жоболор шариатта өнүктүрүлгөн, ал жерде мусулман аялдын мүлктүк, жарандык, үй-бүлөлүк абалдары жана укуктары эң ачык көрсөтүлгөн. Аялдын абалы ар дайым сатып алынуучу буюм катары каралгандыгынан улам ал жабыркап келген. Мындай көрүнүштү шариатта күйөөсү махр (сатып алуу баасы) төлөгөндөн кийин ага толук бийликтүү болот, күйөө аялдын бала төрөө жөндөмүн сатып алган соодагер катары иш кылат деген жоболору далилдеп турат. Никенин негизги максаты балдарды мыйзамдаштыруу, жыныстардын биригиши жана эркектин бийлигин аялдын үстүнөн орнотуу болгон.

Аялдын абалы жөнүндөгү курандын жана шарияттын жоболору исламдын саясатташышы, окумуштуулар жана жөнөкөй калктын исламдын баштапкы келип чыгыш булактарына болгон кызыкчылыгын артышы менен, ислам мусулман коомунун моралдык этикалык нормаларынан мусулман идеологдорунун жардамы менен эч кандай

өзгөрүүгө жол берилбей турган сенек талаптарга айланууда. Бул ошондой эле мусулман коомчулугун батыш көз караштарына, мусулман адебине жатпаган батыштын жашоо адаттарын, жоосундарын кабыл алууну каалабагандыгы менен коштолот. Ислам жана анын институттары мусулмандын психологиясында күнөө кетирбес ыйыктар катары саналып, ислам анын элинин маданиятын сактап калгандай, колонизаторлорго каршы күрөштө ийгиликке жеткиргендей кабыл алынат. Бирок, мусулман дүйнөсү абдан татаал, карама-каршылыктардан турган, ала-була: бир дагы мусулман өлкөсү экинчисин кайталабайт, анткени алар социалдык, экономикалык, маданий жана саясый өнүгүүнүн ар башка тепкичтеринде турушат.

Чын эле, иш жүзүндө, кыргыз аялдары көптөгөн коомдук көйгөйлөрдү чечүүгө катышууга укуктуу болушкан. “Алай ханышасы” Курманжан датканын ордосунда болуп кайткан Е. Марков кыргыз аялдары үй-бүлөдө жана турмушта урматталаарын байкаган[100]. Ал аялдардын укугун көңүлгө албаган патриархалдык коомдун шарттарында бийликке келген “датка” (губернатор) даражасын алган биринчи аял болгон. Ал кыраакылык, чечендик, калыстык сапаттарына ээ болгон. Күйөөсүнүн иштерине кийлигишпей ызаат кылган туубаса касиети ага күйөөсүнүн тегерегиндегилердин урматын алып келген. Алымбек көпкө жок болгондо ордуна Курманжан башкарып калган. Күйөөсү менен бирге Курманжан саясатчы катары өсүп, андан сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү өнөрүн үйрөнгөн. Ал чачкын уруулардын башын бириктире алган. Курманжан датка феноменалдуу көрүнүш. Ал эрдиктин, элин жана тынчтыкты сүйүүнүн белгиси болуп калды. Мусулман дүйнөсүндө саясый чөйрөдө “тоо канышасынын” пайда болушу кайталангыс көрүнүш.

Кызылчачы З. Кайназарованын, пахтачы О. Атабекованын жана кыргыз балетинин жылдызы Б. Бейшеналиеванын аттары элге кеңири таанымал. Жашоонун ар кыл өңүттөрүн

[100] Марков Е. Фергана. Путевые очерки кокандского ханства //Русский вестник. – 1893. – VI, VII, IX, XI.

философиялык көз караште изилдеген Т. Адышева. Театр өнөрүнүн энциклопедиясы С. Күмүшалиева. Кыргыз маданиятын легендасы К. Кондучалова 22 жыл министр болуп эмгектенген. Анын башкаруу убагында кыргыз маданияты жөнүндө дүйнө жүзүн сүйлөтө алды: Айтматовдун адабий феномени, “кыргыз киносунун кереметиˮ, кыргыз балетинин көкөлөшү. Б. Орзубаева кыргыз аялдарынын ичинен чыккан илимдин доктору, УИАнын академиги. Анын жетекчилиги астында биринчи Кыргыз Советтик энциклопедиясы чыгарылган. Д. Асанованын тасмалары дүйнөлүк атакка жетишти. БУУнун 187 элчисин жетиси гана аял, алардын ичинде З. Ешмамбетова.

Кыргыз элинин макал-лакаптары элдик даанышмандыкты чагылдырат, аялдардын жогорку ордун, анын үй-бүлөдөгү маанисин белгилешет: «Аялы жоктун алтыны жок», Үйдүн көркү аялда», «Жакшы аял жаман эрди эр кылат, жакшы эрди хан кылат»; эненин балага болгон сүйүүсү атаныкынан ашык: «Ата деген сөз айылга таандык, апа деген сөз ааламга таандык», «Аталуу жетим – арсыз жетим, энелуу жетим – эрке жетим». Макалдар энеге болгон өзгөчө ыйык мамилени дагы белгилешет: «Эне – мазар, эненин тилин албаган – азар».

Гендердик тең салмактуулук – коомдук турмуштун ар кыл чөйрөлөрүндө жыныстардын катышуусунун деңгээли. Гендердик тең салмактуулукка болгон сандык (эсептик) көз караш - коомдук иштердин кай бир чөйрөлөрүндө эркек менен аялдардын тең катышуусунун эсептеп баалоо болсо, сапаттык көз караштан алганда алардын саясаттагы, экономикадагы, маданияттагы, социалдык жана үй-бүлөлүк чөйрөдөгү катышуу деңгээлин баалоо болуп эсептелет.

Коомдогу гендердик тең салмактуулуктун глобалдашышы эки фактор менен шартталган: 1) Демократташууну дүйнөлүк өнүгүүнүн талап кылынган принциби катары таануу аялдардын менен эркектердин иш жүзүндөгү тең укуктуулугун камсыз кылмайын мүмкүн эмес. 2) XXI кылымдын чакырыгы – маалымат жана маалыматтык технологиялар кылымы жалпысынан аялдарды тең укуктуу шерик кылат.

Азыркы Кыргыз коомунун гендердик тең салмактуулукка сактоого мүмкүнчүлүк түзгөн шарттары: 1) Тарыхый: Адаттагы кыргыз коому үй-бүлөө, уруу, кийинчерээк элден куралган, бул жалпылыкка бардыгы социалдык, мүлктүк абалына карабай кире алган, ошондуктан алардын арасында өзүн тең укуктуу коомдордун өкүлү катары сезими абдан өнүккөн. Бул өзүн, өз уруусунун, татыктуу мүчөсү катары сезиминин өнүккөндүгүндө жатат: «Эч  кимден, эч ким кем эмес». 2) Маданий мурас: Көчмөндүк чарба жүргүзүү жолдору кыргыз элинде гендердик тең салмактуулукту табигый мүнөздө сакталышына өбөлгө болгон; элдик чыгармалар – Манас үчилтиги, Жаңыл Мырза эпосу ж. б. кенже эпостор, аялдарды эр-жүрөк жоокер, эл башчысы катары даңазалап, алардын түркөй болушу мүмкүн эместигин далилдешет. 3) Психологиялык себептер: кечеги кеңештер доорунда аялдарга социалдык турмуштун бардык чөйрөлөрүндө жана мамлекеттик бийликтин курамында орун бөлүп бергендиги дагы эле унутула элек; аялдарды тарбиялоо эркек менен тең эмгектенүү, эс алуу тең шарттарда жүргүзүлөт.

Аялдардын жана эркектердин тең укуктуулугунун мыйзамдык негиздери болуп БУУнун адам укугунун Декларациясы, аялдардын укуктарын чектөөнү жок кылуу Конвенциясы, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана башка мыйзамдары саналышат. Ушул шарттардын баары гендердик тең салмактуулуктун ишке ашырууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Кыргызстанда гендердик тең салмактуулук төмөнкү терс жана оң шарттарды эске алганда мүмкүн. Биринчиден, гендердик тең салмактуулук аялдарга калктын, ушул көз караштан алып караганда, жардамга муктаж катмары, алардын өз мамлекетинин алдында бул маселени коё алышы үчүн керек. Гендердик тең салмактуулук сөздүн абсолюттук маанисинде жөнөкөй себептерден улам мүмкүн эмес – аялдар менен эркектердин ортосундагы психофизиологиялык, маданий, адаттык айырмачылыктардын болушу. Экинчиден, эгерде аялдын үй жумуштарын иштеген аялдардын жумуш стажына теңеп караса гендердик тең

салмактуулук жакшырмак. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө, бардык мезгилдерде аялдар көбүнчө үй жумуштарына, ал эми эркектер болсо, тескеринче коомдук жумуштарга жана саясатка багытталган. Үчүнчүдөн, гендердик тең салмактуулукту чечүү жолунда аялдардын күнүнө түшкөн жумушсуздук жана жакырчылык чоң тоскоол болуп жатат. Төртүнчүдөн гендердик тең салмактуулук саясый чөйрөдө кескин абалда: аялдардын борбордук мамлекеттик бийлик органдарында аздыгы – парламентте, өкмөттө, Арбитраждык, Жогорку, Конституциялык соттордо. Бул үчүн шайлоочу аялдар менен иштеш керек. Бешинчиден, гендер боюнча коом жарандык коомго жана саясый түзүлүшкө бөлүнүп кетти. Аялдардын саясый жигердүүлүгү биринчи кезекте алардын өздөрүнө керек: өзүн коомдун толук кандуу, тең укуктуу, бирдей билим алган, жогорку квалификациялуу мүчөсү катары иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Аял киши саясатты кайрымдуурак кылат, социалдык сурамжылоолор көргөзгөндөй, алар эркектерге караганда жоопкерчиликтүү келишет. Аялдар өзүнүн табиятынан жаратуучу болуп, адам тукумун улоочусу. Ошондуктан алар өз балдарынын келечеги үчүн саясый тынчтыкка, улуттар аралык ынтымакка көбүрөөк багытталышкан. Аялдар өздөрү гана энелер, жубайлар, жумушчулар катары саясатта өз кызыкчылыктарын коргой алышат.

Саясат өзүнүн негизги багыттарында – мамлекеттик иштерде эркектерге, ал эми жарандык коом аялдарга таандык болуп калды. Аялдардын лидерлигин күчөтүү боюнча аялдардын демилгелерди колдоо, алардын саясатка жигердүүрөөк кошулуусу жарандык коом менен мамлекеттик курамдын өз ара иштешүүсүн жакшыртууга өбөлгө түзүп Кыргыз Мамлекетинде демократиянын мындан ары өнүгүшүнө маанилүү салым кошо алат. Аялдардын саясатка катышуусуна тоскоол болгон себептер булар: саясый курамдар эркектердин өзүн иш жүзүндө жаратуусу үчүн ылайыктуу тез болуп туруучу иш-сапарлар, тартипке байланбаган иш күнү; бардык категориядагы аялдардын экономикалык абалы аларды

саясый иштерден алаксытып, саясый чөйрөдөгү көңүл коштукту жаратат.

Кыргызстанда чыныгы гендердик тең салмактуулукка жетүүнүн жолу – саясый бийликтин улуттук институттарын аялдар үчүн ылайыкташтырып, жумшартуу багытында өзгөртүү, ошондой эле эркектердин аялдарды эне, карындаш, эже, жубай катары гана кабыл алган көз караштарын өзгөртүү.

Жыйынтыгында айта кетүүчү нерсе, кыргыз көчмөн коомунда эркектердин орду чоң болгондугу талашсыз, бирок, бөлөк көчмөн элдер сыяктуу эле, кыргыздар дагы эркектин аялдын үстүнөн болгон бийлигин атайын өзгөчө тартипке айлантышкан эмес. Көчмөндүн аң-сезиминде аял-эне өзгөчө ыйык орунду ээлейт.  Мындай көрүнүштүн түпкү тамыры көчмөндүк турмуштун өзгөчөлүктөрүндө гана эмес, бабалардын энеге баш ийип сыйынган, сыйкырдуу күчтөргө таазим эткен доордон калган түшүнүктөрдө жана элдин мифологиясына жатат. Ар бир аял сырдуу дүйнө, ар биринде Аалам күчтөрүнүн кыпыны бар. Кыргыздар эзелки замандан бери эле Аял-Энени кудай тутушуп, ардактоо менен Умай-Эне деп аташкан. Жерге дагы Жер-Эне деп кайрышкан. Кыргыздын кыздарына болгон мамилеси алардын көсөмдүгүн, марттыгын далилдеп турат. Кыздар бойго жеткенде уясын таштап учуп кетет, ошондуктан бул үйдөгү сыйлуу конок катары эсептелип, төрөлгөндөн тартып атасы, байкелери, уруулаш туугандары эркелетип, көңүлүнө кир жугузбай багышкан. Кыз киши өзгөчө мээримдүүлүк, сүйүү жана ызаттоо менен тарбияланган. Кыргыздар кызды тарбиялоодо анын өзгөчөлүгүн, жашоо башаты экендигин белгилөөгө өзгөчө умтулушкан.

## 2.3. КЕҢЕШТЕР ДООРУНАН КИЙИНКИ КООМДОГУ КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫ

Коомду социалдык-экономикалык кайра куруу учурунда аялдардын мурун көмүскөдө болуп келген теңсиздик абалын ачыкка чыгарып, алардын мүлктүк, психологиялык жана башка көз карандылыктарын күчөтүп, кээ бир чөйрөлөргө аялдар үчүн жол жабылды. Мурун аял менен эркектин "табигый" чечүүгө мүмкүн эмес айырмачылыктары жөнүндө сөз жүрүп келген. Бүгүн алардын социалдык шартталганы анык болуп укуктук теңсиздик категорияларын талдоо керек. Жаңы социалдык чөйрө аялдар коомуна түз талаптарын коюп, социалдык рольдордун алкагын кеңейтип, алардын маанисин жана аялдын коомдун социалдык түзүлүшүндө ээлеген ордун өзгөртүп, чыгармачылык жана жумушчу мүмкүнчүлүктөрүнүн чегин мурункудан ары жылдырууда.

Борбордук Азияда аялдар ишкердигин өнүктүрүү максатында жеңилдетилген насыяларды берүү иштери азырынча начар өнүккөн, аялдардын жана эркектердин экономикага бирдей тең катышуусуна мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн эмес. Бирок, ага карабастан майда ишкердиктин жаңы түрлөрү аялдар тарабынан жигердүү өздөштүрүлүүдө. Миңдеген аялдар кыйын абалдан өздөрү чыга алышты. Тышкы өлкөдөн товар алып келип саткан соодагер аялдар жөн гана базарда болгон тең салмактуулукту жакшыртпастан, бул иш менен алар дагы миңдеген кишини – алардан алып саткан жергиликтүү соодагерлер, жүк ташуучу компаниялар, базарда жүк ташыгандар, аларга тамак-аш саткандар ж. б. кызмат көргөзгөндөр жумуш менен камсыз кылынышат. Күйөөлөрү жумушу жок, аргасыздан бала багып үйдө отурушат. Бир чети бул көрүнүш эркектердин "кийим сатуу – эркектин иши эмес" деген түшүнүгүнө байланыштуу, бир чети аялдардын үй-бүлөөсү үчүн эң оор шарттарга – өзүнөн оор жүктү көтөрүү, жол азабы, рэкет коркунучуна чыдай билгендиги менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстан өз эркиндигин билимдин жана маданияттын жогорку деңгээлинде тосуп алды. Өлкөдөгү илим

кандидаттарынын 42% аялдар түзөт, алардын көпчүлүгү дарыгерлик, биология жана химия, филология жана башка гуманитардык илимдери боюнча. Аялдардын бул чөйрөлөрдөгү мындай көптүгү дүйнөдөгү кайталангыс көрүнүшкө тете деп айтса болот. Бул көрсөткүчтөр боюнча Азиянын бир дагы аймагы Борбордук Азия менен теңдеше албайт. Ошону менен бирге, илимдин кыйроо “трагедиясы” аялдардыкы болуп калган жана алар чоң ийгиликтерге жетишкен адаттагы чөйрөлөрдө дагы кийинки муундарды даярдоо иштерине кедергисин тийгизди. Ондогон жылдар бою курулган нерсе саналуу жылдарда жок болду. Өз ишинде жогорку адистикке же көрүнүктүү коомдук орунга жетишкен аялдар айлана-чөйрөсүндөгү каршылыктар менен тынымсыз күрөшүүгө аргасыз. Мындай көрүнүш өзгөчө жогорку дараметтүү, чыгармачылык менен алп урушкан аялдар чөйрөсүнө мүнөздүү. Алардын көбү коом тарабынан жогорку баа алганы менен өз үй-бүлөсүндө төмөнкү орунга макул болууга аргасыз болушуп же жеке турмушунда түшүнбөстүк кагылышууларга алып келген. Бул көрүнүш аялдар маселесине болгон коомдун көз карашынын эки ачалыгынан (амбивалентигинен) кабар берет. Жалпысынан аялдарга болгон мамиле менен чыгармачылык чөйрөсүндө эмгектенген аялдарга болгон мамилелердин өзгөчөлүгү бар. Коомдогу чыгармачылык чөйрөсүндөгү аялдарга болгон мамиленин келечеги ал жерде кандай баалуулуктардын үстөмдүк кылышына жараша чечилет. Жергиликтүү салттарга, адаттарга калыс көз караш болсо элибиздин мурдагы карыя аялдарга урматтоо менен мамиле кылуу, үй-бүлө жана энелик институттары сыяктуу даанышман салттарын кайра калыбына келтирсе болот. Биз эми гана калың кеткен чыгымдын ордун толтуруу экендигин ачык айта баштадык. Кыздын төрөлүшү менен анын себин даярдоо камы башталат. Сепке жаңы үй-бүлөнүн алгачкы жылдары керек болуучу оокаттар кирет. Мындай камдын жардамы менен жаш үй-бүлөө өз алдынчалыгын сактап калууга чоң жардам алышат. Тактап

айтсак, бул салттар кеңештер доорунда деле сакталып калган, бирок өзгөртүлгөн калыбында.

Азыркы мезгилдин эң мүнөздүү өзгөчөлүгү – бул аялдардын өлкөбүздүн коомдук-саясый жашоосуна жигердүү катышышы. Бул көрүнүштү аялдар түзгөн жана катышкан бейөкмөт уюмдардын санын кескин өсүшүнөн көрсөк болот. Коомдук уюмдардын көргөзмөлүүгүнө жана кеңеш доорунда мындай идеянын өзү каралганына карабастан, жарандык демилгенин ойгонушу менен аялдардын бейөкмөттүк уюмдары бардык аймактарда жайнап чыга келди. Жер жерлердеги аялдардын бейөкмөттүк уюмдарынын толук эмес тизмеси жаңы күчтөрдүн өнүгүүгө болгон умтулуу кубатынан кабар берет. Бейөкмөт уюмдар, билим берүү программалары кыздарга өз баркын жоготуу сезимин жеңип чыгууга, өзүнүн интеллектуалдык жөндөмдөрүнө көңүлүн бурууга, өз кыялдарын, максаттарын ишке ашырууга жана өз көйгөйлөрүн өз алдынча чечүүгө жардам берүүгө умтулушу керек. Бул демилгелердин максаты – эл ичинде кыздардын келбети, жакшы жүрүм туруму үчүн гана баалап, аны эне, кыз, эже, карындаш, жубай же бирөөнүн менчиги катары карабастан, биринчи кезекте, аны инсан катары баалап, анын инсандык дараметине баа берүүнү өнүктүрүүгө жетишүү.

Кыргызстанда расмий мамлекеттик каттоодон өткөн 700 ашуун бейөкмөт уюм бар. Иш жүзүндө алардын 250-300 иштейт. Ал эми алардын ичинен 50-сү аялдардын абалын жакшыртуу багытында иш алып барышкан өзүн өзү колдоо топтору. Бирок, өз кезегинде, алардын ичинен 18 гана кандайдыр бир натыйжага жетишкен деп санаса болот. Аттарын атасак, булардын ичинде “Кыргызстан аялдарынын Комитети”, “Диамонд”, “Кыргызстан аялдарынын Конгресси”, “Аялдар өнүгүүдө”, “Эне”, “Аялдардын көз карандысыз союзу”, “Мээрим” кайрымдуулук фонду, “Аялдардын элдик салттарды сактап жана өнүктүрүү Лигасы” ж. б.

Борбордук Азиядагы бейөкмөт уюмдарды жалпысынан шарттуу түрдө үч түркүмгө бөлсө болот. Биринчи түркүм бул кеңештер коомунан мураска калган уюмдар: бийлик

бутактарында жана жер-жерлерде кеңири байланыштары бар, массалык иш-чараларды уюштуру, ММК(массалык-маалымат каражаттары) менен иш алып баруу тажрыйбасы, эл ичинде абрoю бар аялдар комитеттери. Мындай уюмдар көлөмдүү иш-чараларды өткөзүп, ММКры менен иштешип жана сыйлык таратуу менен коштолгон үндөө кампанияларын уюштура алышат. Бийлик менен бирге иш алып барышып, алардын иштерин максаттарын үгүттөп элге таратышат. Экинчи түркүм – жаңы, эл ичинде белгилүү боло элек, университеттерде иштешкен аялдар арасында же башка кесиптик чөйрөдө пайда болгон уюмдар. Мындай уюмдар өздөрүнүн байланыш жолдорун жаңыдан гана түзүп келе жатышат, бийлик тарабынан таанылган эмес жана аларга чыгуу мүмкүнчүлүктөрү жок. Алардын арасында коомдогу жогорку орундарды ээлеген аялдардын демилгеси менен пайда болгон уюмдар дагы бар. Бейөкмөт уюмдарынын үчүнчү түркүмү аялдардын арасында ишкердикти өнүктүрүүгө багытталган. Бизнес чөйрөсүндө иш алып барган аялдардын тажрыйбасы башка аялдарга дагы жашоонун катаал мектебинен өтүүдө жардам берет. Кээ бир иш-чаралар батыш өлкөлөрүнүн уюмдарынын демөөрчүлүгү астында өткөн конференция менен башталып жана ошону менен эле бүткөн учурлар дагы бар. Аймактардагы аялдар кыймылы жаңыдан гана жаралып келе жатат жана азырынча республиканын ичинде биримдиксиз, эл-аралык институттардан жана уюмдар менен байланышы жок. Ошого карабастан, бейөкмөт уюмдарынын дүмөктүү өнүгүшү, кыймылдын башында тургандардын демилгеси, аялдардын жогорку билимдүүлүгү жакында жергебиздин булуң-бурчтарында таасирдүү аялдар кыймылы жаралат деген үмүт отун сактап турат.

Кеңештер доорундагы динди басмырлоонун натыйжасында диндин “үйдүн” алкагына жылуу процесси өнүктү. Мусулман аялдарынын арасында бул процесс эртерээк, Куранды кодулоо багытында чечмелөө учурунда эле башталып, кийин, согушчан атеизм убагында белгилүү калыптар пайда болгон. Аялдар динге негизинен сактоочу күч

катары - коомду кырсыктардан сактайт, күнөөнүн жазасынан, азгырык жин-шайтандан сактайт, деп ишенишет. Динге берилүүнүн себеби алардын балдары ден-соолугу, өмүрү үчүн көргөн үчүн болгон камкордугунда жана коркунучтарына байланыштуу. 40 жашка чейин аялдар диний сезимдерине көп чалдыгышпайт, 50-55 жаштан тартып, балдардын үйдөн өз алдынча бөлүнүп кетишинен улам сарсанаа тартуу сезими аларды кайрадан диний ишенимдерге алып келет. Азыркы учурда Борбордук Азиянын түштүгүндө исламдашуу, түндүгү христиандашуу процесстери ылдам өнүгүүдө. Аялдын динге таандыгы анын коомдогу ордун түшүнүүдө чоң таасир тийгизет. Мусулман аялдар эски жана жаңы лидерлердин Курандагы түшүнүктөрдү бир жактуу чечмелеп тараткандыктан улам өз мүмкүнчүлүктөрүн өздөрү чектегенге аргасыз. Кээ бир учурларда аялдардан деэмансипациялоо процесси түркөй жолдор менен ишке ашырылат. Мусулман аялдары исламдын жаңы, аларга, бир эле учурда, салттык исламдын чегинде да калып, демократия идеяларын жана гендердик теңдикти өнүктүрүүгө дагы, мүмкүнчүлүк берген чечмелөөсүнө муктаж.

Тарыхый өнүгүүнүн жолу 1991-жылы Борбор Азиялык республикалардын капилеттен көз карандысыздыкка жетишүүсүнө алып келди. Алардын ар бири өз жолун, өнүгүү үлгүсүн тандап алганы менен бирге, мурункудан калган чечилбеген жалпы көйгөйлөрдү жана келечектин белгисиздигин мурастап калышты. Бардык республикалар өткөөл мезгилде социалдык жана экономикалык кризиске кабылышып, билим берүү, саламаттык сактоо, спорт, илим жана көркөм өнөр чөйрөлөрүндөгү жогорку жетишкендиктеринен тез эле кол жуушту. Аялдардын саясаттагы жана экономикадагы чечим кабыл алууга болгон катышуусу алардын бөлөк чөйрөлөрдөгү деңгээлине туура келбейт. Алар эң маанилүү чечимдер кабыл алынган жерлерде аздыкты түзүшөт. Кыргызстанда аялдардын жогорку жоопкерчиликтүү Конституциялык жана Жогорку соттордун төрагасы, социалдык коргоо жана эмгек министри

кызматтарын ээлегендигин өзгөчө белгилеп кетүү менен бирге алардын көбү аткаруучу жана канцеляриялык кызматтарды аркалай тургандыгын да айта кетишибиз керек. Андан сырткары, аялдардын мамлекеттик жогорку бийлик жана башкаруу бутактарында жана сот мекемелеринде ээлеген орундарынын азайыш процесси күчөп бара жатат.

Ушунун баары аялдардын баалуу чыгармачыл жөндөмдөрүн колдонулбай калышына жана кабыл алынган чечимдерде тең салмактуулугун сакталбай калышына алып келет. Эгерде эркектер үй-бүлө, балдар үчүн аялдардай эле жоопкерчиликте болушса, же аялдардын саламаттык сактоо, шаар куруу же үй-бүлөөлүк иштерди пландаштыруу иштеринин негизги багыттарын аныктоодо эркектердикиндей бийлиги болсо, анда биз билген коомдук иштердин көптөгөн өңүттөрү башка болмок[101].

Борбордук Азия үчүн ишкердик жаңы көрүнүш. Башкаруу чөйрөсүндө адатта аялдар ортоңку жана төмөнкү тепкичтерди ээлешет. Жогорку тепкичтеги аялдардын саны саналуу. Чечимдерди кабыл алгандардын арасында аялдардын аз болушуна эмнелер себеп? Бул көрүнүштү түпкү тамыры патриархалдык аң-сезимде, аялдардын өздөрүнүн саясый күрөшкө даяр эместигинде, жол башчы аялдардын коомдун бардык катмарларында арзырлык колдоого ээ болбогондугунда жатат. Мындай көз караш аялдардын орду жөнүндөгү калып түшүнүктөр менен байланышкан. Биринчи калып түшүнүк – “Саясат ургаачынын иши эмес” жана “Ургаачылыгынан ишти бузду” – эркектердин гана эмес, аялдардын аң-сезиминде дагы бекем орногон. Коомдук аң-сезим азырынча жолбашчынын социалдык элесин эркек менен байланыштырат. Ар бир эркек өзүнүн табийгатынан жолбашчы болушу керек, жана башкаруучу аялдын кесиптик катасы анын жынысына байланыштуу деп саналат.

Экинчи калып түшүнүк – “Күйөөсүнүн жумушу аялыныкынан маанилүү”. Аял гана жумуш менен үй иштерин

---

[101] Гримшоу Д. Идея женской этики//Феминизм: Восток. Запад. Россия. – М., 1993. 28-б.

бирдей алып жүрүш керек деп эсептелет. Көбүнчө аялдар күйөөлөрүнүн карьера жасаганга болгон умтулуусун колдоп, аларды үй иштеринен толугу менен бошотууга аракет кылышат. Ушунун баарына карабастан, аялдардын мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү калып түшүнүктөр акырындап өзгөрө баштады. Башкаруу чөйрөсүндө иштеген көптөгөн аялдардын мисалы алар жумуш менен бирге үй-бүлө иштерин алып бара алышпайт деген калпыс түшүнүктү акырындап жокко чыгара баштады. Үчүнчү калып түшүнүк – "Аял өз ордун билиш керек" – коомчулукта кеңири тараган. Бул түшүнүк анын мүмкүнчүлүктөрүн кескин чектеп, ага иштегенге, окуганга жана жөн эле өз өмүрү менен ырахаттанып жашоосуна кедерги. Бул калып түшүнүк аял жумушта да жана үйдө да негизинен эркекти ыраазы кылуусу керек деген көз карашка байланышкан.

Эркек менен аялдын жүрүм-туруму жөнүндөгү калып түшүнүктөр мифология менен бекем байланышкан. Эркин мүнөздүү жана эрки күчтүү аялдар же жүүнү бош жана жумшак мүнөздүү аялдар коомдогу кадыресе талаптарга туура келбейт. Эркектерге ийгиликтүүлүк, аялдарга баш ийүү жана чыдамкайлык таандыкталат. Иш жүзүндөгү ар кылдуулукка карабастан калып түшүнүктөр адамдарды коюлган талаптардын чегине түртүшөт. Көпчүлүк учурларда, аялдардан кандай гана болбосун күйөөгө чыгып бала төрөөсүн, жогорку ченемдеги чыдамкайлыкты жана патриархалдык адаттарга сөзсүз баш ийүүсүн талап кылышат.

Дүйнө жүзү боюнча аялдар эки себепке байланыштуу эмгек акыны эркектерге караганда аз алышат: биринчиден, аялдар арзан төлөнгөн жумуштарды аткарышкандыгына байланыштуу; экинчиден, көп эле учурда ошондой эле ишти аткаргандыгы үчүн эркекке караганда азыраак акы алат. Дүйнөнүн бир дагы өлкөсүндө, өнүккөн жана аялдар өз укугун коргоодо эң жакшы көрсөткүчтөргө жетишкен өлкөлөрдө дагы, алар эркек менен тең эмгек акы ала албайт. Аялдар аткарган үй жумуштары маанилүү экономикалык иш-аракет катары каралбагандыгын айтпасак да түшүнүктүү.

Кыргызстанда жыныстардын эмгек акысынын ортосундагы айырмачлык 25% түзөт. Жаңы коомдогу кедейлердин өзөгүн аялдар, байлардыкын эркектер түзүшөт. Гиперинфляция карылардын үнөмдөп чогулткан акчаларын жеп койду. Алардын жылдар бою жыйнаган акчасы, пенсиясы эч нерсеге арзыбай калды. Эң көп сандуу жакырлардын тобу – карыган аялдар. Алардын көпчүлүгү зор көлөмдөгү акы төлөнбөс үй иштерин аткаруусун улантышууда.

Статистика көргөзгөндөй аялдардын пенсиясынын көлөмү эркектердикинен төмөн, анткени алар өмүр бою аз төлөнгөн иштерди аткарып, эркектердикине салыштырмалуу наркы төмөн кызматтарды аркалап келишкен. Пенсионер аял – экономикалык жактан көз каранды аялдын таамай өкүлү. Күтүлбөгөн жерден миллиондогон аялдар жакырчылыктын кучагында калышты. Алар башкаларга караганда, бек тутуп жашап келген идеалдардан баш тартуудан жана бул чөйрөдөгү орун алган башаламандыктан көбүрөөк запкы тартышып, эс учун жыя албай калышты. Кеңеш өкмөтү менен чогуу “ардактуу эс алуу” түшүнүгү дагы жок болду. Кичинекей базар оңуттарын изилдөө аялдардын жаңы көйгөйүнө айланды. Азыркы заманда жан багуу мүмкүнчүлүгү табигый чыдамдуулук жана ишкердүүлүк жөндөмү менен аныкталат. Картаң аялдардын жан кейиткен абалын экономикалык тажрыйба жүргүзүлөр менен гана актоого болбойт. Улам тереңдеп бара жаткан экономикалык кризистин жүрүшүндө төмөнкү эмгек акысы, төмөнкү иш адистиги, жөнөкөй аткаруучулук жана эмгек шарттарынын начардыгы, толук эмес эмгек күндүн, көмүскө ишсиздик мүнөздүү болгон жаңы жумушчу чөйрөсү акырындап калыптанууда.

Статистикага таянып, жумушсуз аялдардын төмөнкү топторун бөлүп көргөзсө болот:

- Жумушсуз аялдар;
- Жарым-жартылай төлөнгөн же төлөнбөгөн бала багуу дем алуусундагы аялдар;
- Толук эмес эмгек күн тартибинде иштеген аялдар;
- Пенсионер аялдар;

- Жалгыз бой энелер;
- Көп балалуу энелер;
- Жакыр аялдар.

Бүткүл Борбордук Азия республикаларында орун алган өндүрүштүн кескин кыскарышына байланыштуу көптөгөн ишканалардын жабылышы жана иштеп турган ишканалардагы жумушчу орундардын орчундуу кыскарышы биринчи кезекте аялдарга өз залалын тийгизди. Расмий катталган жумушсуздардын көпчүлүгүн аялдар түзөт. Айыл жергесиндеги аялдардын иш менен камсыз кылуу кызматынан кабары жоктугунан жана андан натыйжа чыгаарына ишенбегендиктен катталбаган көмүскө ишсиздик кеэири таралган.

Чындыгында, жумушсуздукка аялдардын бардык катмарлары чалдыкты. Өзгөчө жумуш орундарынын жетишсиздиги айыл жергесинде сезилет. Бул көрүнүш колхоз, совхоздордун тарашы жана айылдардагы социалдык жана маданий мекемелердин жабылышынан улам пайда болгон. Элдин жашоо деңгээлинин төмөндөшү менен аялдар убактысынан эрте жумушка чыгууга аргасыз болушуп, баланы багып чоңойтууга берилүүчү дем алышты толугу менен пайдалана алышпай калды. Андан сырткары, аялдардын эркектерден болгон экономикалык көз карандылыгы кайрадан арта баштады. Экономиканын кризистик абалынын уланышы жана аны менен коштолгон өндүрүш деңгээлинин төмөндөшү жумуш орундары менен камсыз кылуудагы абалдын уламдан улам начарлашына алып келүүдө. Жумушсуздуктун өсүшү менен жумушчу орундарга болгон муктаждык төмөндөөдө. Жумуш издегендердин катары негизинен жаштардын жана аялдардын эсебинен толукталууда (өзгөчө айыл жергесинде), алардын кесиптик адистиги төмөн, ошондуктан мындай жумушчуларга иш ордун табуу өтө кыйындыкка турат. Айыл жергесиндеги жумушсуздуктун өсүү ыргагы өтө жогору. Ушундай себептерден улам кыз балдарды тамеки, пахта ж. б. айыл-чарба иштеринде колдонууга түрткү болушууда. Улуттук Статистика Комитетинин берген маалыматтарын ылайык

1996-ж. Кыргызстанда калктын 80% жакырчылыкта жашаган[102]. 1996-жылдын апрель айында расмий катталган жумушсуздуктун деңгээли 61,7% жеткен, алардын 56% аялдар түзгөн[103]. Аялдар муктаждыктын жана өздөрүнүн жеңилишин сезгенден сырткары жумушсуздуктан дагы кыйналышууда. Экономикалык абал социалдык нормалардын өзгөрүшүнө алып келди. Көп бутактуу адаттагы үй-бүлөөнүн негизи күчтүү тууганчылык сезимдин өнүккөндүгүндө жатат: мамилелер бирине-бири жардам берүү, кам көрүү принцибинин негизинде курулат. Экономикалык өзгөрүштөрдүн себебинде мындай адаттагы жашоонун негизи кыйрап, кыргыз үй-бүлөлөрү мурдагы жашоо принциптеринен баш тартууга аргасыз болушту.

Муктаждыкта жашаган топтордун арасында жалгыз бой энелер жана алардын балдары кирет. Төрөлгөн балдардын жалпы санын ичинде никеде турбай төрөгөн аялдардын балдарынын саны күн санап өсүп бара жатат. Жалгыз бой энелерге мамлекет арзыбаган колдоо каражаттын төлөйт. “Эски” топтогу (пенсионер, көп балалуу энелердин, жумушсуз аялдардын, жакыр аялдардын бир бөлүгү), “жаңы” топтогу (жалгыз бой энелер, жумуш акы төлөнбөгөн же жарым-жартылай төлөнгөн эс алуудагы аялдар), күнүмдүк жашоодогу жакырчылык көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөзүүгө дуушар кылып, өтө алгыс тоскоолдуктарды жаратып, аларды фрустрацияга кабыл кылышы толук мүмкүн.

Тоскоолдуктарга байлануунун негизинде андан дагы терең механизмдер жатат, ошондуктан бул фрустрациялык учурларда мүнөздүү жүрүм-турумга айланып калышы мүмкүн, б. а. “тыгылып калуу”. Жакырчылыкта узак маал жашоонун кесепетинде (эң жөнөкөй муктаждыктар дайыма канааттандырылбай келсе ) “эски” жакырлардын жүрүм-туруму жакырчылык көйгөйүн чечүүгө багытталбай калат.

---

[102] Женщины и гендерные отношения. Кыргызская республика в переходный период. – Манила.: Азиатский банк развития, 1998. 161-б.
[103] Ошол эле жерде. 159-б.

Алардын муктаждыктарды канааттандыруу деңгээли “жаңы” жакырлардын деңгээлинен төмөн.

Жакырчылыктын чегинен сырткары жашаган аялдарды сыртынан күнөөлөө, алардын социалдык айлана-чөйрөгө жогорку талаптарды коюшкандыгын жана тоскоолдуктарды туура баалай билүүгө жөндөмсүз экендигинен кабар берет. Мындай жүрүм-турум анын иш-аракеттерине жана жүрүм-турумуна терс баа берилген шарттарда адамдын өзүн өзү сыйлоосун сактап калууга болгон умтулуусу. Ал адамдан өзүнөн ийгиликке жетишпегендиги үчүн жоопкерчиликти алып салуучу коргонуу амалы, дайыма айтылган сынга, терс баа берүүгө туруштук берип, өзүн-өзү сыйлоосун сактап кала берүүсү. Жакырчылыкта жашагандар өз абалына тагдыр, жолдуулук менен шартталган деп түшүнүшөт. Алар тышкы күчтөр аларга чоң басым кылат деп ишенишет.

Жетишсиздикте жашаган аялдар фрустрациялык абалды өздөрү чечкенге жөндөмдүү эмес жана жоопкерчиликти алгандан качышат. Сырткы айлана-чөйрөгө жогорку талаптарды коюу жана жоопкерчиликтен качууну өзүнүн мүлктүк абалын жакшыртууга үмүттөнгөн аялдар көргөзүшөт. Бир четинен таламын талаша билүү жана агрессивдүүлүк жапайы рынокто керектүү сапаттар. Экинчи жагынан, айлана-чөйрөгө терс маанайдагы мамиле кылуу кагылышууларга алып келет.

Жашоо деңгээлин кескин төмөндөшүнөн улам жашка чыгып калган жогорку билимдүү аялдар өз абалын мындай өзгөрүшүн калыс эмес деп баалашып, таарыныч сезимдерине алдырышууда. Бул сезимдин бугу айланасындагы адамдарга чыгарылат. Жогорку билимдүү аялдар өздөрүнүн “Менин” коргоого муктаж эмес. Башкача айтканда, билимдүү “жаңы” жакырлар өздөрүнүн иш-аракеттеринин тууралыгына ишенишип алдынан чыккан тоскоолдуктарды ашып түшүүгө шымалана киришишет. “Жаңы” жакыр аялдар канчалык улуу болсо, кыйын кезең учурлардын учугун ошончолук көп өзүнөн издешип, туура иш-аракет кылууга умтулушат. “Жаңы” жакырлар катмарына кирген жаш аялдардын кыйынчылыкка

учураган кезде туура эмес иш-аракеттерге барышы, алардын жашоого болгон талаптары чоң болгону менен экономикалык кыйынчылыктарды башынан өткөзүп жаткандыгы менен байланыштуу.

Жогоруда айтылгандарга таянып томөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарсак болот. “Жаңы” жана “эски” жакырлардын ортосундагы жашоодогу кыйынчылыктарга жооп берүүдө ар башка сезимдерди жана жолдорду колдонушу алардын жашына байланыштуу. “Эски” же “жаңы” жакыр экендигине карабай, адам канчалык улуу болсо, ал турмуштагы болгон кыйынчылыктарды өз алдынча чечүү үчүн ошончолук туура иш-аракеттерди жасай тургандыгы жалпы мүнөздүү көрүнүш.

Айырмачылыктарды айта турган болсок, төмөнкү учурларды белгилей кетиш керек. “Жаңы” жакыр канчалык улуу болсо, ал ошончолук кыйынчылыктарга көп көңүл бурат. Жаштагы аялдар күнөөнү тегерегиндегилерге сейрегирээк оодарышат. “Жаңы” жакырлардын жакыр болгонуна аз эле убакыт өттү, алардын бул абалына алардын иштей албастыгы же балдарынын көптүгү күнөөлүү эмес. Улуу жаштагы “жаңы” жакырлардын кыйынчылыктарга көбүрөөк көңүл бөлүшүнө, кээ бир учурларда, эмне кылаарын билбей отуруп калышына, алардын мурунку мүлктүк абалынын кескин өзгөрүшү себеп болушу мүмкүн. Бирок, улуу жаштагы аялдар кыйынчылыктардын даражасын так аныктабоого аракет кылышат. Балким, узакка созулган экономикалык кыйынчылыкта жашоо, аларга даттануунун, бирөөлөргө күнөө артуунун пайдасыздыгын түшүнүктүү кылып, кандайдыр бир деңгээлде чыр-чатакка көңүлкоштукту жаратты. “Эски” жакырлар социалдык айланага начар ыңгайлашышкан. Билимдүүрөөк аялдардын өзүн-өзү коргоого муктаждыгы бар. Бул алардын “Мененин” алсыздыгы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ошондой эле, бир жагынан, алардын билим деңгээли кыйынчылыктардан чыгууга мүмкүнчүлүк таап берсе, экинчи жагынан ал кайра эле өзүн жашоонун ыңгайсыздыктарынын сезишин күчөтөт, деп болжолдоп жыйынтык чыгарса болот.

Жакырчылыктын чегинен сырткары жашаган аялдардын өздөрүнө карата болгон сырткы социалдык иш-аракеттерди жана инсандын ички жигердүүлүгүн чагылдырган жүрүм-турумдук стратегиясы көп байкалбайт.

